Т.6

**АНАШ СООРОНБАЕВ**

# БАШЫМДАН ӨТКӨН ОКУЯЛАР

АНАШ СООРОНБАЕВ

# БАШЫМДАН ӨТКӨН ОКУЯЛАР

«ШАМ» БАСМАСЫ
БИШКЕК 2002

Инв. № 52383

ББК 84. Ки 7-4
С — 63

**Сооронбаев Анаш.**
С —63 Башымдан өткөн окуялар. — Б.: «Шам» басмасы. — 2002. — 128 б.

ISBN 9967—10—078—8

Булл китепчеде кыргыз журтчулугуна таанымал, Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү, таланттуу акын жана жазуучу, журна- [illegible] башынан өткөн окуяларын баяндайт.

С $\frac{4702300100}{\text{М 455 (11)—2002}}$ —2002

**ББК 84. Ки 7-4**

ISBN 9967—10—078—8

© Сооронбаев Анаш.
© «Шам» басмасы, 2002-ж.

## АВТОРДУН ӨМҮР БАЯНЫ

*Анаш Соронбаев 1930-жылы 1-майда азыркы Жалал-Абад областынын Аксы районуна караштуу Ак-Суу айылында кедей-дыйкандын үй бүлөсүндө туулган.*

*1950-жылы Таш-Көмүр шаарындагы № 2-кыргыз орто мектебин бүтүп, ошол эле Жалал-Абаддагы эки жылдык Мугалимдер институтуна барып кирет.*

*Институттун тарых факультетин 1952-жылы бүтүрүп чыгып, өзүнүн биринчи эмгек жолун комсомолдун мурдагы Жаңы-Жол райондук комитетинде уюштуруу жана кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштөөдөн баштайт.*

*1953-жылы сентябрь айында Кыргызстан ЛКЖС Борбордук Комитети тарабынан Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарына чакырылып, республикалык «Ленинчил жаш» газетасынын редакциясында адабият жана искусство бөлүмүнүн адабий кызматкери жана ошол эле газетанын Ош областы боюнча өз кабарчысы болуп 1955-жылдын май айына чейин иштейт. Кабарчылык штат кыскартылып калгандыгына байланыштуу ал Ош областтык «Ленин жолу» газетасынын редакциясында май айынан ноябрь айына чейин адабий кызматкер болуп эмгектенет.*

*1955-жылдын декабрынан 1958-жылдын февралына чейин ал мурдагы Жаңы-Жол райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт.*

*1958-жылдын февраль айынан тартып Анаш Соронбаев кайрадан журналисттик кесибин улантып, мурдагы Жаңы-Жол райондук «Коммунизм жолу», «Колхоз жолу», «Жаңы турмуш», Ош областтык «Ленин жолу» газеталарында жооптуу катчы, адабий кызматкер, бөлүм башчы, өз кабарчы болуп иштейт. Ал иштеп жүрүп 1965-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун тарых факультетин сырттан окуп бүтүрөт.*

*1970—73-жылдары райондук «Жаңы-турмуш» (азыр «Аксы турмушу») газетасынын редактору, 1973—1975-жылдары кайрадан Жаңы-Жол райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп кызмат аткарат. Бөлүм башчы жана редактор болуп иштеп турган мезгилде ал райондук кеңешке депутат болуп шайланган. 1976-жылдан 1990-жылга чейин райондук «Жаңы турмуш» газетасынын айыл чарба бөлүмүнүн башчысы жана жергиликтүү радио уктуруунун редактору болуп иштеп турган. 1990-жылы пен-*

*сияга чыгып, 1993—94-жылдары Таш-Көмүр шаардык «Таш-Көмүр жарчысы» газетасында адабий кызматкер жана 2001-жылдын февралынан 2002-жылдын январына чейин Жалал-Абад облустук «Акыйкат» газетасынын өз кабарчысы болуп эмгектенет.*

*Анаш Сооронбаев бардык мезгилде журналисттик кесиби менен адабий чыгармачылыгын эриш-аркак алып жүрүү менен көптөгөн көркөм очерктерди, публицистикаларды, ырларды жазып аларды газета-журналдарга жарыялап, республикага белгилүү боло баштайт.*

*Анаш Сооронбаевдин биринчи ыры мурдагы Жалал-Абад облустук «Большевиктик жол» газетасына 1951-жылы 13-майда жарыялангандан кийин анын көптөгөн ырлары жаш акындардын альманахтарына басылган.*

*Ал эми акындын биринчи ырлар жыйнагы 1974-жылы «Тоо жели» деген наам менен «Кыргызстан» басмасынан басылып чыгат. Ошого улай 1978-жылы «Менин ырым», 1986-жылы «Күмүшкан», 1990-жылы «Сары-Челек кайрыктары», 1993-жылы «Аксы баяны» жана «Башкарма» деген ыр китептери жарык көрөт. Акын өз кезегинде «Октябрь шаңы», «Жетилген чынар», «Согуш күнөөлүү», «Мурас», «Жеңижок акынга», «Аксы баяны» деген көркөм поэмаларды жана дастандарды жараткан.*

*Анаш Сооронбаевдин аткаруучулук таланты жөнүндө да сөз кылып кетүүгө болот. Ал райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жүргөн мезгилде тактап айтканда 1957-жылы Фрунзеде (азыр Бишкек) өткөрүлгөн республикалык биринчи фестивалда өзүнүн «Акинай» жана акын Ормонбек Асановдун белгилүү «Айнагүл» (обону Бектемир Эгинчиевдики) деген ырын аткарып, «Фестивалдын лауреаты» деген ардак наамга ээ болуп алтын медаль менен сыйланган. Анаш Сооронбаев комузда чебер ойноо менен «Атамды эскерүү», «Эргүү», «Ойлон кыргыз», «Алтымыш жаш курагым». «Аксы кайрыктары» деген комуз күүлөрүн чыгарган. Өзүнүн бир нече ырларына өзү обон жаратып, комуз менен ырдап жүрөт. Анаштын 50гө жакын ырларына композиторлор жана жергиликтүү обончулар музыка жазып, обондор чыгарышкан.*

*Анаш Сооронбаевдин маданият жана журналистика жагында сиңирген эмгектери өз учурунда бааланып, В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматындагы юбилейлик медаль, «Ветеран труда» деген медаль жана Кыргызстан жана СССРдин журналисттер Союздарынын Ардак Грамоталары менен сыйланган.*

*Анаш Сооронбаев 1959-жылдан СССР Журналисттер Союзуна жана 1990-жылдан Кыргызстан Жазуучулар Союзуна мүчө болуп эсептелет.*

***Өмүр баянын кагаз бетине түшүргөн***
***БЕКТЕМИР БАГЫШКУЛОВ***

## БАЛАЛЫК КҮНДӨР

Менин балалык чагым Ак-Суунун Ак-Сай айылында өттү. Мына ошол балалык күндөрүмдө, дегеле басып өткөн өмүр жолумда айрым бир эсте калган урунттуу окуялар жөнүндө кара сөз менен эскерме жазууну көптөн бери ойлоп жүргөн элем. Бирок, «ана киришем, мына киришем» деп жүрүп, көп жылдарды, убакыттарды бошко өткөрүп жибергениме аябай өкүнөм! Эми кеч болсо да бул эскермени кагаз бетине түшүрүүгө бел байлап олтурам.

Биздин ата-тегибиз айтылуу мундуз уруусунун ожурай тобуна кирет. Карыяларыбыздан алган маалымат боюнча жетинчи атабыз Көкчөкөз, Көкчөкөздөн Чоро, Чородон Назармат, Назарматтан Жээнбай, Жээнбайдан Жанболот, Жанболоттон Үчкемпир, Үчкемпирден Сооронбай. Атамдын Боронбай деген бир тууган иниси (ал 1978-жылы 18-февралында 78 жаш курагында дүйнөдөн кайткан), Сарыгыз деген карындашы (ал 1976-жылдын 5-январында дүйнөдөн кайткан) болгон.

Атам биринчи жолу Бурма деген оготур кызына (ал атактуу Ачар устанын кызы болгон) үйлөнгөн. Биз Аманбай, Ташыке, Шакен, Самаш деген беш бир тууган болгонбуз.

Абам Боронбайдын баласы жок болгондуктан (аялы төрөбөгөндүктөн) мени аларга энчилеп бала кылып беришкен. Ошентип мен кичине кезимде абамдын колунда тарбияландым. Абамдын жубайы Ажар жеңемди ал кезде Ажапа деп атачумун. Апам Бурма 1940-жылы каза тапкандан кийин атам Ажапамдын бир тууган синдиси Айбарчага төшөк жаңырткан. Мындайчасынан айтканда атам менен абам (эки бир тууган) бири-бирине бажа, ал эми Ажапам менен Айбарча (эже-синди) бири-бирине абысын болуп калышкан. Айбарча апабыз атаман Шайбү, Жанышбек, Багышбек, Айтбү, Эмилбек деген уул-кыздарды көрдү.

1941-жылы 22-июнда фашисттик Германия ал кезде-

ги СССРге кол салды. Ошентип дүйнөлүк экинчи согуш башталды. Анда мен Ак-Суу жети жылдык мектебинин биринчи классында окуп жүргөн учурум болчу.

Атам, абам Боронбай, бир тууган агам Аманбай жана жездем (эжем Ташыкенин биринчи күйөөсү) Анарбай төртөө тең бир үйдөн согушка аттанышты. Бир үйдө чоң энем Калбүүш, Ажапам, мен, кичинекей иним Самаш, эжем Ташыке жана анын эки баласы болуп жети жан жашап калдык. Ошентип кыйынчылык күндөр башталды. Багыбызга абам эмгек армиясында кызмат өтөп жүрүп, күтүүсүз кырсыкка кабылып, колтугуна кош балдак таянып, армиядан келип калды. Абам ошол кезде биздин Ак-Сай боюнча армиядан биринчи болуп кайткан жоокер болду. Бул кубанычтуу кабарды угуп, айылдын баш-аягынан элдер ууруп-чууруп келип абам менен кучакташып, кубанычтан көздөрүнө жаш алып учурашып жатышты. Абамдын аскерден аман-эсен келгенине багыштап «Кудайы» өткөрүп, элден ак бата тиледик. Бара-бара абамдын жанбашы сакайып, баягы колтугундагы кош балдагын таштап, кол таяк менен басып калды.

Бирок, батышта кандуу согуш күчөп, айыл-кыштактарда жашаган элдин жашоо-тиричилиги кыйындай баштады. Абамдын кол өнөрчүлүгү бар эле. Ал кол таяк менен басып калгандан бери колхоздун (ал кезде «Кызыл Тилек» деп аталчу) устаканасында иштеп калды. Үйдө да тынч олтура алчу эмес. Жаңгак, өрүк, тал, терек жыгачтарынан аяк, кесе, табак, чөмүч, кашык, соку жана башка турмушка керектүү идиштерди чаап жасачу. Өтүк, чокой ултарып, бут кийимдерди жамачу. Ак-Сай айылы боюнча адамдардын сакалын, чачын алып, чач тарачтык да кылчу. Кыскасы колу усулдуулук жана өнөр жагынан айылда абамды алмаштырар эч ким жок болчу. Ал жөнүндө Ак-Сайлыктардын бардыгы жакшы билишет.

Чоң энем абамдын чапкан идиш, аяктарын куржунга салып алып, айыл кыдырып, оокаттуу адамдарга тартуу кылып, ун, буудай, жүгөрү, арпа аштыктарын өндүрүп келчү. Ошентип абамдын устачылыгынан табылган кирешелер менен эптеп жан багып жаттык. Ал эми айылдарда ачкачылык улам күчөй берди.

1943-жылы Таш-Көмүр шаардык статус алып, мурдагы Таш-Көмүр району Жаңы-Жол деп аталып, райондун борбору Малгалды кыштагына көчүп келди. Күндөрдүн

биринде биздин үйгө колхоздун башкармасы келип, иним Самашты Кой-Таш кыштагында жаңыдан ачылган балдар үйүнө (анда Детдом деп аталчу) жибермекчи болушту. Анда ал алты жашта болчу. Мен инимди балдар үйүнө жиберүүгө каршы чыгып, анын ордуна мени жибергиле деп айтсам, колхоздун башкармасы «сен чоңсуң, Детдомго жаш балдар барат» — деп, болбой койду. Ошентип иним Самашты эртеси күнү башка балдар менен кошо Детдомго алып кетишти. Мен коштошуп, ыйлап-ыйлап узатып кала бердим.

Бирок, Кой-Таштагы балдар үйүнөн көп узабай эле суук кабарлар келе баштады. Балдар үйүндө нормалдуу шарт, жылуулук болбогондуктан, тамак-аштын жетишсиздигинен жаш балдар оору-сыркоого учурап, ал жерде адам чыдагыс оор абал түзүлгөн. Балдар набыт боло баштаган. «Сооронбаев Самаштын абалы оор, алып кеткиле» деген кагаз келди.

Ал кезде Ак-Суудан мурдагы Жаңы-Жол районунун борборуна баруу чоң азап болчу. Машина жол болбогондуктан ат, өгүз, эшек менен Бурчуке же Жалпак-Таш аркылуу каттачу. Детдомдон келген кагазды алары менен Ажапам (өз аты Ажар) колхоздон бир өгүз сурап, Кой-Ташка (балдар үйүнө) жөнөп кетти. Бул учур 1943-жылдын апрель айы эле. Бир түнөп, эртеси иним Самашты өгүзгө мингизип алып келди. Баланын акыбалы өтө эле оорлошуп калган экен. Бүткөн боюн шишик басып кетиптир. Ал келгенде же биздин үйдө тамак-аштын жайы жок, арпа нан, арпа атала ичип олтурганбыз. Таза буудай ун кайда ал кезде? Иним Самаш бар болгону биз менен 12 күн бирге жашап, арсыз ажалдын курманы болду. Бир тууган инимден, жатындаш жан бооорумдан айрылуу мен үчүн өтө оор болду. Кучактап өксүп-өксүп ыйладым. Самаштан айрылуу менин жүрөгүмдөгү оор кайгы болду. Аны биздин үйдөгүлөр «Ленин болот» деп эркелетишчү. Башы Лениндин башындай чоң болчу. Беш жашында кадимкидей жазууну үйрөнүп, эсеп чыгарууну да жакшы өздөштүрүп, зээндүүлүгү жагынан баарыбызды таң калтырчу. Мен андан көп үмүткөр элем. Тилекке каршы Самашым жашында жайрап, ачкачылыктын сары оорусунан улам көз жумуп, бизди кайгыртып кете берди. Иним Самаштын артынан эжем Таңыкенин Саатбек жана Самаркан деген балдары каза болду. Эки перзентинен эрте ажыраган эжем алардын

күйүтүнө чыдай албай Өзбекстандын Үч-Коргон районунда жашап жүргөн атамдын бир тууган карындашы Сарыгыз эжемкине барып убактылуу баш калкалоого аргасыз болду.

1943-жылдын күзүндө бир тууган агам Аманбай Архангельск шаарындагы аскер бөлүгүндө кызмат өтөп жүргөн кезинде катуу ооруга чалдыгып, армиядан кайтып келди. Бир тууган агамдын армиядан аман-эсен келгенине жетине албай кубандык. Бирок, анын жашоосу да көпкө узаган жок. 19 жаш курагында, он гүлүнөн бир гүлү ачыла элек убагында, кырчын жаны кыйылып, жарыктык дүйнө менен кош айтышты. Ошентип биздин үй бүлөдө кайгы үстүнө кайгы үйүлө берди. Караанын кара тоодой көрүп, медер тутуп жүргөн агамдан да айрылып, канатым кайрылып, капа болуп кайгырып кала бердим.

Күндөрдүн биринде Ажапам: Анатай (ал киши мени дайыма атымдан айтпай эркелетип ушинтип атачу), жездең Анарбайдан почтого 350 сом акча келиптир. Жанагыз (ал бир тууган эжем Ташыкени ушинтип тергечү) болсо өзү алат эле. Башкарма (ал кезде «Кызыл Тилек» колхозунун башкармасы Осмонов Орозбай болчу, ошону айтып жатат) «Сооронбаев Ташыкенин заем үчүн төлөбөй кеткен карызы бар. Анарбай күйөөсүнүн салган акчасын анын ошол карызына кармап алгыла» деп, эсепчисине айтып жатканын угуп калдым. Андыктан сен почтого тезинен жетип, жездеңин салган акчасын алып келегой, тезирээк барбасаң, башкарма акчаны почтодон алып коёт — деди.

Мен ошол замат почточу Салима эжеге (жазуучу жана журналист Ильгис Гилязетдиновдун апасы) жетип келип, жездем Анарбайдын фронттон салган 350 сом акчасын алып, үйгө келдим. Ажапам, «ырас кылдың Анатай, башкармадан мурда барып акчаны апкелгениң жакшы болду. Акчаны азыр эле чоң энеңе алып барып берип кайра кел, жер айдайбыз» — деди. Мен Ажапамын айтканын орундатып, 350 сомду чоң энеме берип, кайра келдим. Келип Ажапам экөөбүз огородду айдоого кириштик. Мен аттардын башын жетелеп, Ажапам сокону кармап жаңы эле ишти баштаган элек. Аңгыча төмөнтөн башкарма Осмонов Орозбай алдына минген ала жоргосун катуу салдырып келе жатканын көрүп Ажапам, Анатай, эми бекем бол, башкарма сөзсүз бизге кайрылып, сен апкелген акчаны сурайт. Сен «кийимим жок үстүмдө, жездемин акчасына кийим алып кийем»,— деп айт деди.

Ооба, Ажапам айткандай эле башкарма Орозбай чоң жол менен чаң уюлгутуп келе берип, атынын башын түз эле бизди көздөй бурду. Чоң түп жаңгактын түбүнө келип, атынын башын кейкейте тартып, үзөңгүсүн чирене тепкен калыбында: «эй бала, аттын башын токтотуп, бери кел» — деди. Мен анын жанына жакындаша бергенимде: «акча кана? Апкел быякка, эжең Ташыкенин заемдон карызы бар, ошол карызына жаткырабыз»,— деди.

— Ал акчаны Сизге бере албаймын, үстүмдө, бутумда кийимим жок. Жездемин салган акчасына кийим алып кийемин,— дедим.

— Кийим алып кийгидей ал сенин Сооронбай атаңын акчасы беле деди? — башкарма мага көздөй опурулуп.

— Анан Сиздин Осмон атаңыздын акчасы беле? — дедим. Менин айткан бул сөзүм ага өтө эле катуу тийсе керек.

— Ии, жубарымбек десе, бул сөздү сага ким үйрөткөн? Эки жашабай жатып, мунун айткан жообун карасаң — деп, атынан ыргып түшүп, камчысын үйүрүп, мени көздөй ынтылып калды. Мен сайды көздөй тызылдап качып жөнөдүм. Ага жеткизгидей эмесмин. Качып баратып бет маңдайымды карасам чоң энем Калбүүш эки челегин ийнине асып, суу алганы Мойноктон түшүп келе жаткан экен, Чоң энем артыман сая кууп келаткан башкарма Орозбайды көрүп — Оо куу мурут, кубалаба, баланын жүрөгү түшөт — деп кыйкырып калды.

Сайдагы суунун жээгине келгенде кандайдыр токтоп туруп калдым. Башкарма жетип келип, оң жак кулагыма муш коюп жиберди. Кулагым жаңырып, өзүм чаңырып жибердим, болду Озоке, акчаны берейин, эми урбаңыз,— деп, башымды андан ала качып, коргонуп жаттым.

Аңгыча чоң энем да жетип келип: — «Оо куу мурут, урба баланы, колуң сынгыр, жаш балада эмне күнөө? Кудай жазаңды берсин, эмне дейин, Кудайга тапшырдым, адамды кордосоң сага да Кудай көрсөтөр күн келер» — деп, башкарманы каргап жатты.

Жаагымды сыйпаласам кулагымдан кан атып кеткен экен. Агып жаткан канды көрүп чоң энем ого бетер албууттанып: — бул эмне кылганың, өлүгүңдү көрөйүн желмогуз! Баланын кулагын жайлапсың карачы, кан чыгып жатат. Сенин балаңды бирөө ушинтип урса сен эмне дээр элең? Сага окшогон эр азаматтар Мекенин коргоп кан кечип жүрсө, сен минтин кутуруп жаш баланын

бети-башын кандап уруп, уялбай акча талашып жүрөсүң? Шашпа, акыры сага Кудай көрсөтөр кез келер,— деп, менин кулагымдан аккан канды аарчып, башкарманы каргай берди.

Башкарма Орозбай: Ташыкенин заемдон карызы бар,— дегенден башка сөз айта албады.

Ошентип чоң энем эки челегине суу алып ийнине салып, экөөбүз ээрчишип Мойнокту ашып үйгө келдик. Болгон окуяны энеме айтсам, ого бетер капа болуп,— акчанын бардыгын алып барып бересиңби? — деп калды.

— Жок чоң эне, 200 сомун алып калыңыз, ага 150 сомун гана берем,— дедим.

— Ал ач көз ошого макул болор бекен? — деди чоң энем.

— Макул болсо-болбосо да калганын бербейм,— дедим. Ошентип 150 сомду башкарма Орозбайга алып келип берсем,— калганы кана? — деди.

— Айтпадымбы, үстүмдө кийимим жок,— деп. Ага мен кийим алып кийем,— дедим. Унчукпай 150 сомду колумдан алып, чөнтөгүнө салып, ала жоргосуна минип жөнөп кетти. Согуш мезгилиндеги айылдык чоңдордун зордук-зомбулугу мына ушундайча болгон.

Ушул жерде Орозбай башкарма жөнүндө бир-эки ооз айтып кетүүгө туура келди. Ал көп жылдар бою Ак-Суудагы «Кызыл Тилек» колхозунда башкарма болуп иштеп, өзүнүн каардуулугу, заардуулугу жагынан аябай аты чыккан адам болгон. Аны сыйлагандар «Озоке» деп, ал эми кордугун көрүп, запкы жегендер «куу мурут», «кызыл көз», «кызыл камчы» деп аташчу. Чындыгында да ошондой болчу. Өзүнө каяша айткан же жалкоолук кылып, колхоздун ишинен качкан адамдарды жүзүнө карабай сөгүп, камчы менен башын кандап сабап жиберчү. Көзү кыпкызыл, сүрдүү адам болчу. «Осмонов келатат» дегенде бешиктеги ыйлап жаткан бала да сооронччу. Албетте чарбаны уюштуруу жагынан ал райондогу тажрыйбалуу, кадыр-барктуу башкармалардан болгондугун калыстык менен айта кетсек туура болор. Ал башкарма болуп турган жылдары «Кызыл Тилек» колхозу мурдагы Жаңы-Жол районундагы эң алдыңкы колхоздордон болгон.

Ошентип 1944-жыл да кирип келди. Согуш дагы эле жүрүп жатты. Элет жерлеринде элдин абалы ого бетер оорлоду. Бирок, ошого карабай бардык тапкандарын

фронтко, мекен үчүн кан төгүп, душман менен салгылашып жаткан жоокерлерге жөнөтүп жатышты. Фронтко деп, жылуу кийим, тон, чепкен, кол кап, байпак, кургатылган өрүк, жаңгак, курут, май жана башка азык-түлүктөрдү посылка кылып жөнөтүп, тезирээк Жеңиш келер күндү самап жатышты.

Айрыкча согуштун төртүнчү жылындагы ачарчылык эстен кетпейт. Элдин курсагы ач болгондуктан чырыч, алгы, сопкелди деген тоо өсүмдүктөрүн кайнатып жей баштышты. Жаш балдар чогулуп алып, Кулдурак, Сары-Үнкүр деген тоолорго барып, алгы казып келчүбүз. Алгыны жууп, элекке сүрүп, анан сууга тундуруп, крахмалын кургатып алышчу. Алгынын крахмалы өтө берекелүү оокат болот. Жарым казан сууга бир ууч алгы крахмалын салсаң жетиштүү. Аны сүт катыктап ичсең курсагыңды ток кармайт.

Ошондой эле алма, өрүктөрдү быша элек кезинде эле, казанга кайнатып жей баштадык. Ал эми буудай, арпа дүмбүл болгон кезде отко, казанга куйкалап жеген күндөрүбүз болду. Иши кылып бышыкчылыкка чейин эптеп өлбөй аман калуунун амалын көрүп жашадык. Курсагыбыз ачканда, «кагылайын Кудай, нандын бетин көрөр бекенбиз, курсагыбыз тоёр нан жээр бекенбиз»,— деп тилек кылчубуз. Албетте ачкачылыктан өлгөн адамдар да аз болгон жок, ошол каардуу согуш жылдарында. Аны айта берсе өзүнчө узун жомок. Айрыкча безгек, котур жана башка жугуштуу оорулар эл ичин тегиз каптап, бул өзүнчө эле бир трагедиялык көрүнүшкө айланды. Бирок канчалык кыйынчылык өкүм сүрүп турса да адамзаттын жашоосу улана берет тура! Согуш майданында тартип канчалык катуу болгон болсо, тылда да ошончолук бекем тартип болгондугун биз жакшы билебиз. Ал кезде мектеп окуучулары колхоздун негизги күчү, ишеничи болгон. Алдуу-күчтүүлөр армиягы кетип айыл-кыштактарда жалаң гана кемпир-чалдар, аялдар жаш балдар калган. Кабыргабыз ката электе колхозго иштеп, жүгөрү чаап, чөп байлап, темин айдап, буудай орup, машак тердик. Бригадир кандай иш буюрса, үн дебестен, моюн толгобой аткарганбыз. Мен үчүнчү класста окуган кезимден тартып колхоздо иштей баштадым. Анда бир да техника жок. Айыл чарба жумуштарынын бардыгы жалаң кол күчү менен бүткөрүлчү. Ошентип 1944-жылы чоң энемден да ажырадык. Ал киши дайыма Кудайга

тооба кылып «жүгүрүп жүрүп, мүдүрүлүп ал» деп айтар эле. Анан дагы: Айланайын Кудай, Сооронбайымдын көзүн көрүп өлсөм арманым жок. Ошол баламдан топурак буйругулук кыла көр, айланайын Теңирим»— деп, тилек кылчу. Бирок чоң энем атамдын көзүн көрбөй, өзү айткандай арманда кетти! Жети күн ооруп жатып дүйнөдөн кайтты. Абам Боронбай ак сүтүн берген апасы — менин чоң энемден ыраазылык сурап, өз колу менен узатты. Кайран чоң энем: «Сооронбайым, Сокеним келдиби аскерден? Уулумдун көзүн көрсөм-ээ» деп зар какшап жатып көз жумгандыгы алигиче көз алдымда элестеп турат.

Күндөр өтүп жатты. Дагы эле согуш басылбайт. Атамдан кат да келбей калды (атам өзү кат билчү эмес, бирөөлөргө жаздырып кат жөнөтчү). А мен болсо атама он-он беш күндө бирден кат жазып, почтадан жөнөтө берчүмүн. Бирок, ал каттарымды атам алабы, же жокпу, ал жөнүндө кабар келчү эмес. Ал эми жездем Мырзатаев Анарбайдан кат үзүлбөй келип турчу. Ал каттарында күнжара жеп каза болушкан Саатбеги менен Самарканын сурап жазчу. Мен жездемин көңүлүн калтырбайын деп, алардын каза болгондугун айтпай, «аман-эсен чоңоюп жүрүшөт» деп жооп кайтарчумун.

Согуш жылдарында окуучулук турмуш да кыйын болгондугун айта кетүүгө туура келет. Ал кезде окуу китептери, калем, кагаз, дептер жетишсиз болуп, латын тамгасында басылган эски китептерди таап, ошого жазчубуз. Сыя жок болгондуктан бөрү карагаттан, бүлдүркөндөн сыя ачытып, камыштан жасалган калем менен жазар элек. Ал кезде бүтүн кийим кайда? Ичибизде без көйнөк, сыртыбызда чапан же таар чепкен, бутубузда кам териден жасалган чокой. Ошого карабастан (турмуштан жүдөп бүтсөк да) билим алууга болгон ынтызарлыгыбыз күчтүү эле.

Мен биринчи класстан тартып эле жакшы окучумун, айрыкча кыргыз тили менен адабиятты, тарых, география сабактарына кызыкчумун. Анан өзүм да ышкылуу үй бүлөдө өстүм. Анткени абам да, атам да комуз чертишчү. Атам кээ бир күндөрү бозо ичип кызып алганда комузга добушун кошуп, ырдап калар эле. Ал эми абам болсо Токтогулдун, Карамолдонун, Ныязалынын күүлөрүн шаңдантып чертчү. Ажапам болсо темир ооз комузду ышкыртып кагып, жагымдуу добушун кошуп ырдап берер эле. Абам кээде көңүлү жибип, илхамы келип, ыш-

кысы артып турган чагында: «кел Анатай, комуздун башын тиште» — деп калчу. Ал мен үчүн өзүнчө рахат болчу. Абамдын комузунун башын тиштеп, көзүмдү жумуп, ар бир черткен күүсүн кумарланып угар элем. Мына ушундан улам менин барган сайын комузга болгон тартылуум, кызыгуум, шыгым арта берди.

Кээде абам бир жакка конокко же базарга кеткен күндөрү комузун алып, ээн сайга барып, кулагын толгоп-толгоп чертип-чертип, анан кайра өз ордуна илип койчумун. Муну абамдын билип коюшун анда кайдан билем. Бир жолу абам мени катуу урушуп калды, жубарымбек, комуздун кулагын бурап, маңги кылып салыпсың. Экинчи ирет ушинтип көр, колуңду сындырамын!

Бирок абамдын урушканына деле болбой ал үйдө жокто комузун алып алып, каалагандай чертип жүрдүм. Анткени комузга мени абам өзү кумарлантып, кызыктырып салбадыбы. Айрым күндөрү үйдө эч ким жокто абамдын комузун алып, үйдүн ары жагындагы кичинекей жылгага олтуруп алып комузун чертип, ага үнүмдү кошуп кыйкырып ырдай берчүмүн! Үнүмдү угуп, үстүмө бирөө кокусунан келип калса аябай бетим кызарып, катуу уялып калчумун.

Мектептен жайкы каникулга чыккан кезде адаттагыдай эле колхоз бригадиринин карамагында болобуз. А дегенде эшмеге чыгып, буудай, арпа, конок, зыгыр отойбуз. Анан жүгөрүнүн түбүн жумшартып, чабылган чөптөрдү боолайбыз. Андан соң буудай оруму башталат.

Мен бирге өскөн курбуларым Курбан Муратов, Райымбек Молдомуратовдор менен бирге кырман кезинде көбүнчө темин айдап жүрдүм. Карапаш, Мурат, Кемел деген аксакал карыялар дайыма жай мезгилинде кырманда иштешчү. Карапаш абам айрыкча мени жакшы көрөр эле. Ал — аа байкушум, атаң Сооронбай аскерден аман-эсен келип калса сенин да бактың ачылар. Кана, атаңы, апаңы, акеңи кошуп ырдап койчу — деп, сурanып калар эле. Ошондо ырдаган ырларымдан айрым эсимде калгандарын келтирейин:

Тилекти Кудай берсе экен,
Фашистти элим жеңсе экен.
Аскерге кеткен атакем,
Аман-эсен келсе экен.

* * *

Көңүлүмдү ачпадым,
Көзүмдү ыйлап жаштадым.
Куурайдай болуп арыктап,
Курсагым тойбой ачкамын.

* * *

Пионерге алындым,
Кызыл жагоо тагындым.
Саргайып дайым сени ойлоп,
Сагындым ата, сагындым.

* * *

Айлындын чети жар бекен,
Жар бойлоп тиккен тал бекен.
Аскерге кеткен атамды,
Көрөр күнүм бар бекен.

* * *

Шартына көнүп агымдын,
Тагдырыма багындым.
Сар-санаа тартып ченемсиз,
Сагындым ата, сагындым.

* * *

Аскерге кеткен атамдын,
Аманын тилеп жатамын.
Кусадар кылган мендейди,
Кудайым сага капамын.

* * *

Сүрөтүң көзгө элестеп,
Жүрөмүн ата сени эстеп.
Күүгүмгө чейин жол карайм,
Күнүгө атам келет деп.

* * *

Бозбунун башы кар бекен,
Ак-Сайдын суусу шар бекен.
Апамдан эрте ажырап,
Тагдырым менин тар бекен.

* * *

Аманбайдан айрылып,
Армандуу болдук кайгырып.
Самаштан дагы айрылып,
Санаага баттык кайгырып.

* * *

Чоң энемден айрылып,
Чоң кайгы тарттык кайгырып.
Качан атам келет деп,
Караймын карек талдырып.

* * *

Атаке укпай кабарың,
Сазына баттым санаанын.
Көңүлүм чөгүп бук болдум,
Көралбай сенин карааның.

* * *

Эгерде тагдыр консочу,
Кудайым чындап берсочи.
Келсечи атам келсечи,
Кейитпей мени көрсөчү.

* * *

Санаам сага бөлүнөт,
Санаага башым чөмүлөт.
Атаке сени эстесем,
Көзүмдөн жашым төгүлөт.

Ушинтип моло ташка чегилген кош атым менен кырмандын огун тынымсыз айланып, үнүмдү катуу чыгарып ырдай берер элем. Бир жолу дагы атамы, апамы, акеми, үкеми кошуп ырдап жатсам, чаркаптын көлөкөсүндө эс алып олтурган Карапаш абам менин ырымды угуп, сакалынан ылдый жашын агызып ыйлап жатыптыр. Аны көрүп алып мен да шолоктоп ыйлап жибердим. Анан Карапаш абам ордунан туруп келип,— аа байкушум, силердей балдарды ата-энесинен ажыратып мүшкүлгө салган Гитлер асти оңбосун! Ал согуш баштабаса сенин атаң Сооронбай да менин жанымда кырман басып иштеп жүрмөк. Ылайым, арызың Кудайга жет-

син балам, башка эмне дейин. Сенин ырыңды угуп, мен да курбум Сооронбайдын кыял-жоругун эстеп, жашып кетпедимби! Анатай күн да ысып кетти. Аттарды чыгарып, өзүң да көлөкөгө олтуруп эс алып ал — деп калды. Анан салабаттуу чоң колу менен менин мойнумдан кучактап, көзүмдүн жашын аарчып, атам экөө жашынан бирге жакын курбу-жолдош болуп бирге өскөндүгүн, экөө көңүлү жакын сырдаш болгондугун, атамын эмгекчилдигин айтып, менин көңүлүмдү көтөрүп койду.

— Атаң биздин «Кызыл Тилек» колхозундагы эң алдыңкы баба дыйкан болчу. Колхоз боюнча буудайдын, арпанын, жүгөрүнүн үрөнүн ошол сепчү. Кышкысын күч аттарды багып чыкчу. Кыскасы жылдын бардык мезгилинде атаң тынчу эмес. Ага теңелип иштейбиз деп биз чарчап, суй жыгылчубуз. Бир сөз менен айтканда атаңда атан төөнүн күчү бар болчу. Ага эч кимибиз тең келе алчу эмеспиз. Дыйканчылыктан ар жыл сайын мол түшүм алып, аны өнүктүргөндүгү үчүн атаң 1936-жылы Маскөөгө эпкиндүү колхозчулардын биринчи Курултайына биздин Таш-Көмүр районунан делегат болуп барып, Сталинди көрүп келген. Атаң ошол Маскөөгө барганын, анда көргөндөрүн дайыма, эл чогулган жерде оозунан түшүрбөй айтып отурар эле. А биз болсок көз ачкандан бери ушул Ак-Суудан башка эч жерди көргөнүбүз жок. Атаң мына ушундай асыл адам эле. Туз буйруп бир күнү жарк этип келип калгысы бардыр. А көрөкчө ушинтип атаңдын аманын Кудайдан тилеп, ырдап жүрө бер балам. Жашсың, Кудай жаштын тилегин берет — деп, мага өзүнүн акылнасааттарын айтып келип, атаңды башкарма Осмонов Орозбай бронь менен согушка жибербей алып калса болот болчу. Бирок, ошого анын маани бербегенине мен да капа болдум. Башкарма өзү да «Сокеми бронь менен алып калсак болмок экен» деп, эми өкүнүп, бармагын тиштеп жүрөт — деп, ачык сырын айтканы али да эсимде.

Бир күнү Ак-Суудан башкарма Осмонов Орозбай баштаган чоңдор келип, орокчулар менен чогулуш өткөрөт экен деген кабар болуп калды. Кырмандын чеке-белин тазалап, шыпырып, тартипке келтирип, талаада жайнап жаткан буудай боолорун айдын түнкү жарыгында орокчуларга көтөртүп кырманга ташытып, чачылып жаткан чаркапты дагы бийиктетип жыйып, үйүлүп жаткан кызылдарды түнү менен сапырып, иш кызуу жүрүп жатты. Кырман кызылга толуп кетти.

Айткандай эле болжолдонгон күнү Ак-Суудан башкарма баштаган чоңдор Тилекеге келип калышты. Осмоновдун жанында көк гимнастерка, көк галифа шым, көк шапке кийген орто бойлуу толмочунан келген кызыл тору кишини партиянын райондук комитетинин биринчи секретары Надырбек Абдырахманов деп тааныштырышты. Чогулушту Осмонов Орозбай ачып, сөздү ошол райкомдун секретарына берди. Ал мүнөзү оор басырыктуу ойлонуп, таамай сүйлөгөн сөзмөр киши экен. А дегенде согуш майданындагы абалды төмөндөгүдөй мазмунда баяндады.

— Немецтик баскынчылардын жеңилишине аз калды, туугандар. Азыр алар улам артка чегинип, алдастап турган учуру. Биздин куралдуу күчтөр жерден да, абадан да душмандын үстүнөн үстөмдүк кылып аларды үйүн көздөй чегиндирип, баатыр, тайманбас жоокерлерибиз улам чабуулду күчөтүп, ийгиликтен ийгиликке жетишүүдө. Демек, сиздер канчалык жакшы иштеп, мамлекетке арбын эгин берсеңиздер, жеңиш күнүн ошончолук жакындаткан болосуздар. Мына бул кырманыңыздардагы дөбө-дөбө болуп үйүлүп жаткан кызыл буудайды көрүп, мен ушунчалык ыраазы болдум. Бул ишиңиздер үчүн Сиздерге райкомдун бюросунун атынан рахматымды айтамын, туугандар! Демек, Германиянын борбору Берлинге жеңиш туусу илинер күн да алыс эмес! Ишиңиздерге ийгилик каалайм!

Райкомдун биринчи секретарынын сөзүн кунт коюп уктук. Андан кийин Осмонов Орозбай сөз алып сүйлөп, буудай орууда алдыңкыларды мактап, жалкоолорду какшыкка кактап, анан дан эгиндерин оруп-жыйууда жана мамлекетке дан тапшырууда алдыдагы милдеттер жөнүндө кеңири баяндады. Эртеси 13 төө жетелеген казак жана элүүдөн ашык эшек айдаган кашкарлыктар келишип, кырманда дөбө-дөбө болуп үйүлүп жаткан ак буудайларды капташып, мамлекетке төгүү үчүн Таш-Көмүр шаарындагы дан кабыл алуучу борборду көздөй чиркешип жөнөп кетишти.

Адатта кырманда темин айдаш бир жагынан жеңил иш көрүнгөнү менен анын да өзүнө жараша азабы күч. Аны мен өз башымдан өткөрдүм, кечке чейин ат желдирип кырманды айланып жүрө берип, көчүгүң талып, зеригесиң. Тажагандан кээде аттан түшө качкың келет.

БОРБОРДУК КИТЕПКАНА
Инв. № 5238

Анын үстүнө мээ куйкалаган саратанда денең шалдырап, бүткөн боюң талыкшып, чарчагандан улам көзүң илинип кетип, ат үстүнөн жерге кулап түшкөн күндөр кантип эстен чыксын!

Турмушта ар кандай күтүүсүз окуялар да кездешет экен. Бир күнү кечинде катуу суусап, чаркаптын түбүндө турган кателоктон суу жутуп атып, тамагыма буудайдын кылканы кадалып калса болобу? Кылкан же ары кетпейт же бери чыкпайт. Чакап-какап, айлам түгөндү. Досум Райымбек: — нанды чайнабай бүкүлү жутуп жиберсең, кылкан нан менен кошо ары кетет — деди. Кайра-кайра ошенттим. Эч арга болбоду. Кылкан тамагымды кысып туруп алды. Алманы чоң чайнап жут дешти. Аны да кылдым, болбоду. Чамамда кылкан таңдайыма сайылып калгандай болду, оозумду толтура, суу жута бердим, кылканды ары айдап кетсин деп. Ага да болбоду. Ошентип таң аткыча тамагым кысылып уктай албай кыйналып чыктым. Эртең менен күзгүдөн карасам тамагымдын төрүнөн саргайып кылкандын башы көрүнгөнсүйт. Эми бу кылкан же ары кетпей, же бери чыкпай кызыл өңгөчүмдү кыйып салса кантем? Сарсанаага батып ойлоно берип заматта жүдөп, арыктап кеткендей сездим өзүмдү. Тамагым болсо кызарып шишип чыкты. Оокат да өтпөй калды. Мени чындап коркунуч басты. Кылкандан кызыл өңгөчүм кыйылып өлөт окшоймун деп ыйласам, Райымбек ортогум үстүмө үйрүлө түшүп: ыйлаба орток, бу кылкан сени эч нерсе кылбайт, өзүнөн өзү ар жакка кетип жоголот. Сабыр эт орток — деп, мени сооротуп, боорукерлигин көрсөтүп жатты.

Түшкө жакын Ак-Сууга кеткен кырман башы Карапаш абам да келип калды. Сезимдүү кексе карыя кашкабагым бүркөлүп, ыйлай берип эки көзүмдүн шишип калганын дароо байкай койду:

— Эй бала, эмне, сенин бир жериң ооруп турабы? Эмне эле мынча сабырың суз? — деп, жаныма келди. Ошондо Карапаш абама ыр менен жооп берип турган жерим:

Кылкан жутуп тамагым,
Аба, шишип кетти карагын.
Эсимди жаман кетирди,
Эбин кантип табамын.

* * *

Тамагыма кадалды,
Эми табамын кантип амалды.
Ырбап кетсе тамагым,
Аба, ырдай албай каламбы?

Карапаш абам, «эмне деп жатат? Чын эле кылкан жутуп алдыңбы»? Кантип?

— Жөн эле суу ичем деп.

— Кана, оозуңду аччы, көрөйүн.

— Тамагым аябай ооруп жатат деп тамагымды араң ачып көрсөттүм эле:

— Ии байкушум чын эле, тигине кылкандын башы кылтайып көрүнүп турат,— Райымбек — деди, Карапаш абам: — тигил куржундун ичинде шишеде сары май бар эле. Ошону мында апкеле койчу.

Райымбек заматта шишени таап жетип келди. Күндүн ысыгында шишедеги сары май көлкүлдөп эрип калган экен. Чай пиялага толтура куюп, ушуну аягына чейин ичесиң. Жанагы кекиртегиңдеги кылканды ушул сары май жибитип, күчүн кетирип жок кылат. Коркпо балам, эч нерсе болбойт,— деди Карапаш абам көңүлүмдү көтөрүп.

Карапаш абам айткандай бир пияла майды уурталуурттап олтуруп бардыгын ичип салдым. Эртең менен туруп күзгүдөн карасам, Кудай жалгап баягы кылкан жок, көрүнбөйт. Эми гана жан өзүмдүкү болуп жашоодон үмүтүмдү үзбөй:

Ак-Суудан келип абакем,
Тамагымды майлады.
Абакем берген сары май,
Кылканды кууп айдады.
Ачылып бүркөө кабагым,
Эми Анаштын көөнү жайдары,
Ыраазымын абама,
Кылканга тапкан айланы,
Узак өмүр сүрүңүз,
Аба, өмүрдөн көрүп пайданы — деп,

кылкандан кутулганыма кубанып, ырдап жиберсем, Карапаш абам баш болуп алып жанында турган адамдардын баардыгы каткырып күлүп калышты. Ошентип тамагыма сайылган кылкандан мени Карапаш абам куткарган. Анын бул жакшылыгын өмүр бою унутпаймын!

Биз Тилекедеги биринчи кырмандын буудайын жанчып бүтүп, эми Кара-Байырдагы экинчи кырманга көчтүк. Дагы эле Райымбек Молдомуратов экөөбүз теминчибиз. Темин айдаганыбызга эки айдан ашып калды. Бизди башка балдар менен алмаштырышкан жок. Тажап бүттүк. Жакында биринчи сентябрь келет. Мектепке окууга барууга даярданышыбыз керек. Мен төртүнчү класстамын. Ал эми Райымбек жашы мени менен тең болгону менен ал али мектеп бетин көрө элек. Турмуш шартына жараша окубай калган.

— Орток, сен сөзсүз окушуң керек. Сени мен өзүм алып барып биринчи класска киргиземин — десем, анда Райымбек: — орток, мен он бирге чыгып калдым. Биринчи класска өзүмдөн кичүү балдар менен кантип отурам ыя? Чоңоюп калыпсың деп биринчи класска албай койсо кантем? — деп өзүнө-өзү ишенбей эки анжы ойдо жүрдү. Бирок, мен кандай болсо да мектепке киргизүүгө бекем убада берип, аны окууга үгүттөй бердим.

Бир күнү биздин кырманга Ак-Суудан Акылбек деген темир уста келип калды. Карапаш абам, — Акылбек, сен бизге келгениң абдан жакшы болбодубу! Теминдеги аттардын туяктары жейилип, таптакыр баса албай калды. Өгүнү мында Орозбай башкарма келгенде бул жөнүндө эсине салып айткан элем. Сага башкарма дайындаса керек. Ушундайбы?

— Ооба, Капаке, башкарманын өзү:

— теминдеги аттарды такалап берип келиңиз, аттар такасы жок бужүрөп баса албай калыптыр — деп, атайын мени сизге жиберип олтурбайбы!

— Ии, анда абдан жакшы болуптур, урушта туруш жок деген эмеспи, убакытты өткөрбөй ишке кирише берели. Кана балдар, аттардын моюнчасын чыгарып, бирбирден мында жетелеп келгиле — деди, Карапаш абам, — жакшылап такалатабыз. Антпесек жаныбар аттар туяктары желип, баса албай калбадыбы! Жөн эле көрүп туруп, адамдын боору ооругудай.

Райымбек экөөбүз аттарды теминден чыгарып кезеккезеги менен жетелеп келе баштадык. Акылбек аке төрт атты тез эле такалап салды. Аңгыча түш болуп, бардыгыбыз түшкү тамакка олтурдук. Тамактанган соң Райымбек экөөбүз аттарды Коңколойдун булагына сугарып келип, отко койдук. Райымбек экөөбүз чаркаптын көлөкөсүндө жатып, көзүбүз илинип кетиптир. Бир убакта

Карапаш абамын — Анаш, Райымбек! Тургула, күн бешим болуп калды, аттарыңарды апкелип теминге кошкула. Жаңы такаланган аттардын таскагын көрөлү — деп, кыйкырып калды. Райымбек экөөбүз шаша-буша туруп, көзүбүздү ушалап, аттарды көздөй чуркадык.

Мен сарала атты жетелеп келип, моюнчасын кийгизип жатканымда ат мени омуроолоп келип, сол бутумду ныгыра басып туруп алса болобу. Бутум, бутум, ат бутумду жайлады — деп, кыйкырып жибердим. Омуроосунан ары күчүмдүн бардыгынча итерип жатып, аттан бутуму араң бошоттум. Көзүмдөн от чагыла түштү. Карасам жаңы эле каккан таканын бөркү бутума батып кеткен экен. Кара-кочкул кан бутумдан тыйылбай агып жатат.

— Дагы силерге эмне болуп кетти? — деп, Карапаш абам жаныма басып келди.

— Карабайсызбы, ат бутумду жайлап салды,— дедим.

— Этият болбойсуңбу өзүң.

— Этият эле болдум. Чоң атка менин күчүм жетеби, аба?

— Деги өзүң мээнетке жакын бала экенсиң, апкелчи бери бутуңду, жаңы каккан таканын бөркү батып кеткен турбайбы! Оо байкушум десе. Карапаш абам кейипкепчип, бутумду чүпүрөк менен таңып берди да, аттарды теминге өзү кошуп, мени көтөрүп жанагы сарала аттын үстүнө кондуруп койду да: — бутуңду баскан акысына бул аттарды аябай чап. Акыңды алып ал балам — деп, ары жакта отурган Акылбекти көздөй басып кетти.

Мен бутумду жарадар кылган сарала атты текиреңдетип чаап, өчүмдү алып жаттым. Анын коштоосундагы тору ат да андан калышпай чуркап, моло ташты батперек кылып айлантып, буудайдын саман-топонун чыгарып майдалап жиберди. Бирок, ат баскан бутум сыздатып ооруп чыкты. Аттан түшүп олтуруп алайын деймКарапаш абаман корком. Көз жашымды төгүп, ыйлап да алдым. Айла канча? Ишти токтотууга мүмкүн эмес. Тигил батышта кан күйгөн согуш жүрүп жатса... анан мен ушуга чыдабайымбы» — деп, өзүмө-өзүм кайрат берип, теминди текиреӊ салдырып айдай бердим. Ошол учурда жаным сыздап, минтип ырга кошкон элем:

Карапаш абам Ак-Суудан,
Акылбекти чакыртып,
Атыма така кактырып.

Моюнчасын салам деп,
Бутумду алдым бастырып.
Көп тартып кыйынчылыкты,
Көрбөдүм деги жакшылык.
Жаныма салып азапты,
Бутуман тынбай кан акты.
Отурсам-турсам чыдатпай,
Оорусу күчөп баратты.
Кырсыкка башым туш болуп,
Кыйналуу менен таң атты.

Күндүн ысыгында ат баскан бутум шишип, мык кирген жери ириңдеп кетти. Чолоңдоп араң басам. Атка өзүм мине албайм. Кырманчылар көтөрүп мингизип коюшат. Анын үстүнө эки айдан бери үй бетин көрбөй, үстүмдөгү кийимим жыртылып, чачым өсүп, аябай жүдөп кеттим. Анан да минтип бутумду атка бастырып, кошумча азапка туш болуп отурбайымбы!

Бир күнү чак түштө аттарды чыгарып, отко коюп, алачыктын көлөкөсүндө олтургам. Баягы ат баскан бутум зырпылдап ооруп, көңүлүмдү кыраа кыла берди. Жарааттын оозундагы картын сыйрып карасам, ары жактан ак көбүкчө чыгып, анын арасында кара баштуу бир нерселер кыбырагансыйт. Аны көрүп чочуп кеттим. Колум менен чукусам курт экен. Ары жакка кирип жашынып калышты. Бутумду зырпылдатып ооруткан ошол курттар экен. Чындап эле бутум курттап кеткенби — ия деп ыйлап жибердим. Эми эмне кылам...!

Ыйлаганымы угуп, Карапаш абам жаныма жетип келди.

— Ой, дагы эмне болуп кетти?

— Бутум курттап кетиптир, мени Ак-Суугa доктурга жеткириңиз, аба. Бутумдан ажырап, чолок болуп калсам эмне болот?

— Чын айтып жатасыңбы, шумдугуң кургур?

— Анан Сизди алдап жатат дейсизби? Мына, бир куртту чукуп алдым. Калгандары ары жагына кирип кетишти жашынып.

— О байкушум десе, деги өзүң мээнет-шорго жакын жан экенсиң — деп, Карапаш абам кейип-кепчип сүйлөнүп калды. Анан ашканачы Айша энеден сүзмө алып келип: — ушуну аз-аздан жарааттын үстүнө сыйпап, бутуңу мына бул чүпүрөк менен ороп, кыймылдабай олтур. Курт ошол сүзмөгө чыгат. Улам чыкканын

алып таштап, сүзмөнү жаңыртып жараатыңа тарта бер. Ошентип жараатта болгон курттун бардыгы сүзмөгө чыгып бүткөн соң, бутуңду ысык суу менен жакшылап жууп, жакшылап таңып беремин — деди.

Карапаш абам айткандай сүзмөнү биринчи жолу жараатка тартканымда үч курт, экинчи жолу жаңыртып тартканымда эки курт, үчүнчүсүндө бир курт чыкты. Төртүнчүсүндө эч нерсе чыккан жок. Сүзмөнүн бетине чыккан курттарды Карапаш абам менен Кемел абам көрүп: — байкушум, дагы чыдап жүргөн экенсиң да — деп баштарын чайкашты.

Ошол сарала ат баскан бутумдун жараатынын тагы азыр да бар.

Сентябрь айы жакындаган сайын биздин чыдамыбыз кете баштады. Кырмандагы буудай басылып, кызылданып бүткүчө бизге жооп берчүдөй эмес. Эми эмне кылуу керек? Бир гана качып кеткенден башка айла жок. Ошентип Райымбек экөөбүз качып чыгуунун планын түздүк. Бир чатак жери биз буга чейин дайыма кырманчылар менен түнкүсүн бирге жатып келгенбиз. Эми алардан кантип бөлүнүү керек? Ошонун амалын ойлонуштурдук. Бир күнү мен кечки тамактан кийин калп эле «ичим эле ичим» — деп, ооналактай баштадым. Дагы эмне болуп кетти? деп Карапаш абам менин жаныма басып келип, ичиме колун тийгизип: эмне жедиң эле? — деп, такып сурай баштады.

— Эч нерсе деле жеген эмесмин, кечээ ачык жерде жатып суук тийип калса керек. Мурдатан эле ушундай ич оорум бар болчу, аба. Эгер макул десеңиз бүгүн Райымбек экөөбүз тигил самандын арасына эле жылуу жатып алсак, ичим басылып калар — дедим калп эле анткорлонуп.

— Ийе, айланайын андай болсо мейли. Чын эле самандын ичи жылуу эмеспи. Басылып калар ошенткиле,— деп Карапаш абам уруксат берди.

Ошентип биз кырманчылардан обочодо турган буудай бакалдын арасына эрте эле кирип жатып алдык. Анткени эртең менен таң ата электе тигилерге билгизбей самандан сойлоп чыгып, аларга көрүнбөй жол тартышыбыз керек.

Райымбек экөөбүз өзүбүзгө керектүү буюмдарыбызды, идиш-аяктарыбызды ашканадан билгизбей алып чыгып алдык. Таң атканча уктабай жатып, таң атар алдында бакалдын арасынан сойлоп чыгып, тобокел деп

жол тарттык. Сай ылдый келе берип, чоң жолго түштүк. Кичинекей мойнокту аша бергенибизде сол жагыбыздагы жолдон бирөөнүн кобураган дабышы угулуп калды. Ал да биздин караанибызды байкап калды көрүнөт.

— Ой, силер кимсиңер? Кайдан келатасыңар? — деп кыйкырып калды. Мына эми колго түшпөдүкпү? Тигил адам Карапаш абамдын өзү экен. Биздин качканыбызды байкап, артыбыздан кууп чыккан экен деген ойго кеттик. Райымбектин үнү чыйылдак, ал жооп берсе таанып коюшу мүмкүн ошондуктан мен доошумду чоң адамдын доошундай жоон чыгарып:

— Биз жолоочубуз. Майлы-Сайдан келатабыз — дедим. Кудай жалгап Карапаш абам менин добушумду тааныган жок.

— Силер каякка барасыңар? — деди.

— Таш-Башатка барабыз — деп, жооп бердим.

— Жолдон ат көрө алдыңарбы? — деди.

— Жок жолдо ат көрүнбөдү. Ошентип акыбалдан чыгып кеттик. Ал киши бизди баамдай алган жок.

Эми жан өзүбүздүкү болду. Артыбыздан кууп келип калбасын деп дикилдеп чуркап жөнөдүк.

Ооба, чын эле Карапаш абам күн сайын эртең менен эрте туруп, аттарыбызды оттоп жүргөн жеринен таап, кырманга алып келип байлап койчу. Бүгүн да ал адаттагысындай аттарга бизден мурда туруп кеткен тура.

Ошондо жолдо качып келатып минтип ырдаганым эсимде:

Райымбек экөөбүз,
Саманга жаттык жанаша.
Тилекеде кырмандан,
Качып чыктык таң ата.
Колго түшсөк өлмөкпүз,
Көргүлүктү көрмөкпүз.
Ак кыянын жолунан,
Ак мектебим көрүндү.
Досторум эске түшкөндө,
Санаам санга бөлүндү.
Көңүлдө иштер өтөлүп,
Көтөрөм качан көңүлдү.

Райымбек экөөбүз биринчи сентябрь болгондуктан кокус үйгө барабыз деп, башкарманын колуна түшүп кал-

байлы деп, түз эле мектепке келдик. Райымбекти түз эле биринчи класска отургуздум. Ал биринчиден мектепке киргендигине, экинчиден колхоздун жумушунан (теминден) кутулганына аябай сүйүнүп, бул ишти турмушка ашырган мага өзүнүн ыраазылыгын билдирди. Ал эми биздин класстын окуучуларын башкарма мектеп деректиринен сурап алыптыр. Мен шорум куруп кайра колхозго келип, 15 күн Эшмеде темин айдадым.

Кийин уксак биз качканда кызык болуптур. Карапаш абам аттарды таап келип: Анаш, Райымбек! Айланайындар тургула! Аттарды теминге кошкула, салкында ишти арбыталы — деп, кыйкыра бериптир. Бизден добуш жок. Карапаш абам болсо балдар катуу уктап калыптыр — деп, саман, бакалдарды бир сыйра бешилик менен оодарып чыгыптыр.

Анда кырманчы Кемел карыя: — Карапаш, абайлай көр, кокус бешилик менен балдардын курсагын жарып алба,— деп айтат дейт. Акырында самандын арасынан бизди издеп таба албаган Карапаш абам: аа атаңдын көрү, болду, болду, баягы таң эртең мененки «Таш Башатка барабыз» — деп, мени алдаган ошол жубарымбектер турбайбы! Алар экенин билбей калганымды көр! Эми эмне кылабыз Кемелбай, балдардан чындап эле кол жууппуз,— деп бешилигин жерге сайган боюнча үшкүрүп отуруп калды дейт кайран киши...

1945-жыл. Ошентип төрт жылдан бери зарыгып күткөн жеңиш күнү да келди. «СССР Германияны багындырыптыр» деген кабарды укканда төбөбүз көккө жеткендей кубанып, бири-бирибизди кучактап, «ураа, Жеңиш» деп кыйкырганыбыз түк эсимден чыкпайт. Анда мен бешинчи класста окучумун. Мектепте чоң чогулуш болуп, деректирибиз Сейиткулов Сман чыгып сүйлөп, баардыгыбызды 9-май Жеңиш күнү менен куттуктаганы али күнгө эсимден чыкпайт.

Согуш басылган соң аман калган жоокерлер биринин артынан экинчиси туулган жерге кайтып келип жатышты. Бирок, дагы эле менин атаман кабар жок. Камтама болуп сар-санаага баттым. Эмне үчүн согуш басылса деле атам келбейт?...

Күндөрдүн биринде мектептен келип, талаадан куурай терип келүү үчүн бир топ балдар адырга чыктык. Экиге бөлүнүп алып топ чапмай ойнодук. Ошондо Жусупбеков Акыш деген бала экөөбүз оюндагы кыраамчы-

лыктан улам айтышып кеттик. Ал мага караганда өктөмүрөөк, анан да аксымыраак эле. Экөөбүз анча эле чукулдашып сөгүшкөнгө чейин бардык. Бир кезде Акыш: сенин атаң согушта өлүп калган. Аны сен билбей жүрөсүң, тирүү болсо атаң алигече келбейт беле? — деп, айтып жиберсе болобу?

Күтүүсүздөн уккан бул суук сөз менин сезимиме катуу тийди. Шаабайым сууп, шалдая түштүм. Оюнду таштап, терген куурайымды таңып көтөрүп, үйдү көздөй жөнөдүм. Жолмо-жол ыйлап келдим. Чын эле Акыш айткандайбы? Ал кайдан укту болду экен? Же үйдөгүлөр бул жөнүндө мага айтышпай жүрүшөбү? Мына ушундай күдүк ойлор тынчымды ала берди.

Куурайымды көтөрүп үйгө келсем, Ажапам үйдө экен.

— Ийе Анатай, эмне көзүң кызарып калган? Балдар менен уруштуңбу? — деп, сурап калды.

— Жок... Жусупбеков Акыш мага жаман сөз айтты,— дедим.

— Ал кандай сөз? Айта бер.

— Айта албай жатам...

— Айта албай турган ал кандай сөз экен?

— Ал атаң согушта өлүп калган деп айтты деп өпкө кагып ыйлап жибердим.

— Акыш жанын жесин, ал калп айтат. Оозу таш капсын анын. Акем (Ажапам атамды ушинтип тергечү) тирүү, жакында келет. Биз да эл сыяктуу кубанабыз. Ыйлаба садагаң болоюн. Кел куурай терип курсагың да ачкандыр. Тамагың даяр, ичип ал,— деп Ажапам мени сооротту.

Акыштын айткан ошол сөзүнөн кийин мени терең ой басты да калды. Акышты көргүм келбей, аны менен ойногонду да койдум. Көңүлүм андан муздады. Ар кандай уйгу-туйгу ойлор жүрөгүмдү ээлеп алды. Балдарга да мурдагыдай кошула албай өз алдымча коомайланып, чүнчүп кеткендей болдум. Сабакка болгон дилгирлигим да суугандай боло түштү.

Мектепке атайылап балдардын артынан жалгыз барам. Мектептен чыккандан кийин да балдардын артынан жалгыз келем. Куурай тергенге да эч кимге кошулбай жалгыз барчу болдум. Өзүм менен өзүм болом. Өзүм менен өзүм сүйлөшөм. Кээде ээн талаада асманга карай кол жайып: «Айланайын кудай, согулайын кудай, атам согуштан аман келсе экен. Атамдын көзүн көрсөм

экен» — деп, өзүмчө күбүрөнүп Теңирден тилене берем. Буга чейин деле ушинтип келгем. Анткени чоң энем көзүнүн тирүүсүндө «Кудай жаштын тилегин берет, дайыма жакшылыкты тилегиле» деп көп айтуучу. Бул сөздү Карапаш абаман да көп жолу уккамын. Жаратканга жалбаруу менин жаш кезимде эле калыптанган.

Ошентип сарсанаа баскан күндөр да артта калып, 1945-жылдын ноябрь айында атам армиядан алты саны аман-эсен келип калды. Баягы Акыш деген баланын айтканы калп болуп чыкты.

Ошол күнү абам экөөбүз эшикте малдарга тоют, жем берип жүргөнбүз. Ажапам кечки тамакка кам уруп олтурган. Төмөнтөн бир атчан көрүндү. Артында учкашкан адамы бар. Карап олтура бердик. Чоң жол менен келе берип, бурулушка келгенде аттын башын биздин үйдү көздөй буруп калды. Кандайдыр бир белгисиз кубаныч жүрөгүмдү булкуп алды. Абам: артында учкашканы аскер кийимдүү экен, Сооронбай окшойт — деп калды. Аңгыча эле: «Энем-оой, энем-ой, эми кайдан көрөм-оой» деген добуш чыкты. Чын эле атам экен. Абам экөөбүз да тамдын дубалын карап «Энем-оой, Энем-оой» — деп, өкүрүп калдык. Атам аттан түшүп бизди көздөй боюн таштады. Абам экөөбүздү кучактап алып, бир топко чейин чоң энемди жоктоп ыйлады. Атамы атка учкаштырып келген Нурбай деген киши экен. Ал үйгө жакындашканда чоң энемдин каза болгонун атама угузуп коюптур. Ошондуктан атам өкүрүп келиптир. Биз бирибирибизди кучактап ыйлап жатсак Нурбай аке: Соке, койгула, сабыр кылгыла, Калбүүш энемдин арбагы ыраазы болсун — деп, баардыгыбызды тыйып, кана Соке, үйгө кирели — деди. Ичкери кирдик. Төрдө Ажапам чоң энемди кошуп ыйлап олтурган. Нурбай аке: — Ажар, болду эми ыйыңды токтот, андан көрө мына Сокемин аскерден аман-эсен келип калганына кубанбайсыңарбы,— деп анан чоң энемдин арбагына арнап куран түшүрдү. Куран окулуп бүткөндөн кийин баардыгыбыз атам менен кайра баштан кучакташып көрүшүп, кубанычтан аккан көз жашыбызды жашыра албадык. Анан атам мени алдына алып, мойнумдан өөп-жыттагылап — Аманбай кайда? Самаш кайда? деп сурап калды. Кудай жалгап Ажапам менден мурда озунуп: Аке кичине бала армиядан келе элек, Самаш болсо Айбарча менен (биздин экинчи апабызды айтып жатат) Беш-Койдо — деп жооп бере салды.

Ошентип атамдын алдында мени оор жүктөн куткарып кетти.

Эртеси эчки союп, «кудайы» өткөрдүк. Кабар уккан элдердин баары убап-чубап келип, атам менен кучак жайып учурашып жатышты. Элдин аягы сууган учурда айыл аксакалдары чогулуп, атамды ортого алып олтуруп калышты. Мен аны сездим. Азыр алар Аманбай менен Самаштын каза болгонун айтып угузушмак. Атам да бир нерсенин ишаратын туйгандай болуп, тиги кырка тартып олтургандарга шектүү карап калды. Сөздү биринчи болуп баягы Карапаш абам баштады:

— Соронбай, ушул Ак-Сайда экөөбүз бирге өсүп, колхозго бирге кирип, бирге иштедик. Тагдыр экен, мен айылда калып сен армияга кеттиң. Мына алтын башың аман туулган жериңе кайтып келип, эл, жериңди эсен-соо көрүп олтурасың. Ал эми кан майданга сени менен бирге аттанган не бир эр азаматтарыбыздын айрымдары аман кайтышса да көптөрү кандуу согуштун курманы болуп, аларга туулган жердин топурагы да буйрубай калды. Айрымдары дайынсыз кетти. Баардыгы Кудайдын буйругуна байланыштуу болот турбайбы. Алланын амирисиз эч нерсе болбойт. Өзүң билесиң, бул жарыктыкка келген баардык жумуру баш тигил дүйнөгө тирүү барбайт, баардыгыбыз көрөр күнүбүз, ичээр суубуз түгөнгөн кезде өлүп барабыз. Ал эми тагдырда ар кандай. Бирөө эрте кетсе, бирөө кеч кайтат. Бу ажал дегениң айтып келбейт, ал адамдын кары-жашына карабайт экен го!

Ушул сөздөрдү айтып бүтүп, Карапаш абам төр жакта олтурган Ажапам баш болгон зайыптарга көз белги берип койду эле, алар кошок кошуп ыйлап киришти. Атам чоочуп кетти.

— Капаш, деги тынччылыкпы? — деди атам олтургандарга суроолуу карап.

— Соронбай, күйүткө өзүңдү алдырбай кайрат кыл,— деди Карапаш абам. Аманбай менен Самаштан да айрылганбыз. Кечээтен бери сага ушуну айталбай биз да кыйналып олтурабыз. Кудайдын кылганы экен. Тагдыр экен. Эмне кылабыз. Аманбай армиядан ооруп келип, көп өтпөй дүйнөдөн кайтты. Самашың болсо Детдомдон ооруп келип, көз жумду. Эми кайрат кыл, башка айла жок. Кудайым артын кайыр кылсын!

— Кудайымдын бул эмне кылганы, айланайын туугандар! Мен аларды сагынып келбедим беле? Үчөөнөн

тең айрылган экенмин да? Айткылачы айланайын туугандар, мен алардан ажырап, кудайыма не жаздым? Ошентип атам Аманбай менен Самаштын каза болгонун угуп, көкүрөгүндөгү муңун, жүрөгүндөгү ыйын чыгарып, ыйлап жатты. Атамдын жанында олтурушкан анын замандаштары да көз жаштарын тыйбай атам менен кошо кайгыга батып олтурушту. Ар кимиси атамдын көңүлүн алып, туугандык акыл насааттарын айтышып, атама мындан аркы турмуштук бакты-таалайды, аман-эсендикти каалашты.

Ага деле болбой атам: — бир эмес үч адамдан айрылып, ичим эзилип кайгырып турам туугандар. Мындай орду толгус кайгыга туш келем деп ойлогон да эмес элем. Эми кантем? Согушта тарткан азабым да аз эмес элего! Менин жүрөгүмдү ким кубантып, көңүлүмдү ким көтөрөт, айланайындар айткылачы? — деп, адам жүрөгүн сыздаткан сөздөрдү айтып, олтургандарды оор түйшүккө салды.

— Ийе, Соронбай! Сен бийерде кайраттуу жан элең го. Эмне согушка барып, кайратыңды алдырып келгенсиңби? Мындай оор кайгы бир эле сенин башыңа келген жок, баланы атадан, атаны баладан айрыган согуш апааты баардыгыбызды кайгыга салбадыбы? Кой эми, көп ыйлап, көп кайгыра бербе. Өзүңдү бекем карма. Кызың Ташике, балаң Анашың бар. Ушуларга каниет кыл. Ушулардын убайын көр. Али башың жаш. Согуш алдында никелешип кеткен жубайың Айбарча бар. Ал сени аскерден аман-эсен келсе экен деп Кудайдан тилеп күтүп жүрдү. Мына, алтын башың аман экен, сак-саламат келдиң, эми эңсеген турмушуңар кайрадан башталат. Балалуу-чакалуу болосуңар. Эми мындан ары тынччылык заман болоор, жоголгондордун орду толоор. Мына жаман балаң (мени эркелетип айтып жатат) Анашың сен аскерге кеткенден бери менин колумда темин айдап, жаш да болсо бизге караан болуп, чоң жардам көрсөттү. Ал дайыма сенин амандыгыңды жатса-турса да Кудайдан тилеп, сени ырга кошуп ырдап жүрүп чакырып алды. Айланайындын жаны эсен болсун. Бул баладан келечекте бир нерсе чыгат. Анын сени кошуп ырдаган ырларын угуп, анан сени эстеп, айласыздан сакалымдан жашымды агызып ыйлаганымды силерден кантип жашырайын! Соронбай, балаңдын мына ушундай өнөрү бар. Эми көп эле ойлонбой, кайгырбай, бошошпой белиңди бекем бууп, үй бүлөңө

баш бол! Үзүлгөн турмушуңду улап, ылайым мындан аркы жашоо турмушуңдун ырахатын көр! Кана эмесе молдоке, Куран окуп коюңуз — деп, Карапаш абам Ахмед молдого ишарат кылды. Куран окулуп, олтургандар алакан жайып бата кылышып, атама кайрат айтышып, бардык жакшылыктарды каалашып, таркап кетишти.

Атамын аскерден аман-эсен келгендиги жөнүндө Беш-Койдо атасы Ызабек карыянын үйүндө жашап турган апабыз Айбарчага сүйүнчү кетти. Кубанычтуу кабарды угаары менен а киши келип, атам баарыбыз кайра чогулуп бир үйдө жашап калдык.

Карапаш абам айткандай, атам күжүрмөн, эмгекчил, дыйкан адам эле. Аскерден келери менен үйдө көп олтурбастан колхоздун жумушуна чыкты. Кышында Карапаш абам экөө колхоздун аттарын багышып, жаз чыгаары менен өзүнүн мурдагы кесибин колуна алып, кош айдап, үрөн септи. Ооба, жүгөрү, буудай, арпа, сулу, зыгыр, конок болобу, айтоор бардык өсүмдүктөрдүн үрөнүн атам өзү сепчү. Ал эми бышыкчылык маалында кырманда эгин бастырчу. Ырасын айтканда дыйканчылык боюнча атамдын аты район, область, республикага чейин макталып, сүрөттөрү басма сөз беттеринде нечен ирет басылып чыккандыгын элдин баары жакшы билишет.

## МЕНИ ФЗОго АЙДАГАНДА

Ошентип согуштан кийинки тынчтык мезгил, кайра куруу иштери жүрүп жатты.

1946—47-окуу жылында мен мурдагы Ак-Суу жети жылдык мектебинин (азыр Арстаналы Осмонбеков атындагы орто мектеп) жетинчи классында окучумун. Күндөрдүн биринде мектептен келип, балта, жибимди алып, үйүбүздүн маңдайындагы тескейден отун алып жүргөмүн. Аңгыча эле биздин үйдүн жанындагы чоң жаңгактын түбүнө бир атчан киши келип туруп калды. Карап баамдасам айыл кеңешинин секретары Калыбеков Надырбек экен. Ал деле биздин тууган болот. Биз аны Надыке деп койчубуз. Ал мени көрүп: — Эй бала, балта, жибиңди алып, тез бери өтүп кел — деп, кыйкырып калды. Эмне болуп кетти? — деп, шашкан бойдон жетип келип, Надыкеме салам айтып, учураштым. Анан ал менден түз эле: — канчага чыктың? — деп, сурап калды.

Мен эч нерсе деле оюмда жок: — он төрттөмүн, Надыке — дедим.

— Атаңдын чокусу, он төрт эмес он алтыга чыгыпсың, айыл кеңешинин короо книгасында ушундай жазылып жүрөт. Кыскасы сен Кызыл-Кыяга ФЗОго (жаштарды жер астындагы шахталарда иштөө үчүн атайын даярдоочу окуу жайы) барасың. Беш күндүк тамагыңды, кружка, кесеңди, кашык жана эки сыйра кийимкечеңди алып, азыр тезинен жөнө. Айыл кеңешинин кеңсесинин эшигинде Момуш, Ороз, Төрөбектер сени күтүп олтурушат. Ошолорго кошулуп, бүгүн кечке Таш-Көмүргө барышыңар керек. Башка сөз жок, бол, тез жөнө...

— Надыке, алар менден улуу, чоң балдар эмеспи? Мен алардан кичүүмүн го — десем: — сен ичиңден жашап калганыңды билбей алардан кичүүмүн дейсиң, короо книгасында 16 жашта деп жазылып турасың го? Же мен сага жалган айтып жатамбы? Мени менен жаакташпай тез жолго чык. Сөз бүттү.

— Андай болууга мүмкүн эмес, мен 1930-жыл эмес, 1932-жылы туулганмын. Алардан эки-үч жаш кичүүмүн.

— О мамадана, мени менен айтышпай жолго түш, деп атам.

— Мен жетинчи класста окуп жатпаймбы? Окуум эмне болот?

— Ой бала, сенин окууң менен менин кандай ишим бар? Мен айтканды аткар, сөз бүттү...

Эмне кылаарымды билбей апкаарып калдым. Үйдө өзүмдөн башка эч ким жок болчу. Төмөн жакта атам кош өгүз менен колхоздун жерин айдап жатканын жана мектептен келе жатканда көргөн элем. Түз эле атама келип, болгон окуяны айтсам: — Аманбай менен Самаштан эрте ажырадым эле, эми сенден да айрылат экенмин да,— деп үшкүрүнүп отуруп калды. Ырас эле ал кезде ФЗО жөнүндө элдин арасында пикир жакшы эмес болчу. «ФЗОго баргандар кайра кайтпайт экен» деген имиш сөздөр таркап кеткен. Атам ошондон улам жогорудагы сөздөрүн айтып жатпайбы.

— Ата, сиз айтпадыңыз беле 1932-жылы туулгансың деп. Надыкем болсо короо книгасында 1930-жылы туулган болуп жүрөсүң, он төрт эмес он алты жашка чыгыпсың деп жатат — дедим.

— Ал туура эмес айтат, мүмкүн жашыңды оңдоп ФЗО-

го айдап жатса керек. Ал анын колунан келет — деп атам.

— Мейли ата, эмнеси болсо да бара берейин. Мен мектепте отличникмин, жакшы окуймун. Мүмкүн ошону эске алып ФЗОдон калтырып коёр — деп, айыл кеңешинин кеңсесин көздөй кеттим. Атам башын жерге салып ойлонгон калыбында мени көз кареги менен узатып калберди.

Кеңсеге келсем баягы Надыке айткан балдар жок. Ал жердегилерден сурасам: а алар бая эле кетип калышкан. Алигече Ак кыядан ашып кетишпедиби,— дешти.

Анда эми эмне кылсам экен? — деп ойлонуп, мектептин деректоруна кайрылып көрсөм кантет? Жакшы окуйт эмесминби. Мүмкүн деректир агай калтырып коёр деген ойдо анын кабинетине барып, окуяны баяндадым. Деректирибиз Сейиткулов Сман болчу, окуу бөлүмүнүн башчысы Жумабек Келешбаев экөө олтурган экен.

— А эч нерсе эмес, балам, бара бер, жашың жете элек, сени ФЗОго албайт. Таш-Көмүрдөн кайрылып келесиң,— деп койду. Эми айлам түгөнүп, балдардын аркасынан кууп жөнөдүм. Ак кыяны аша бергенимде нөшөрлөп жамгыр куйду. Чокоюмду чечип, ийниме асып алып, дикилдеп чуркап баратам. Балдарга жетпей койдум. Ушунчалык узап кетишкенби? Кеч кирип кетсе кантем? Ээн сайда карышкырга жем боломбу? деген опурталдуу ойлор келди башыма. Жамгыр куюп жатат. Үстү-башым суу болду. Ошондо да болбой добушумду бийик чыгарып ырдап баратам:

Жашымды оңдоп Надырбек,
ФЗОго мени айдады.
Балалык кезде башыма,
Азапты салды кайдагы.
ФЗОдон калып калууга,
Табамын кантип айланы.

* * *

Балдарга качан жетем деп,
Күйүгүп чуркап баратам.
Жан адам көзгө көрүнбөйт,
Алды-артымды карасам.
Аларды кууп жетпесем,
Адашам жолдон адашам.

* * *

Ак-Суудa туулуп чоңойуп,
Таш-Көмүр шаарын көрбөгөм.
Беттешип жатам утуру,
Бей тааныш далай жер менен.
Табалбай тигил балдарды,
Талаада калат өңдөнөм?!

Ушинтип ырдап баратсам, сол жагымдагы үңкүрдөн: — Анаш, каякка, бери чыгып кел — деген добушту угуп чоочуп кетсем болобу? Добуш чыккан жакка жалт карай берсем баягы Момуш Арстанбеков, Төрөбек Субанов, Ороз Меңдигулов жана алар менен кошо Райымбек Молдомуратов ортогум төртөө жамгырдан корголошуп олтурушуптур. Аларды көрүп кубанып кеттим.

Алар менен учурашып, болгон ишти баяндап, мени да Надыкем силерге кошуп ФЗОго айдады десем, Момуш аке: — сен бизден үч жаш кичүүсүң, сени Надырбек акең Осмонов Орозбай абанын баласы Сүйүналынын ордуна жашыңды короо книгадан чоңойтуп, ФЗОго жөнөтүп жатпайбы. Аны мен жакшы билем. Чындыгында повестка ошо Орозбаев Сүйүналыга келген болчу, биз менен ФЗОго ошол барыш керек эле. Сен байкуш Сүйүналынын ордуна кетип жатасың. Мейли үкө, эч нерсе эмес, Таш-Көмүр шаарын көрүп келесиң — деп, сөз чындыгын айтып салды.

Нөшөрлөп жааган жамгыр да басылды. Биз жолго чыктык. Каз деген жерде жолдун боюнда Алымкан деген эжебиздики бар экен. Курсагыбыз ачып ошол үйгө кайрылып калдык. Жарма жасап олтурган экен. Казанга жабылган ысык нанды жармага туурап жеп, курсагыбызды тойгуздук. Момуш аке чоңкочосунан сүйлөгөн сөзгө чебер, куудул бала болчу. Анын жетинчи классты бүткөнүнө үч жыл болгон, колхоздо табелчилик кылат. Курсак тойгондон кийин ал минтип сөз баштап калды.

— Балдар, бизди ФЗОго алса эч нерсе эмес, бара беребиз, акыбызды бирөөгө жедирбейбиз. Буйруганын көрөбүз. Турмушка бышый элек Анашка кыйын болот. Экинчиден, Анаш азыр жетинчи — бүтүрүүчү класста окуп жатат. Мектепти бүтүрүшүнө бир гана ай калды. Жок дегенде бизге окшотуп мектепти бүтүргөндөн кийин айдаса деле болмок. Бизге го баары бир, бирок, Анаштын келечеги бар, ал окуусун дагын улантышы керек. Ошон-

дуктан балдар, силер туура тапсаңар Анашка жакшылык кылалы да, аны ушул жерден качыралы, үйүнө кете берсин, кандай дейсиңер?

— Момуш, сенин айтканың туура, бу жаш бала ФЗОго барса кыйналат. Андан көрү өзүң айткандай мектепти бүтүп, окуусун андан ары улантсын,— деп Субанов Төрөбек аке анын сөзүн кубаттады. Алардын пикирине Ороз аке макул болду. Ошентип мен алардын тилине кирип жарым жолдон артыма кайттым.

— Жол менен кетпе — деди, Момуш аке. Анткени Надырбек Калыбеков комсомолдун райондук комитетинин өкүлү Ымаке Рысбаев экөөсү артыңардан жетип барабыз деп айткан. Кокус жолдо алдыңдан чыгып калбасын. Этиет бол,— деп эскертти.

Ошентип адырма-адыр кыдырып качып келатам. Эшек Сайдан өтүп, Ак Кыяга жакындашып калдым. 1946-жылдын толукшуган май айы болчу. Теребел тегиз кымкап жамынып, жаратылыштын сөз менен сүрөттөп түгөтө алгыс кооздугу адамды өзүнө тартып, сезимге демөөр байлап, көңүл кушун көкөлөтөт. Көк чөп өскөн сай менен келатам. Жылаңайлакмын. Чокойумду ийниме асып, шымымды тиземе чейин түрүп алгам. Көк шиберди аралап келе жатып, долононун кыйылган бутагын басып алыпмын. Таманыма кадалган тикен мээмден чыгып кеткендей болду. Жаным көзүмө көрүнө түштү. Олтура калып бутумдагы сайылган тикенди суурул алсам, таманымдан кара-кочкул кан дирилдеп агып кетсе болобу? «Тер басканды шор басат» деген ушул белем деп, бутумду кучактап көк шибердин үстүнө олтуруп калдым. Баягыдан бутум сыздап ооруп кирди. Ууланган тикенби дедим оюмда. Ушул азапка туш болгондон көрө качпай эле ФЗОсуна бара бербейт белем! Ийе атаңдын көрү, ушинтип качып күн көргөндөн көрө башыма келгенин көрдүм деп, сайдан чолоңдоп чоң жолго эми чыга бергенимде алдымдагы имерилиштен аттарын желдирип Надырбек менен райком комсомолунун өкүлү Ымаке Рысбаев бет маңдайыман карпа-курпа чыга калышса болобу? Эмне кылаарымды билбей туруп калдым. Бир мүнөт сайда күтүп олтура турсам алар аттарын чаап өтүп кетишмек экен. Бирок, акыл кээде адамды шаштырат тура. Эми Надыкеме эмне дейм? Эмне деп жооп берем? Сөзсүз Надыкем мени камчы менен сабайт ко дедим оюмда. Өзүмдү алдын-ала ошого даярдадым.

— И Сооронбайдын баласы, эмне болду сага? Кайда качып келатасың? — деп, ал мени аты менен омуроолотуп сала берди. Мен улам артыма чолоңдоп кетенчиктеп, эми бир жамандык болуп кетпегей эле деп коргонууга аракеттенип жаттым.

— Балдар: биз беш күндүк азык-оокатыбызды, идиш-аягыбызды, эки сыйра кийим-кечебизди, кателогубузду алып чыкканбыз. Сен болсо эч нерсе албай жалаң чыгыпсың. Барып айтылган нерселерди алып, эртең менен бизге жетип кел — деп, кайтарып жиберишти, Надыке — дедим шөмтүрөп.

— И ошенттиби? Кайсыл акылман айтты сага? Кимиси ушундай кеңеш берди, айтчы? Азыр алар кайда?- деди мага карай албууттанып.

— Казда, Алымкан эженин үйүндө олтурушат.

— Энеңди урайын. Алар качырдыбы же өзүң качып чыктыңбы? Беттештирем аларга. Кана, сен качып кайда барасың! Эй, Сооронбайдын жаман баласы, эмне ФЗОдон калып, Ак-Сууга асыл тукумуңду таратайын дедиңби? Уругуңду соолтоюнбу? Бас, алдыга түш, ат менен тең бас,— деп мени аты менен артымдан туяктатып жүрүп олтурду.

Мен бир топ жерге чейин анын алдына түшүп чолоңдоп чуркап барып, акырында өпкөм көөп чарчап калдым. Ага деле болбой: бас, чурка деп атам. Сага окшогон качкындын тукумун курутуш керек, деп мени адатынча кекээрлеп сөгүп, какшыктап, улам ат менен жөөлөтүп, кордоп баратты, шорум куруп кайдан да балдардын тилине кирдим экен деп андан коркконуман дикилдеп күчүмдүн келишинче чуркап бараттым. Акырында баса албай калдым, шайым кетти. Көрсө тигилер экөө тең соо эмес, арак ичип мас экен. Соо болсо мынчалыкка барбайт эле дедим ичимден.

Бир убакта мага боору ачып кеттиби, тигил райком комсомолдун өкүлү: Жолдош Калыбеков! Болду эми жаш баланы көп кыйнай бербей, атыңа учкаштырып ал. Баса албай калбадыбы? — деди.

— Мындай качкынды атка учкаштырып болбойт,— жолдош Рысбаев — деди тили булдуруктап.

— Жолдош Калыбеков, кечигип жатабыз. Учкаштырып ал деп жатам.

— Бас эмесе, учкаш — деп, Надырбек мени кантээр экен дегенсип түз жерге атынын башын тартып туруп калды. Же үзөңгүсүнө бутум жетсечи.

— Көрбөйсүңбү муну, атка да мине албайт — деп, мени Надырбек дагы сөгө баштады. Качышты билесиң, атка миништи билбейсиңби?

— Калыбеков, баланын үзөңгүгө буту жетпей жатпайбы. Атыңды кери жерге тарт — деди Рысбаев.

Ошентип эптеп атка учкаштым. Бир жагынан Надырбектин чучукка сайып сөккөн ачуу тили денемди ууктурса, экинчи жагынан тикен кирген бутум жанымды сыздатып, айламды кетирип кыйнап баратты.

— Ой Сооронбайдын баласы, айтчы мага, дагын качасыңбы?

— Жок, мен качкан жокмун, беш күндүк оокат-азык, кийим-кечемди алып баруу үчүн бара жаткам — дедим ага өчөшүп.

Ангыча Эшек Сайдын өйдөсүнө келип жеттик. Өйдөгө таяна бергенде Надырбек атынын башын токтотуп, мени: түш аттан — деп, калды.

Рысбаев: — Калыбеков, эмне аны аттан түш деп жатасың? — деди эле Надырбек: — бул качкынды ушул жерге өлтүрүп, тээтиги ташка корумдап көөмп кетемин — деди.

Мен чындап эле өлтүрүп көөмп кетеби деген ойго келдим. Аттан түшсөм эле өлтүрүп коё тургандай сезим пайда болду менде. Андыктан аттан түшпөй өзүнө бекем тырмышып туруп алдым. Чын эле мени өлтүрөбү? А мүмкүн чала жан кылып ташка корумдап кетсе, анан кыңылдап добушумду чыгарсам, жолдон өткөн жолоочу корум ташты ачып чыгарып кетээр деген ойго келдим. Чымындай жаным чыкпай калса эле болгону.

Надырбек дагы ачууланып: — эй Сооронбайдын жакшы чыкмасы, угуп жатасыңбы? Аттан түш деп жатам — деп, тырмышкан колумду бошото баштады. Мен ансайын ага жабышып аттан түшпөй туруп алдым. Оюмда түшсөм эле, өлтүрүп көөмп кетчүдөй сездим. Ал менин колумду чыгарып — түшпөйсүңбү эми акмак — деп, бакырып калды.

— Жолдош Калыбеков,— деди Рысбаев,— болду эми жетишет. Сен да кызык экенсиң. Ушу жаш балага теңелип. Деги өзүң эмне деп жатасың?

Мага жан кире түштү. Тигил кишинин бул сөзүн угуп аны жакшы көрүп кеттим. — Мен дагы айтам сага — деди Рысбаев — кечикпедикпи? Качан жетебиз Таш-Көмүргө? Бастыр атыңды — деп Надырбектин атынын

соорусуна камчы басып жиберди эле ат ойноп кетип, Надырбек экөөбүз тең аттан ооп түшүп кала жаздадык. Ушундан кийин: эми мени өлтүрбөйт экенго. Мени да коргой турган адам бар экенго деген ишеним пайда болду менде. Ошол учурдагы Надырбек Калыбековдун мага жасаган адилетсиз мамилесинен улам төмөндөгүдөй ыр саптары жаралган эле:

Наалыган сөздү көп айтып,
Надырбек мени кордоду.
Абайлап көрүп байкасам,
Арам экен ойлору.
Ашыкча заалим болобу,
Акыры заман чоңдору.

* * *

Туяктатып ат менен,
Согончогум канатты.
ФЗОго мени айдайм деп,
Көрсөттү жаман санатты.
Заманам менин кууруулуп,
Заматта тарттым азапты.

* * *

Таш-Көмүргө жеткенче,
Тагдырыңды чечем дейт.
Түр көрсөтүп кууланып,
Түбүңө сенин жетем дейт.
Түшкүн аттан, мен сени,
Өлтүрүп көөмп кетем дейт.

* * *

Колуңду жанчып бөлөм дейт,
Корумдап сени көмөм дейт.
Башыңды жанчып бөлөм дейт,
Батырып ташка көмөм дейт.
Каарданып сөз айтты,
Калыбеков Надырбек.

* * *

Угар бекен Кудайым,
Кыйкырсам менин үнүмдү.

Үрөйүм учуп, аргам жок,
Үмүтүм өчүп түңүлдү.
Корум таштын алдына,
Көмүлүп калчу күнүмбү?!

... Ошентип мен тигилерди Алымкан эженикине баштап келдим. Балдар баары олтурушкан экен. Надырбек мени алар менен беттештирип: — мына бул качкынды жолдон кармап келдим. Буга ким кеңеш берди? Ким качырды муну? Же өзү качып кеттиби? ФЗОдон качкандыгы үчүн сотко берип, каматамын бул акмакты — деп, мени алардын көзүнчө жаман сөздөр менен сөгүп, дагы мазактай баштады.

— Надыке — деди Момуш Арстанбеков,— бул баланы көп антип сөгө бербеңиз. Биринчиден ал мектепте окуп жатат. Быйыл бүтүрүүчү жылы. Экинчиден ал жаш. Бизден эки-үч жаш кичүү. Чынын айтканда ал бирөөнүн ордуна кетип жатат. Үчүнчүдөн эч нерсе албай жалаң чыгыптыр. Жанында бир тыйын акчасы да жок экен. Үйүңө барып беш күнгө жете турган азык-оокатыңды алып кел,— деп биз жөнөткөнбүз,— деди эле, Надырбек басаңда болуп унчукпай калды. Момуш аке эч кимден коркпогон бетке чабар жигит эле. Надырбек райком комсомолунун өкүлү экөө биздин көзүбүзчө спирт ичип олтурушту. Калыбеков пиялага куюлган спиртти жутуп жиберип, түбүндө калганын очоктогу отко чачып жиберди эле, көк жалын дүрт эте түштү. Ошондо мен ушундай нерсени адам баласы кантип ичет болду экен? Ичи өрттөнүп кетпейби? — деп, таң калгам.

Күн бешимден өткөн кезде Таш-Көмүр шаарын көздөй жөнөп калдык. Тигил экөө атчан. Биз жөө. Баягы тикен кирген бутум шишип кетти. Чоң балдарга жете албай алардын аркасынан аксаңдап бараттым. — Надыке Анаш буту ооруп басалбай баратат. Атыңызга учкаштырып албайсызбы? — деп, Момуш акем айтты эле, Надырбек: — бул качкынга көрсөтөмүн. Таш-Көмүргө чейин жөө айдап барамын,— деп койду тили булдуруктап. Ал мас болуп, атынын эки капталына алмак-салмак ооп араң баратат.

Ошентип эл жатарга жакын Таш-Көмүргө кирип бардык. Бул шаарды мен өмүрүмдө биринчи көрүшүм. Шаардын биринчи көрүнүшү чокудан караганда асмандагы жылдыздар жерге түшүп калгандай элес берди менин сезимиме. Бирөөнүн үйүндө жатып, эртең менен аскер

комиссариатына комиссияга бардык. Балдар көп экен, Токтогул, Үч-Терек, Караван, Ала-Бука райондорунан да балдар келишиптир. Бир кезде бизге кезек келип, тизме менен чакыра баштады. Мен кирдим, оозуңду ач — деди ак халатчан аял доктур. Оозумду ачсам: дагы чоңураак ач — деди. Анан ал: — ах ты, еще пацан, сеники домой кетти,— деп чыгарып жиберди. Ал эми Момуш, Төрөбек, Ороз үчөөн комиссия жактырып калды. Мен аларды поездге салып жөнөтүп, эртеси Ак-Сууга кетмек болдум. Анткен себебим поезддин атын угуп, өзүн көре элек болчум. Ушулардын шылтоосу менен максатым, поездди көрүп кетүү эле.

Аскер комиссариатынын короосунда балдар менен чогуу сүйлөшүп олтурсак: — Сооронбаев Анаш деген барбы, сыртта бир чал чакырып жатат,— деп бирөө кыйкырып калды. Короонун сыртына чыксам ак куржунун мойнуна асынып атам турат.

— Ийе бузурман, келбей эле койбойсузбу убара болуп, десем,— э балам, сен ФЗОго жөнөп жатсаң мен кантип келбей коёюн? Кечээ үйгө келбей баса берипсиң. Камтама болуп түнү менен уктай албай чыктым — деп, атам жашыгандай түр көрсөттү. Кыязы мени ФЗОго алып кететко деп биротоло ишенип алса керек.

— Ата, мен комиссияга кирип чыктым. Доктур оозумду ачтырып көрүп, «сен пацан экенсиң, үйүңө кете бер» — деп, айтты. Ал эми Момуш, Төрөбек, Ороз акелерди комиссия жактырды. Эртең жаккан балдардын баардыгын поездге салып алып кетет экен. Мен аларды жөнөтүп коюп, эртең кетем деп олтурган элем —дедим.

— Айланайын Кудайдан, жакшы болуптур. Мен сени алып кетет экен деп ойлогон элем, балам. Акыйкат деген бар турбайбы. Орустар акыйкатчыл болот. Аны мен согушта жүрүп билип, көрүп келбедимби. Сенин жашыңды оңдоп, бирөөнүн ордуна ФЗОго айдаган Надырбек менен сүйлөшө турган учур да келээр...

Атам мага алып келген каттама, оймо боорсок, эт, чучук, чабаты жана башка азык оокаттарын балдардын алдына жайып, баардыгыбыз чогуу тамактандык. Калгандарын үчөөнө ороп берип, алар менен коштошуп, мени минип барган атына учкаштырып алып атам, Ак-Сууну көздөй ат тизгинин бурду. Эки жагы жалама зоо капчыгайды өрдөп улам өр тарта жүрүп олтуруп, Кара-Күнгөй, Казды артка калтырып, кечки бешимде үйгө жетип келдик...

## КОМУЗУМДАН АЙРЫЛЫП, КОРДУК КӨРДҮМ КАЙГЫРЫП

Мен комузду кантип жана кандайча үйрөнүп калгандыгым жөнүндө жогоруда азыноолак эскертип өтпөдүмбү. Комузга болгон кызыгуумду, шыгымды байкаган абам Боронбай өрүк жыгачынан тандап жакшынакай комуз чаап берди. Кыпкызыл комуз. Добушу бийик, уккулуктуу, шаңдуу. Ошол абам чаап берген комузду күнүтүнү колумдан түшүрбөй чертип үйрөнө баштадым.

Биздин Ак-Сайда менден кичүүрөөк Абазбеков Тагай, Молдобаев Дайырбек деген балдар боло турган. Алар да комузга шыктуу болчу. Кээде үчөөбүз кошулуп алып, комуз чертип, далай айлуу түндөрдү бирге өткөргөн күндөр эстен кетпейт. Кийин экөө тең мыкты комузчулардан болушту.

Ошентип мен комуз үйрөнүүгө баш отум менен кирипп кеттим. Анда биздин өзүбүздүн үйүбүз жок. Абамдан бөлүнүп Сапен деген адамдын тамында олтурчубуз. Дем алыш күн эле. Үйдө жалгызмын. Атам, апамдар колхоздун жумушунда. Сабактарды кайталап, үйгө берилген тапшырмаларды даярдап коюп, адатымча комуз чертип, өзүмчө кыялданып ырдап олтургам.

Сырт жактан аттын дүбүртү угулуп калды. Карасам колхоздун кампачысы («Кызыл Тилек» колхозу) Бапаев Муратбек экен. Аны атынан айтпай Бапаке деп коюшчу.

— Келиңиз Бапаке — деп, комузумду дубалга сүйөй коюп, атын алдым.

Ал көрсө мас экен. Оозунан бозонун жыты буркурай түштү. Аттан түшүп темтеңдеп келип, менин дубалда сүйөнүп турган комузумду колуна алып, чертимиш болду. Анан атамды, апамды сурады. Алар талаада иште — дедим.

— Үйдө ким бар? — деди.

— Өзүмдөн башка эч ким жок,— дедим.

— Комуз кимдики? — деди.

— Меники, абам чаап берген — дедим.

— Ошол абаңдын как оозуна урайын,— деп, комузумду ташка чаап жиберсе болобу. Капкагы сынып эки бөлүнүп, кылы чубалып талкаланып калды комуз.

— Бул кандай кылганыңыз Бапаке? Комузумду эмне сындырдыңыз? — деп, муун-жүүнүм калтырап ыйлап жибердим.

— Ии комуз үйрөнөсүңбү? Бар комузуңду жыйнап ал — деп, колунда калган комуздун мойнун алдыма ыргытып жиберди. Бул кандай зөөкүрчүлүк? Чоң адам да ушундай ишке барабы? Ошондо:

Кордукту көрдүм күнөөсүз,
Комузум ташка чабылып.
Көңүлүм чөгүп ыйладым,
Көзүмдөн жашым агылып.
Шаңшычы эле булбулдай,
Черткенде өрүк комузум.
Мас болуп келип жайлады,
Муратбек деген чоң муштум,

деген ыр саптары комузумдан айрылып, катуу ыза болгонумдан улам көөдөнүмдү жарып чыккан эле.

Чындыгында Муратбек Бапаев Ак-Суу айылы боюнча балбан атыккан орто бойлуу, кең далылуу, курсагы жоон бозокор адам болчу. Бирок, балбандыгы бар эле. Чоң аш-тойлордо далай жолу эңишке түшүп, мөөрөй алганын бала чагымда көп көргөмүн. Бирок минтип мас болуп келип, менин комузумду талкалагандыгы үчүн ал кишини өмүр бою жек көрүп калдым.

Кечинде сынган комузумду көтөрүп алып абама келдим. Болгон иштин чоо жайын айтып бердим.

— А атаңдын оозуна урайын шишик (анын курсагы чоң, семиз болгондуктан Шишик деп да коюшчу) колхоздун кампасын жеп көөп калган экенго? Көпкөнгө Кудайым өзү көрсөтөр акыры. Мейли, капа болбо, башкадан комуз чаап берем — деп, сооротуп койду.

Ооба, абам убадасын аткарды. Бул жолу арча жыгачынан комуз чаап берди. Ал да жакшы комуз чыкты. Черткенде арчанын жагымдуу жыты буркурап, адамга шык берип турар эле.

Бирок, абам биринчи жолу чаап берген өрүк комузумдан айрылуу менин сезимиме унутулгус кайгы салды. Ушул кезге чейин ал комуздун элеси көз алдыман кетпейт. Ал комуз менин балалык кезимде көмөкөйүмдүн көркүн ачкан жан шеригим болчу.

Тигил Муратбек Бапаевдин менин комузумду ташка чаап сындыргандыгынын себеби, кандайдыр абам Боронбай экөөнүн ортосунда пикир келишпестик жагы бар экен. Ал ошонун өчүн абаман ала албай, анын чапкан комузунан алып күнөөсүз менин жүрөгүмү жаралап, көңүлүмө так салып жатпайбы. Мындай наадандык көөдөнү

жоон, акылы пас, карөзгөй адамдын гана колунан келмек. Мен сөз кылган Муратбек Бапаев мына ошондой адам болчу...

1946-жылдын 1-майы түк эсимден кетпейт. Ал кезде биздин Ак-Сууда «Кызыл Тилек», «Кызыл Күч», «Жаңы Талап» деген үч колхоз бар болчу. Ошол 1-Май майрамында үч колхоздун эли чогулуп чоң чогулуш болуп, алдынкы колхозчуларга сыйлыктар тапшырылып, куттуктоо сөздөрү айтылып, чогулуштун аягында мектептин өздүк көркөм чыгармачылык ийриминин күчү менен даярдалган концерт берилип калды.

Концертте мен турмушумда биринчи жолу эл алдында комуз чертип, ырдап чыктым. Класссташым Кундузалиева Алымкан экөөбүз ошол мезгилде элге кеңири таралган Жумамүдүн Шералиевдин «Сулуу кыз» деген ырын аткарып, элдин кубаттоосуна ээ болдум. Майрамдан өтө кубанычтуулук менен таркадык.

Менин алдымда жаңы мингич кунан болчу. Жолдо келатып балдар менен чабышып, кунаным тайып жыгылып, менин сол колум чыканагыман чыгып, каргашага кабылсам болобу. Ошентип майрам да калды. Үйгө суз келдим. Болгон ишти угуп, атам да кейиди. Анан кунанды минип алып, чыкканды сала турган таапты алып келип, колумду ордуна салдырып, жоолук менен бекем чырмап таңып койду.

Эл арасында «Сынгандан чыккан жаман» деген макал бар. Бул бекеринен айтылбаса керек. Үч күн күнүтүнү чыккан колум сыздап ооруп уйку бетин көрбөй аябай азап тарттым. Ошентип мектепке окууга баралбай 13 күн үйдө жаттым. Ошондо жаралган төмөнкү ыр саптары эсимден чыкпай калыптыр:

Колум чыгып жатамын,
Комузумду черталбай.
Акын болсом дечү элем,
Аты чыккан ак таңдай.
Кырсыкка минтип туш болдум,
Тагдырым менин бу кандай?!
Мектептен кабар алалбай,
Окууга калдым бара албай.
Кыжаалат болдум буулугуп,
Кыйкырып обон салалбай.
Олтурам үйдө ойлонуп,
От болуп күйүп-жаналбай!

Ооба, чындыгында да кызуу комуз үйрөнүп жүргөн кезимде колумдун чыкканы залкар комуз күүлөрүн үйрөнүүдө өзүнүн бир топ эле кедергисин тийгизбей койгон жок. Анткени колум айыгып өз калыбына келгенче аябай абагер тарттым. Чыпалагым кыл басуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калды. Бирок, ага карабай үч манжам менен чыпалактын милдетин кошо аткарып, комуз күүлөрүн үйрөнүүнү уланта бердим.

## МАКСАТКА УМТУЛУУ

1946—1947-окуу жылында Ак-Суу жети жылдык мектебин Мактоо Грамота менен бүттүм. Ал кезде мурдагы Жаңы-Жол району боюнча Сыны айылында жалгыз гана орто мектеп болор эле. Ак-Суу, Калинин, Кичи-Акжол, Жаңы-Жол, Кара-Суу, Тегене айыл кеңештериндеги жети жылдык мектептерди бүтүшкөн улан-кыздардын баардыгы мына ушул орто мектепке барып окуша турган (азыр ал мектеп Алишер Молдокеевдин ысмында).

Жайкы каникул бүтүп, биринчи сентябрга бир күн калганда керектүү буюм-теримдеримди алып, үйдөгүлөр менен коштошуп, райондун борборун көздөй жөнөп калдым. Ал кезде азыркыдай транспорт кайда? Эртең менен Ак-Суудан жөө чыгып, Коргон-Төбөдөн өтүп, Бурчуке аркылуу кыдырманы кыдырып жүрүп олтуруп кечке жуук райондун борбору Малгалдыга келип, Абасбеков Молдобек акенин (ал кезде ал райондук кенештин жооптуу катчысы болчу) үйүндө жатып, эртеси сапарымды кайра улап, Кара-Жыгачка бет алдым. Кечээ кечке жол басып бутум ооруп калыптыр. Бирок, айла канча? Кара-Жыгачка чейин дагы канча чакырым жол басам? Ал мага намаалим. Бүгүн да жалгыз ээн жолдо эрбеңдеп кетип баратам. Бурананын белине жакын калганымда артыман кара ат минген кара костюм, булгаары кара шапкечен кара мойлоо адам камчыланып жете келди.

— Эй бала, кайда баратасың? — деп, мага кайрылып калды.

— Кара-Жыгачка.

— Кайдан келатасың?

— Ак-Суудан кечээ чыккамын.

— Оо, алыстан келаткан турбайсыңбы? — Эмне жумуш менен?

— Кара-Жыгач орто мектебине окуу үчүн баратам. Быйыл Ак-Суу жети жылдык мектебинин жетинчи классын бүттүм.

— А анда жакшы бала экенсиң. Эки күндөн бери жөө басып чарчагандырсың. Кел, келегой садагасы, атка учкашып ал — деп, кашаттын алдына атынын башын буруп токтоп калды. Чын эле бутум ооруп араң келаткам. Сүйүнүп кеттим. Кандай жакшы адам дедим ичимде. Ошентип тиги кишиге учкашып алдым. Бурананын белине чыкканыбызда, бет маңдайыбыздан калың кыштак көрүндү. — Сыны деген айыл ушул болот — деди кара атчан адам. Мектеби Кара Жыгач деп аталат. Ал айылдын дал орто ченинде. Ал андан ары сөзүн улап, илгери (1923-жылы) силердин Ак-Суу айылыңарда биринчи болуп мектеп-интернат ачылган болчу. Ага турмушу начар, жетим-жесирлердин балдары кабыл алынган. Мен да ошол интернатта окугам. Жазуучу Темиркул Үмөталиевди билесинби? Аны менен бирге окуганбыз Ак-Сууда. Ал кезде биз Ак-Сууга барып окусак, эми силер биздин Кара-Жыгач орто мектебине окуу үчүн келип атасыңар. Мен өзүм да ушул Сыны айылынан болом. Сен Ак-Сууда кимдин баласы болосуң?

Өзү улуу адам болуп туруп, мени менен ушундай жатык мамиле жасап, атына мингизип, ал акыбалымды сурап, көңүл бөлгөндүгүнө аябай ыраазы болуп кандай жакшы адам деп ичимден алкап келаттым.

— Мен Ак-Суунун Ак-Сай айылындагы Үчкемпиров Соронбай дегендин баласы болом дедим.

— А, а кишини тааныймын. Атаң дыйканчылыктан атагы чыккан адамго. Ал жөнүндө газетадан окугам. Дыйкан адамдын баласы турбайсыңбы? Аңгыча шаркырап аккан Кара суунун жээгине жете келдик.

— Көпүрө жок. Дарыядан кечип өтөбүз, балам, суу чоң, менин белимден бекем кучакта — деп, атын суунун агымына карай кыйгачтатып сала берди.

Мен мындай чоң дарыядан мурда кечип өтпөгөндүктөн жүрөксүп турганымды жашыра алганым жок. Суунун дал ортосуна жакындашканда ат-патыбыз менен төмөн көздөй агып бараткансып, башым айланып, айлам кете баштады.

— Агай, агып баратабызбы,— я? Эми кантебиз?

— Эч нерсе эмес, мени бекем кучакта. Мурда мындай чоң суу кечкен эмессиңби?

— Ооба, мындай чоң дарыяны биринчи көрүшүм, агай.

— А ошондой дебейсиңби? Сууну тиктебе, балам. Тээтиги бет маңдайдагы тоолордун башын тикте. Ошондо башың айланбайт.

Дарыядан аман-эсен кечип өттүк. Бирок, тизебизден ылдый суу болуп калдык. Тиги киши мени атынан түшүрүп коюп, эми быягына өзүң жөө барып каласың, балам. Тээтигил жол менен сай өйдө жүрсөң түптүз мектепке алып барат — деп, карагер жоргосунун соорусуна камчы уруп жүрүп кетти.

Сураштырсам бул боорукер адам Кожоназар Өмүрбеков болуп чыкты. Ошол мезгилде ал райондук эл агартуу бөлүмүнүн инспектору болуп иштеп жаткан учуру экен.

Кийин тагдыр буйруп ал кишинин басып өткөн жолу, таржымалы жөнүндө очерк жазып, «Мугалимдер газетасына» сүрөтү менен жарыяладым.

Ошентип мен 1947—48-окуу жылында Кара-Жыгач орто мектебинин 8-б классында окуп калдым. Биздин Ак-Суудан (ал кезде Калинин айыл кеңеши кошула элек болчу) Орозбаев Сүйүналы, Абазбеков Үсөн, Атанбеков Панарбек, Арыкбаев Самарбек, Тотонов Акназар гана окучубуз. Бирок алар менден бир класс жогору болчу.

Мектептин жатаканасында орун болбогондуктан Сынынын Кара-Ой деген жеринде жашаган Шакеев Назар деген жакшы адамдын үйүндө жатып жүрүп окудум. Ал киши колхоздо бригадир болуп иштечү.

Жубайы Майрам эже экөөнүн жакшылыгын көп көрдүм. Алар мага дайыма өз баласындай мамиле кылып, окуу үчүн зарыл керектүү шарттарды түзүп беришти. Чарбачылык иштерге мени көп жумшачу эмес. Анын ордуна сабагыңды мыкты оку, анан бош убакта ырыңды да жаза бер, комузуңду да черте бер — деп, тамаша кылчу Назар аке. Ал чынында да эң сонун тамашакөй адам болчу.

Мектепте окуу тарбиялык иштер өз нугунда жүрүп жатты. Райондун чар тарабынан келишкен балдар менен өз ара таанышып алдык. Сырттан келген балдардын көпчүлүгү ар кимдердин үйлөрүндө жатып окушчу. Анткени мектептин алдындагы жатаканада ал кезде 20 балалык гана орун бар болчу.

Күндөрдүн биринде мектептин комсомол уюмунун жалпы чогулушу болуп калды. Ошол чогулушта «Ленинчил», «Сталинчил» жана «Жаш тилек» деген үч дубал

газетаны уюштуруу жөнүндө токтом кабыл алынып, 9-класстын окуучусу Төлөгөн Касымбеков (азыр ал Кыргыз эл жазуучусу, Токтогул сыйлыгынын лауреаты, республиканын Жогорку Кеңешине депутат болуп шайланган) «Ленинчил», классташым Салибай Шатманов (ал кийин кыргыз элине белгилүү акын болду) «Сталинчил» жана мен «Жаш тилек» дубал газеталарынын редакторлору болуп бекитилдик. Мен редакторлук кылган «Жаш тилек» дубал газетасы тигилерден өзгөчөлөнүп, жалаң ыр менен жазылып чыга турган болду. Жүрүш-турушу жагынан үлгүлүү, сабактарын мыкты өздөштүргөн окуучуларды ырга кошуп мактап, ал эми сабакты начар билген тартипсиз окуучуларды сатиранын отуна express кактап, сындап жазчумун.

Ооба: Кантип эстен чыгарам,
Кара-Жыгач мектебин.
Өткөргөмүн ал жерде,
Өмүрүмдүн көктөмүн.

1948—49-окуу жылында, башкача айтканда 9-класста окуп жатканымда мени Советтик Армиянын катарына чакырып калды. Комиссиядан Таш-Көмүр шаардык аскердик комиссариатынан өтөсүңөр деди. Мен эми армияга алып кетсе 10-классты бүтпөй калат экенминго деп ойлодум. Аскерге чакырылгандыгым жөнүндөгү кабарды сөзсүз үйгө, атама билдирүү керек болду. Ал кезде азыркыдай телефон байланышы жок болчу. Эмне кылсам экен? Ак-Сууга Жаңы-Жол аркылуу барсаң эки күндө араң жетесиң. Ошондо бирөө: сага Ак-Сууга барыш үчүн Сороң аркылуу ашсаң жакын деп калды. Анын кеңешине мен да макул болдум. Сороң, Сороң эле дейт. Кандай болду экен? Ошол Сороңду бир тобокел деп ашып көрөйүн дедим. Бирок, бул жолду мен мурда басып көргөн эмес элем. Биринчи жолу басканы жатам.

Мезгил май айынын баш чени болчу. Эртең менен туруп мага бейтааныш Сороң ашуусун көздөй өр тартып жөнөдүм. Дагы жалгыз жолго чыктым. Улам өр тартып жүрүп олтурдум. Жол бою гүл аңкыйт, бак-дарактар гүлдөп, айлана коозduктун кучагына бөлөнгөн. Түркүн паренделердин сайраган үндөрү кыял эргитип, көңүл сергитет. Жаратылыштын бул ажайып көрүнүшүнө маашырланып, кыялданып, кез-кезде добушумду чыгарып обон созуп ырдап коюп бара жаттым:

Таңшып булбул сайраган,
Татына кооз айланам.
Жол бою укмуш керемет,
Жоогазын гүлдөр жайнаган.

Сороңдун бели Сыныдан караганда даана көрүнүп турчу. Ошол Сороңду ашса эле Ак-Сууга түшүп барса керек деп ойлочумун. Мен жаңылыш ойлогон экенмин. Андай эмес экен. Сороңдон ары да беш-алты белди ашкан соң айтылуу Кичи-Жайлоого жетип барат экен. Ушул жерге келгенимде тунжурап жаткан кар-мөңгүгө туш келдим. Эскилиги жетип калган ботинкамдын таманы сыйрылып түшүп, мөңгүнү жылаңайлак кечип өтүүгө туура келди. Мөңгүнүн муздактыгын айтпа! Бутум какшап, жансыз боло баштады. Ошентип жаным кыйналып, азап чегип жатып мөңгүнү басып өтүп, Кичи-Жайлоонун күнгөй жак бетине чыктым. Бул жагында мөңгү жок болгону менен бычак мизиндей шиш таштары таманымды тилип, баса албай бужүрөп калдым. Сырын билбеген жолдун азабы күч болорун ошондо мен бир сездим.

Эптеп Кичи-Жайлоо ашуусун ашып, кеч бешимден өтө бергенде Ойрума-Сайга түштүм. Чылкый карагай токойлорун аралап келатам. Ойруманын оозуна чыкканымда күн батып күүгүм кирип калды. Менин денемди коркунуч сезими бийлеп баратты. Өтө сүрдүү Ымам-Ата мазарынан Кудайлап жатып өтүп, түн жамына үйгө кирип бардым. Атамдар дастаркондо тамак ичип отурушкан экен. Мен эшиктен салам айтып киргенимде: бу кайдан караңгы түндө кечигип деп, кейип калды. Мен келгенимдин себеби армияга чакырып, ошону силерге айтып кетейин деп Сороң аркылуу Кичи-Жайлоо ашуусун ашып келдим деп баяндадым. Эртең эртең менен эрте туруп Таш-Көмүргө комиссияга жетип барышым керек.

Атам мени угуп бүткөндөн кийин мындай деди: — келгениң жакшы. Эми мындай сүйлөшөлү. Менин тилимди алсаң окууңду да ташта. Таш-Көмүргө комиссияга да барба. Түнү менен камынып, эртең менен эрте туруп Үч-Коргонго жөнөйлү. Өзбекстандагы Сарыкыздыкына (Сарыкыз атамдын бир тууган карындашы) жеткирип, Мундузбай менен сүйлөшүп (Сарыкыз эжемдин жолдошу) сени ага дайындап келейин. Акыры бир короо койду багуу колуңдан келээр балам. Антпесек сени армияга алып кетет. Сенден ажырап мен кандай күн көрөм. Сен жөнүндө мына ушундай жыйынтыкка келдик. Сени

аскерден алып калуу үчүн мындан башка жол жок. Кандай дейсиң балам? Макулсуңбу?

Атам менин алдыма таптакыр күтүлбөгүн суроону койду.

— Ата, мен өзбекстанга барып чабан болуп иштей албайм,— дедим. Андай жумуш менин колумдан келбейт. Окушум керек, онунчу классты бүтүрүп, андан ары да окуумду улантышым керек. Ансыз мүмкүн эмес, биздин эртеңки келечек ошону талап кылып жатат. Аскерден качып, Өзбекстанга барып баш калкалоо жарабаган иш. Антүүгө болбойт ата, жакшылап ойлоп көрүңүз,— дедим.

Анда атам: — мейли балам, менин айтканыма көнбөдүң, өзүң бил — деп, мага таарынгансып башка сөз айтпады.

Эртең менен эрте туруп, атамдар менен коштошуп, Таш-Көмүр шаарын көздөй жөнөп кеттим. Айтылган саатта аскер комиссариатына жетип бардым. Комиссиядан өттүк. Эми армияга кеттик деп ойлодум. Бирок, андай болбоду. Ошол мезгилде орто мектептерде окуп жаткан аскер жашындагы балдарды армиядан калтыруу (отсрочки) жөнүндө СССР Министирлер Советинин Указы чыккан экен. Бизди катарга тургузуп, ошол Указды окуп берип, окууңарды уланта бергиле деп, бардыгыбызды артыбызга кайтарды. Ошентип мен 8—9-класстарды Кара-Жыгач орто мектебинен окудум. Ал эми 1949—50-окуу жылында биздин бактыбызга Таш-Көмүр шаарындагы № 2-кыргыз жети жылдык мектеби орто мектепке айландырылып, 10-класс ачылыптыр деген кабар угулуп калды. Алыскы Кара-Жыгач орто мектебине барып окуганга караганда, бизге Таш-Көмүр шаары ары жакын, ары ыңгайлуу. Ошентип 1949-жылы биринчи сентябрда Таш-Көмүр шаарына келип жаңы ачылган № 2-кыргыз орто мектебинин 10-классына олтуруп калдык. Бул мектептин 8—9—10-класстарына Ак-Суу, Калинин, Тегене, Кичи-Акжол айыл кеңештеринен тышкары Токтогул районунан да балдар келип окууга өтүштү.

Тилекке каршы беш күн окугандан кийин Республиканын жогорку бийлик органдары уруксат бербей койду — деп, бизди кайра мурда окуган Кара-Жыгач орто мектебиңерге баргыла деп окутпай коюшту. Бирок биз Республиканын эл агартуу министрлигине, Кыргызстан КП Борбордук Комитетине телеграммаларды жөнөтүп

коюп, шаардан кетпей жүрө бердик. Ар күн сайын эртең менен партиянын Таш-Көмүр шаардык комитетине, шаардык эл агартуу бөлүмүнө топтолуп келип олтуруп, жакшылыктуу жооп алалбай кайра таркап кетебиз.

Төртүнчү күн дегенде Республиканын агартуу министрлиги № 2-кыргыз орто мектебинин иштешине уруксат берип, биз кайрадан окуубузду уланттык. Салибай Шатманов экөөбүз бул жерде да бир класста бирге окуп калдык. Мында да дубал газеталарга редактор болуп бекитилдик. Биз менен 8-класста окуган тегенелик Тургуналы Молдобаев деген бала (ал да кийин кыргыз элине белгилүү акын болду) дубал газета чыгарышып жүрүп, аны менен да жакындашып кеттик. Ал да ыр жазат экен. Жазган ырларын Салибай экөөбүз өзүбүздүн жазган ырларыбыз менен кошо дубал газетага жарыялап, ал да тез эле мектеп окуучуларына таанылып кетти. Эми үчөөбүз жарышып ыр жазабыз. Жазган ырларыбызды бири-бирибизге окуп берип, талкуулашып, сындан өткөндөрүн ошол мезгилде чыгуучу «Кыргызстан пионери», «Ленинчил жаш», Жалал-Абад областык «Большевиктик жол» газеталарына почта аркылуу үстөкө-босток жөнөтүп турдук. 1950-жылы Таш-Көмүр шаарындагы № 2-кыргыз орто мектебинин 10-классын ийгиликтүү аяктап, Жетилүү аттестатына ээ болдум. Салибай Шатманов Кыргыз Мамлекеттик Университетине барып, экзамен тапшырып, өталбай келип, Кара-Көңдөй башталгыч мектебинде мугалим болуп иштеп калды. Мен болсом Жалал-Абаддагы эки жылдык мугалимдер институтунун тарых факультетине экзамен тапшырып өтүп, самап жүргөн оюма жетип, студент болуп калдым. Ал эми Тургуналы Молдобаев Жалал-Абаддагы мамлекеттик интернатка келип, 9-класска окуп калды. Бул жерде ал экөөбүз сабактан кийинки бош убактыларыбызды дайыма бирге өткөрүп, ыр жазууга аябай берилип кеттик. Ошол мезгилде областык «Большевиктик жол» газетасынын редакциясынын алдында (редактору Кичи Акжолдук Жолдошов Абдылда болчу) адабий ийрим иштечү. Ал ийримге акын Төрөназар Чукуев жетекчилик кылуучу. Биз ал киши менен таанышып алдык. Адамга жумшак мамиле кылган кичи пейил, сылык, маданияттуу жигит экен. Жазган ырларыбызды алып келип ага көрсөтөбүз. Ошол мезгилде Төрөназар Чукуев «Большевикский путь» газетасында бөлүм башчы болуп иштечү.

Баса, мугалимдер институтунун кыргыз тил, адабият факультетинин 2-курсунда Шабданбай Абдыраманов окуйт экен. Ал кезде анын ырлары газеталарга чыгып, окурмандарга кыйла таанылып калган учуру болчу. Мен Шабданбай Абдыраманов менен да таанышып алдым. Шабакем институттун комсомол уюмунун органы болгон «Жаш талант» дубал газетасынын редактору экен. Ал дубал газетага да менин ырларым жарыяланып турду.

Ал эми областтык «Большевиктик жол» газетасынын бетинде бир айда эки жолу «Адабият бети» уюштурулуп, областтагы жаш таланттардын ырлары, аңгемелери, очерктери чыгып турчу. Ар бир он беш күндө ийримдин мүчөлөрү редакцияга чогулуп, ар бир автор өзүнүн жазган чыгармаларын окуп, кадимкидей талкуу өткөрүлүп турчу. Адабий ийримдин жетекчиси катары Төрөназар Чукуевдин биздин адабий шыгыбыздын калыптанышына тийгизген таасири, деги эле жардамы чоң болгон. Ошол кишинин жактыруусу менен «Большевиктик жол» газетасынын 1951-жылдын 13-майдагы санына менин «Колхоз талаасында» деген алгачкы ырым жарык көргөндүгү эсимден чыкпайт.

Мен 1952-жылы мугалимдер институтунун тарых факультетин бүтүрүп, педагог деген кесипке ээ болуп, туулуп өскөн айлыма келдим. Биринчи сентябрга чейин убакыт бар. Ошол убакытты үйдө бекер жатпастан чыгармачылыкка пайдаландым. Жаңы ырлар жаздым. Алдыңкы колхозчуларды, чабандарды мактап, республикалык «Ленинчил жаш», областтык «Большевиктик жол», райондук «Коммунизм жолу» газеталарына жиберип турдум. Жазгандарым аталган газеталардын беттерине байма-бай жарыяланып турду.

## ТАБЫШАЛИЕВ МЕНЕН ТААНЫШКАНДА

Ошентип кабар жазып жүргөн күндөрдүн биринде мени районго чакырып калышты. Келсем: партиянын райондук комитетинин секретары Матен Сыдыковго киресиң, сени ошол киши чакырткан — деп, айтышты. Кабыл алуу бөлмөсүндө күтүп олтурсам ак фуражка, ак китель-шым кийген шыңга бойлуу ак куба жигит кабинетин ачып кирип кетти. Ал Матен Сыдыков экен. Уруксат сурап кирип бардым. Өзүмдү тааныштырып, Ак-Суудан келдим,— дедим. Чакырткан экенсиздер?

— Ооба, жигит, сени чакыртканыбыздын себеби: бизге институтту бүткөн өзүңдөй билимдүү кадрлар керек болуп жатат. Макул десең сени комсомолдун райкомуна кызматка алалы деп жатабыз. Кандай дейсиң жигит?

— Мен педагогдук кесипти тандап алган элем. Максатым келечектин жаштарын окутуп тарбиялоо,— дедим.

— Ошол жаштарды тарбиялоочу орган райондук комсомол комитети болуп эсептелет. Ушундай макулдашалы. Комсомолдо иштесең өзүңдүн өсүшүңө да жакшы болот.

Ошентип мен комсомолдун райондук комитетинин уюштуруу жана кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп калдым. Ошол кезде комсомолдун райкомунун биринчи секретары Кара-Суулук Акматалы Сүйөркулов, экинчи секретары Кой-Таштык Арзыматова Айымкыз экен. Бардыгыбыз чогуу иштеп калдык. Чындыгында да Акматалы Сүйөркулов күчтүү секретарь болчу. Андан мен көп жакшы тарбияларды алдым. Ал кийин Ташкендеги партиялык мектепти бүтүп, көп жылдар бою партиянын мурдагы Жаңы-Жол райкомунун үгүт-насыят бөлүмүнүн башчысы, райкомдун айыл чарбачылыгы боюнча секретары болуп иштеп жүрдү (ал киши 1997-жылы дүйнөдөн кайткан). Ал кезде транспорт жок, райком комсомолдун жалгыз аты болор эле. Ошол атты алмак-салмак минип колхоздорго командировкага чыкчубуз. Ал эми жакынкы жерлерге жөө барып, комсомол уюмдарынын иштери менен таанышып, алардын чогулуштарына катышып, жаштар арасында уюштуруу жана насыят иштерин мезгилдин талабына жараша жүргүзүүнүн иштиктүү чараларын турмушка ашыруунун аракетинде болчубуз.

Мен комсомолдо иштей баштаган күндөн тартып, өзүмдүн милдетимди жоопкерчиликте аткаруу менен бирге чыгармачылык ишимди да таштаганым жок. Республикалык «Ленинчил жаш» (Ал Кыргызстан ЛКЖС Борбордук Комитетинин органы болчу) газетасына комсомолдук темалардан үзбөй макалаларды жазып жарыялап турдум. Барган сайын редакция менен болгон менин байланышым күчөй берди.

Күндөрдүн бириндe биздин районго Кыргызстан ЛКЖС Борбордук Комитетинин секретары Салмоорбек Табышалиев командировкалап келип калды. Комсомолдун аппаратында иштеген кызматкерлер менен тааны-

ша баштады. Бизди комсомолдун райкомунун биринчи секретары Акматалы Сүйөркулов тааныштырып жатып, мага кезек келгенде: — Салмоорбек Табышалиевич, бул жигитибиздин таланты бар, ыр, макала жазат. Анын жазгандары айрыкча «Ленинчил жаш» газетасына тез-тез жарыяланып турат,— деп мени мактап жиберди эле, Табышалиев: — андай болсо жакшы экен, сен жигит Фрунзеге (азыр Бишкек) барып иштөөнү каалайсыңбы? — деп сурап калды.

Мен: — жан-дилим менен — деп, жооп бердим.

— Анда мындай сүйлөшөлү — деди Салмоорбек Табышалиев: — силерден башка дагы көп райондордо командировкада боломун. Ошондуктан бул иш менин эсимден чыгып кетиши да мүмкүн. Болжол менен мен Фрунзеге барган кезде эсиме салып кат жаз. Анан мен телеграмма жиберип, сени чакыртып аламын — деди. Мен так айткандай кылдым. Бир күнү эле Акматалы Сүйөркуловдун наамына: «Анаш СООРОНБАЕВди Кыргызстандын ЛКЖС Борбордук Комитетинин карамагына тезинен жиберүүңүздү суранамын, С. Табышалиев» деген телеграмма келип калса болобу.

Ошол кезде партиянын Жаңы-Жол райондук комитетинин биринчи секретары Каравандык Эргеш Асанов болчу. Акматалы Сүйөркулов телеграмманы алып, макулдашып чыгайын деп Асановдун кабинетине кирип кетти. Аңгыча биринчи секретарь мени да чакырып калды. Кирсем Асанов, Сүйөркуловдар менен бирге партиянын Жалал-Абад обкомунун өкүлү Төрөназар Чукуев үчөө сүйлөшүп олтурушкан экен.

— Эмне, иним Фрунзеге кетейин деп жатасыңбы? — деди Эргеш Асанович.

— Ооба агай, чакырып жатат — дедим.

— Эгер макул десең сени жибербей алып калалы деп жатабыз. Өзүбүз тарбиялап, партияга өткөрөбүз. Келечекте райондук газетанын редакторлугуна сунуш кылабыз. Обкомдун өкүлү Төрөназар Чукуев да өз пикирин ушундайча билдирди. Анткени ал мени жакшы тааныйт. Жалал-Абадда адабий ийримди жетектеп жүргөн мезгилинде менин далай ырларымды «Большевиктик жол» газетасына жарыялаган. Ал киши да биринчи секретардын сунушун колдоп койду. Бирок, алар канчалык үгүттөшкөн менен баары бир мени макулдата алышкан жок.

— Агай, мага уруксат бере бериңиздер, Фрунзеге барып иштейин — деп, айтсам, Эргеш Асанович: — эч жакка кетпейсиң, райком партиянын уруксатысыз сени эч ким алып кете албайт, көңүлүңдү бузбай иштей бер,— деп койду.

Мен биринчи секретардын кабинетинен чыгып түптүз эле райондук байланыш түйүнүнө келип, Кыргызстан ЛКЖС Борбордук Комитетинин Секретары Салмоорбек Табышалиевдин наамына: «Райком партия Фрунзеге барууга мага уруксат бербей жатат» — деп, телеграмма салып жибердим.

Эртеси: Партиянын Жаңы-Жол райкомунун биринчи секретары Эргеш Асановго. Көчүрмөсү: комсомолдун Жаңы-Жол райкомунун биринчи секретары Акматалы Сүйөркуловго: «Анаш Сооронбаевди 1953-жылдын 25-августунда Кыргызстан ЛКЖС Борбордук Комитетинде болуусун камсыз кылыңыздар». Партиянын Жалал-Абад областык комитетинин биринчи секретары Б. Аламанов» деген телеграмма келип калбаспы!

Бул телеграмманы алаары менен Эргеш Асанович Акматалы Сүйөркулов экөөбүздү кабинетине чакырып: иним, сени мында алып калуудагы максатым, кечээ айтпадым беле, партияга өткөрүп, райондук газетага редактор кылайын деген элем. Бирок, обкомдун биринчи секретары Баян Аламановичтен мындай телеграмма келди. Көчүрмөсү силерге да келген болушу керек. Кантебиз, алар чоңдук кылды. Сени алып калабыз деген аракетибиз текке кетти. Эми иним сага уруксат. Кайда жүрсөң да бизди унутпа, сенин келечегиңе биз тилектешпиз! Акматалы Сүйөркулович, бул инимди жакшылап жөнөтүп койгула,— деп ордунан туруп, жагымдуу мүнөз менен мага колун сунду. Мен ал кишиге чын дилимден рахматымды айтып коштоштум.

Эртеси комсомолдун райкомунун аппараты мени узатышты. Таш-Көмүргө келип, Таш-Көмүр — Анжиян деген поездге олтуруп (ал кезде ушул маршруттагы жүргүнчүлөрдү ташуучу поезд үзгүлтүксүз каттап турар эле) Анжиянга келдим. Ал жерден Жалал-Абад — Фрунзе багытындагы поездге чыгып, экинчи суткада Фрунзеге жетип келдим.

Борбор шаарыбызды биринчи көрүшүм. Поездден түшүп, кайжакка басышымды билбей аңкайып туруп калдым. Аңгыча: — ой Анаш, саламатсыңбы? Кайдан ада-

шып жүрөсүң? — деп, Чотонов Айты жолугуп калса болобу. Аны көрүп аябай сүйүнүп кеттим. Экөөбүз бир поездде келип, бири-бирибизди көрүшпөппүз. Келип түшкөндө көрүшүп олтурбайбызбы. Мен ага келгендеги максатымды айтып бердим. Абдан жакшы болуптур,— деди Айты аке,— мени да Кыргызстан Мамлекеттик университетине иштөөгө чакырыптыр, (ал буга чейин Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайында окутуучу болуп иштеп жаткан болчу) жүр мени менен деп эрчитип жөнөдү. Экөөбүз жердеш агабыз Осмонбеков Юсуптун (аны Жаңы-Жолдуктар Акпалбан деп аташчу) үйүнө келип, тазаланып, кийимибизди которуп кийип көчөгө чыктык. Чотонов мени Кыргызстан ЛКЖС Борбордук Комитетине алып келип, Салмоорбек Табышалиевичтин кабинетин көрсөтүп койду. (Ал кезде ЛКЖС БКнын конторасы эски өкмөт үйүнүн сол жак капталында болчу). Эч ким жок экен, кире бер уруксат сурап деди Айты аке. Мен кирсем Салмоорбек Табышалиевич өзү эле жалгыз олтурган экен. Ордунан туруп келип өтө сылык кабыл алып:

— Келдиңизби? — деди.

— Ооба, дедим. Анан ал ошол замат «Ленинчил жаш» газетасынын редактору Зарлык Сагынбаевга телефон чалып: баягыда мен Сизге айткан жигит келди, азыр Сизге жиберемин. Ошол өзүңүз айткан кызматка жайгаштырыңыз — деп, трубканы коюп, мындай деди: барып ал кишиге (редакторго) жолугуңуз. Сиз жөнүндө баардыгы макулдашылган, жардам керек учурунда мага келип айтып туруңуз!

Ошентип мен өз мезгилинде Салмоорбек Табышалиевдин назарына илинип, анын жардамы менен «Ленинчил жаш» газетасынын редакциясына орноштум. Бул мезгил 1953-жылдын сентябрь айы болчу. Газетанын адабият жана искусство бөлүмүнүн адабий кызматкери болуп иштеп калдым. Мен иштеген бөлүмдүн башчысы Абды Абдыкадыров деген жигит экен. Көп убакыт өтпөй ал кызматынан бошоп, анын ордуна «Советтик Кыргызстан» (кийин «Ала-Тоо») журналынын жооптуу секретары болуп иштеп жаткан акын Акбар Токтакунов деген жигит келип калды. Ал өтө тамашакөй, сөзмөр, шайыр жигит экен. Экөөбүз алты ай иштешкенден кийин ал да башка кызматка кетип, анын ордуна Кыргыз Илимдер Академиясында илимий кызматкер болуп иштеп

жаткан Санжы Эгиналиев келип калды. Кыскасы үч бөлүм башчы менен бир туугандай ынтымакта иштешип, алардын берген ар кандай тапшырмаларын өз учурунда так, туура аткарууга бардык күчүмдү жумшап, чыгармачылык иштер боюнча алардан көп акыл-насааттарын уктум. Ал үчүн аларга мен өмүр бою ыраазымын.

Ошол мезгилде «Ленинчил жаш» газетасынын редакциясында Анаш Абакиров (редактордун орун басары), Токтомуш Баетов, Озон Исмаилов, Балкабек Рысбаев, Симура Макешова, Сулуубек Токсобаева, Тураш Каримбаев, Шамбет Асанкожоев, Жапар Саатов, Карыпбай Тынаев жана башка көптөгөн журналистер менен эриш-аркак эмгектенип республикалык жаштар газетасын ошол доордун, ошол замандын деңгээлинде чыгарууда ар кимибиз мүмкүн болушунча өз салымдарыбызды кошконбуз деп айта алабыз.

1953-жылдын март айында Түймөкан экөөбүз баш кошуп, жердеш агаларыбыз Абдырайым Темиров (ал республикалык партиялык мектепте окучу) менен убактылуу бирге жашап турдук. Андан кийин жердешим, төкмө акын Ормонбек Асановдун өтүнүчү менен анын үйүндө бирге жашап жүрдүк. (Ал кезде Ормонбек Токтогул Сатылганов атындагы филармонияда солист болуп иштечү).

Ушинтип кызуу иштеп жүргөн күндөрдүн биринде «Ленинчил жаш» газетасынын Ош областы боюнча өз кабарчысы Кемел Тойбаев: «Анаш, мен Оштун шартына такыр эле көнө албай койдум. Макул десең экөөбүз кызматыбызды алмашпайлыбы?» деп калса болобу. Ошол учурда биз Түймөкан экөөбүз жаңы турмуш куруп, квартирадан квартирага которулуп кыйналып жүргөн учурубуз эле. Ушундай шартта Кемелдин айтканы мага жүйөлүүдөй сезилип кетти да, мейли, ойлонуп көрөйүн, эртең жообун айтам,— дедим.

Үйгө келип Түймөкан экөөбүз кеңештик, ушинтип квартира издеп кыйналып жүргөндөн көрө Ошко кабарчы болуп кете бербейлиби дедим. Түймөкан менин айтканыма каршы болгон жок. Эртеси кызматыма келсем Кемел Тойбаев мени күтүп олтуруптур. — Анаш, кечээ мен айтканды келинчегиң менен кеңештиңби? Кандай чечтиңер? — деп калды.

— Кеңешип сен айтканга макул болдук,— дедим.

Кемел сүйүнүп кетип, жүр анда азыр эле редакторго кирип макулдашалы деп калды. Ал кезде «Ленинчил

жаштын» редактору болуп Айым Айтбаева эжеке иштеп жаткан. Экөөбүз эрчишип эжеге кирдик. А дегенде Кемел Тойбаев сөз баштады: эжеке, Сизге киргенибиз, Анаш Сооронбаев экөөбүз кызматыбызды алмашалы деп жатабыз. Мен чынын айтсам эжеке, Ошко көнө албай койдум. Анаш кантсе да түштүктөн эмеспи, элет турмушун жакшы билет. Ал менин ордума өз кабарчы болуп барууга макулмун деп жатат,— деди.

— Эгер экөөңөр тең чындап эле ушундай чечсеңер арызыңарды жазып келгиле,— деди Айым Айтбаева эжеке.

Экөөбүз ошол замат эле арызыбызды жазып, кайра кирдик. Редактор буйрукту жазып, колубузга берди. Ошентип мен «Ленинчил жаш» газетасынын Ош областы боюнча өз кабарчысы болуп Ошко келдим. Ал кезде бул газетанын алты областа алты өз кабарчысы боло турган. Комсомолдун Ош областтык комитетинин биринчи секретары ал кезде Талгарбек Сарбанов болчу. Келерим менен таанышып алдым. Өтө кичи пейил, маданияттуу жигит экен. Кээде райондорго командировкага чыкканда мени чакырып, өзү менен кошо ала кетчү. Анын ушундай жөнөкөйлүгү, бой көтөрбөгөн сылык-сыпаа мүнөзү бар эле. Кийин Талгарбек Сарбанов чоң кызматтарда иштеп, СССРдин Америкадагы элчиси болуп бир топ жыл иштеп келди.

Ошентип кабарчылык ишимди жан-дилим менен берилип аткарууга бел байладым. Оштун райондорун, айылдарын кыдырып, ошол мезгилдин актуалдуу темаларын тандап алып, тийиштүү материалдарды өз учурунда жазып жөнөтүп турдум.

1954-жылы 7-ноябрь майрамында алты областык кабарчынын алдыңкысы деп редактор буйрук чыгарып, мага алкыш жарыялап, акчалай сыйлык ыйгарды. Бул болсо мени мурдагыдан да мыкты чыгармачылык менен талыкпай иштөөмө демөөр берди.

Тилекке каршы ушинтип демилгелүү иштеп жаткан мезгилде ВЛКСМ Борбордук Комитетинин токтому чыгып, «Ленинчил жаш» газетасынын алты областтагы алты кабарчылык штаттары кыскарып калды. Редактор Айым Айтбаева эжеке мени менен телефондо сүйлөшүп: аппаратка келип иштейм десең кел, орун бар. Бирок, квартира маселеси боюнча убада бере албайм,— деди. Мен эжекемдин бул сөзү үчүн терең ыраазылыгымды билдирип, рахматымды айттым. Ошентип Ошто калып калдым.

## ОШТО БОЛГОН ОКУЯ

Республикалык «Ленинчил жаш» газетасынын Ош областы боюнча өз кабарчылык штаты жоюлары менен эле мен Ош областык «Ленин жолу» газетасынын редакциясында убактылуу өнөр жай бөлүмүнүн башчысы болуп жайгашып калдым. Мырзалы Аматов редактор, Матрай Акматов редактордун орун басары, Самат Сагынбаев жооптуу секретарь экен.

Бир күнү кечинде иштен келсем үйдө үч бала олтуруптур. Түймөкан аларды мага тааныштырып калды: Турсунбаев Өскөнбай, Бостонов Сопукул жана Дооранов Унутбек деген балдар экен. Өскөнбай менен Сопукул менин жубайым Түймөкандын жердештери — Кичи-Акжол айлынан экен. Демек, мен аларга жезде, алар менин кайнилерим болуп чыкты. Ал эми үчүнчүсү Дооранов Унутбек болсо өзүн мурдагы Жаңы-Жол районунун Кой-Таш деген айылынан болом деп тааныштырды. Алар Ош Мамлекеттик педагогикалык институтуна экзамен тапшыруу үчүн келишиптир. Кимсанхан кемпирдин (квартиранын кожейкеси) биз олтургандай дагы бир чакан бөлмөсү бар болчу. Түймөкан ошол бөлмөнү кемпир менен сүйлөшүп, ушул балдарга алып бер, экзамендерин тапшырып бүткөнчө квартирант болуп бизге жанаша жашап турушсун деп айтып калды.

Мен ошол замат кемпирге кеп салсам: Анашбай балам, эгер силерге караштуу балдар болсо мейли, акчасын төлөп олтура беришсин,— деп макулдугун билдирди. Ошентип тигил балдар бош турган бөлмөгө жайгашышты. Аларга биз төшөк, кийиз, идиш-аяк берип, тамакты да биздикинде чогуу ичип, кошуна жашап калдык. Балдар кудуңдап сүйүнүшүп, экзамендерге даярдана башташты. Бул үчөөнүн ичинен көзгө сүйкүмдүүсү Өскөнбай болчу. Ал өзүнүн кичи пейилдиги, сылыктыгы, жапакечтиги, шайырдыгы, ырчылыгы, комузчулугу, өтө адамгерчилиги менен тигилерден айырмаланып турчу. Аман болсо бул баланын эртеңки келечеги жаман болбойтко деп аны ичимден аяп жүрдүм.

Ошентип экзамен тапшыруу да башталды. Бир күнү иштен келсем Өскөнбай биринчи экзаменин «5»ке, Дооранов Унутбек «3»кө, тапшырыптыр. Экөөн ийгиликтери менен куттуктадым. Ал эми Бостонов Сопукул болсо

маанайы пас олтурган экен. Сага эмне болду? десем: — жезде, мен кулап калдым,— деди ыйламсырап.

— Эч нерсе эмес, айнанайын, жашсың, быйыл болбосо келерки жылы өтөрсүң. Анын эмнесине капа болосуң? — деп, анын көңүлүн көтөрүп, акыл-насааттарын айттым.

— Эми эмне кылайын дейсиң? — дедим. Ал — бүгүн үйгө кетемин жезде,— деп, керектүү буюмдарын алып жөнөп калды.

— Сопукул, айнанайын, капа болбой жакшы бар, агаң Төлөгөнгө (ал ошол кезде Кичи-Акжол орто мектебинде деректир болуп иштечү) менден салам айта бар — деп, аны узатып калдык.

3-август күнү мен газетага дежурный болуп калдым. Басмаканага келип, макеттеги материалдардын терилишин байкап көрсөм газета кеч чыга тургандай. Кечки саат бештерде үйгө өтүп келип тамактандым да: — эгерде түнкү саат 11ге чейин газетага уруксат берип калсам үйгө келем, андан кечиксем келбейм, басмаканада жатып калам,— деп Түймөканга айтып, анан караңгыда керели тийип калар деп, кытай фонаригимди алып үйдөн чыгып баратсам Түймөкан: «— баса, сага айтам деп эстен чыгып калган тура, бүгүн Сопукул үйгө келди. — Буга чейин кайда жүрдүң? — десем: — айыл чарба техникумуна өтөйүн дедим эле, ал да болбой калды,— деди. Анан ал тиги балдардын бөлмөсүнө кирип, өздөрүнчө сүйлөшүп олтурган. Бир кезде эле алардын сөгүшкөн добуштарын угуп басып бардым. Ангыча Кимсанхан эне да келип калды. Эмнеден чатак чыкканын билбейм, Өскөнбай менен Сопукул экөө урушуп жаткан экен. Кемпир экөөбүз алардын ортосуна түшүп, ажыратып койдук. Анан Сопукул үйдөн чыгып,— мен Кичи-Акжолго кеттим»,— деди.

— Дагын кайрылып келбейсиңби? — деп, тамашаласам: — Жок, Түкапа, эми чындап кеттим, Анжиянга чейин поезд менен Кара-Суу аркылуу кетем деп айтты.

— Эмне үчүн поездге түшөт? Оштон Анжиянга автобустар убай-чубай каттап жатпайбы? — дедим.

— Билбейм, ушинтип айтты го? Ага мен да түшүнбөй калдым,— деди Түймөкан. Сопукулдун бул жоругуна мен да айран-таң калдым. Экөөбүз сүйлөшүп турсак, Кимсанхан эне үйдөн чыга калып: Ийе Анашбай балам, кечки пайитта кайда кетип жатасыз?— деп, сурап калды.

— Эне, бүгүн газетага дежур болуп калдым. Газетага эртерээк уруксат берсем үйгө келип калам. Эгер кеч чыга турган болсо жатып калам, келин балаңызга этиет болуң — дедим, бир чети тамаша, бир чети чындап эле.

— Ийе балам, Түймөкан келинимден камтама болбоң, аны өзүм жакшылап караймын. Ишиңизди чала таштабаң,— деди кемпир.

— Камкордугуңузга рахмат, эне — деп, эшикти жаап, автобус токтоочу аялдаманы көздөй басып кеттим.

Басмаканага келсем полосалар окушка даяр болуп калыптыр. Кезеги менен окуй баштадым. Ката кетпесе экен деп, ар бир темага, рубрикага, ар бир сүйлөмгө, сапка карегимди кадап, кайра-кайра көз жүгүртүп окуп жаттым. Төрт полосаны тең окуп бүтүп, газеттин чыгышына уруксат бергенимче түнкү саат он бирден өтүп кетти. Эми үйгө кетүүгө кеч болуп калды. Анын үстүнө ал кезде Ош шаарынын көчөлөрү караңгы, түнкүсүн жалгыз-жарым жүрүү коркунучтуу болчу.

Газета басуучу Алексей деген орто жашап калган адам эле.

— Алексей Иванович,— менин уйкум келди. Газета окуп чарчадым. Үй алыс, эски шаарда турам. Анын үстүнө өтө кеч болуп калды. Жатып уктай турган жайыңыз барбы? — деп, ага кайрылганымда, ал мени быякка жүр деп, бир кичинекей бөлмөгө ээрчитип кирип: — ушул жерге жатып эс ала бер, эртең мененкиге чейин деп, калың кардон кагаздардан алдыма төшөп, башыма да калыңдап кагаздан «жаздык» коюп берди да: — пожалуйста, жата бер да, уктай бер,— деп мени калтырып чыгып кетти.

Кагаздын үстүндө жатып катуу уктап калган экенмин. Анан кандайдыр бир коркунучтуу түш көрүп, чоочуп ойгонуп кеттим. Кайра уктайын десем уйкум келбей койду. Аны-муну ойлонуп жата бердим таңдын атышын күтүп. Туруп газета басуучу цехке келсем Алексей газетаны басып бүтүп, үйүнө кетип калыптыр. Жаңы басылган газетадан эки-үч санды алып, кокус ката кетип калбады бекен деп, биринчи беттен төртүнчү бетке чейин дагы шаша-буша бир сыйра көз жүгүрттүм. Менимче ката деле жоктой. Газетаны кармап сыртка чыктым. Кароолчу Турсунбай аке уктап жаткан экен десем, ал ойгоо экен. Мени көрүп: — ээ балам, караңгыда кайда барасың? — деп, башын көтөрүп мага карады.

— Үйгө кетиш керек да аксакал,— дедим.

— Үйүң кайсы көчөдө? — деди, Турсунбай аке.

— Эски шаарда. Рабочий дыйкан көчөсүндө.

— О алыс турбайбы? Анда бир аз коё тур, азыр караңгы. Таң атууга али анча бар,— деди карыя. Мен кайра кирип жаткым келген жок. Турсунбай акенин жанында аны менен бир топко чейин сүйлөшүп олтурдум. Аңгыча теребел ак шоола жамынып, көчөлөрдөн машиналар өтө баштады.

— Мына балам, эми үйүңө бара берсең болот — деп, Турсунбай аке ордунан туруп эшиктин илгегин ачып, мени жакшы бар балам деп узатып кала берди. Мен жаңы басылган газеталарды колума бүктөй кармап Ленин (азыр Курманжан датка) көчөсү менен төмөн карай эски шаарды көздөй келе жаттым. Ак-Буурадан өтүп өр таянып бараткам. Оюмда эч нерсе жок бейгам келатканымда үстүнө кийген ак көйнөгү кыпкызыл канга боёлгон Унутбек менин бет алдымдан чыга келсе болобу. Анын кебетесин көрүп чоочуп кеттим. Унутбек менин алдыма келип ыйлап жиберди.

— Ой, эмне болду сага? Деги тынччылыкпы?

— Өскөнбайды түндө бирөө бычактап кетти!

— Эмне дейт? Ал кайда? Тирүүбү?

— Жок, өлүп калды.

— Оозуңа таш! Эмне кыздар менен киного бардыңар беле?

— Жок, үйдө эле жатканбыз.

— Эшикти бекитип жаттыңар беле?

— Дем болуп, бөлмөбүз ысып кеткендиктен эшикти ачып жаткан болчубуз.

— Ага ким бычак урганын жанында бирге жатып билбедиңби?

— Катуу уктап калып билбей калыптырмын.

Ушул учурда менин чыдамсыз абалга келип калганымды байкап турган милиционер:

— Сиз үйүңүзгө бара бериңиз,— деди.

— А Сиз бу баланы кайда алып барасыз? — десем, ал: — шаардык милиция бөлүмүнө, бала биз менен ошол жерде болот — деп, Унутбекти алдына салып айдап кетти.

Күтүүсүздөн болгон бул окуя менин сезимиме катуу бүлүк салды.

— Өскөнбайды ким бычактады? Эмне үчүн өлтүрдү аны? Бычактап жатканда анын жанында жаткан Унутбек кантип билбей калсын? Билиш керек эле да?

Мына ушундай тумандуу ойлор менен алпурушуп жүрүп олтуруп үйгө кандай келгенимди да сезбей калдым. Келсем короо толгон котологон эл. Милиционерлер, студенттер, колу-кошуналар, алардын баардыгы тең «кантер экен» дегенсип мени эле тиктеп турушкансыйт.

Түймөкан менен Кимсанхан кемпир экөө бирге олтурушкан экен.

— Эмне болду? — дедим аларга кайрылып.

— Түндө Өскөнбайды бирөө союп кетти —деп, көздөрүнө жаш алып ыйлап жооп беришти. Мен түз эле Өскөнбайлар жаткан бөлмөнү көздөй басып барып эшигин ачып карасам, Өскөнбай кыпкызыл канга боёлуп төшөктө чалкасынан жаткан экен.

— Кирбеңиз, кан болосуз,— деди милиционер. Мен кайра бөлмөнүн эшигин жаап, кемпир менен Түймөкандын алдына келип, окуянын кандайча болгонун алардан уккум келди. Эмесе Түймөкандын айтканын келтирели.

— Мен эшикти ичинен илип, чыракты күйгүзүп жатканмын. Катуу уктап калган экенмин. Бир убакта эле: Түкапа, Түкапа! Ачыңыз деп, бирөө эшикти колу менен койгулап атат. — Бул ким? —десем: — мен, Унутбекмин! Өскөнбай кан кусуп жатат,— деди.

Ошондо чырактын билигин чоңойтуп, саатты карасам үч болуп калган экен. Гүлнара уктап атат. Ал ойгонуп кетпесин деп коомайланып эшикти ачсам бүрүшүп үрөйү учкан Унутбек турат.

— Кана, эмне болду Өскөнбайга? — деп, алар жаткан бөлмөгө баш баксам анын мойнунан кан атып, тамагы коркурап жаткан экен. Коркуп кетип сөрүдө жаткан Кимсанхан энени чакырдым. Ал келип көрүп,— бу баланы бирөө бычактап кетиптир — деди. Эмне айла кыларыбызды билбей дүрбөп калдык. Кошуналарды ойготуп, медициналык тез жардамга, милицияга шашылыш телефон чалдырдык.

Аңгыча медициналык тез жардам машинасы да жетип келди. Бирок кеч болуп калган экен. Жардам көрсөтө алган жок. Мойнунун эки жерине бычак урулуптур. Бычак урулган жерлерине кебез тыгып, кандын агышын токтотушту. Андан кийин милиционерлер келишип, үйлөрдүн ичин тинтип текшере баштаптшы — деди, Түймөкан.

Мен эми эмне кылсак экен? Болор иш болуптур, тезинен Өскөнбайдын акелерине телефон чалыш керек.

Баланын сөөгүн алып кетүүнүн камын көрүү керек деп айтып жатсам, милициянын капитаны жаныма басып келип,— Сиз мындай жүрүнүзчү — деп, мени короодон алып чыгып кетти. Автотрассадан өтүп бараткан жүк ташуучу машинаны токтотуп, анын үстүнө экөөбүз чыгып, шаардык ички иштер бөлүмүнө келип түштүк. Ал капитандын фамилиясы Эшенкулов деген улуту өзбек жигит экен. Кабинетине алып кирип, менин кайсыл жерлик экендигим, бу балдар менен кандайча байланышып калгандыгым, эмне үчүн түндө үйгө келип жатпай башка жакта жатып калгандыгым, кимдер менен болгондугум жана башка толуп жаткан майда-барат суроолорго жооп берип жаттым. Кыскасы эртең менен башталган сурак кечке чейин созулду. Сурагын бүтүргөндөн кийин үч милиция кызматкеринин катышуусу менен мени чечиндирип атайын кароодон өткөрүштү. Көрсө алар Өскөнбайдын өлүмүн менден көрүп шектенип жатышкан экен.

Кечинде мени камерага киргизип, сыртымдан кулптап койду. Жалаң көйнөкчөн цементтин үстүндө жатам. Бир жагынан Өскөнбайдын өлүмү өзөктү өрттөп, жүрөктү кайгыртып турса, экинчи жагынан муздак цемент полдун үстүндө жатып, эски ич буроо ооруум козголуп, жанымды коер жай таппай, азап менен таң атырдым.

Ошондо мен Өскөнбайды белгисиз бирөөлөр өлтүрүп, аларды таба албаган соң мени күнөөкөр деп таап, ак жеримен жоопко тартышат экен го деген ойго келип, төмөндөгү ыр саптарын кагазга түшүргөн элем:

Күйүткө толду сезимим,
Күтүүсүз сурак башталып.
Жазыксыз ишке туш болуп,
Жатамын цемент жазданып.
Акталып ушул кырсыктан,
Арзыган ойго жетемби?
Ак жеримен кармалып,
Арманда өлүп кетемби?
Күнөөсүз жатам суралып,
Күзөгөн ойго жетемби?
Ачылбай сыры кылмыштын,
Ак жерден өлүп кетемби?
Капаста жатам камалып,
Кайдасың чындык кайдасың?
Өксүп жүрүп өтөмбү,
Өмүрдүн көрбөй пайдасын?

Ошентип түнү менен көз ирмебей, сандаган санаалардын, оп тарткан учкул ойлордун кучагында жанчылып, кыйналып жатып таң атырдым. Эртең менен саат сегиздерден өткөндө мен жаткан камеранын кулпун шарактатып ачып, мени сыртка чыгарышты. Анан кечээ мени сурак кылган капитан Эшенкуловдун кабинетине алып кириштi. Кирсем ал жерде областтык «Ленин жолу» газетасынын редакторунун орун басары Матрай Аматов олтурган экен бир милиционер менен. Ал кишини мени менен беттештиргени алып келишиптир. Матрай Аматов Москвадан ТАССтын материалдары кечигип берилгендигине байланыштуу газетанын кечигип чыккандыгы чын экендигин Эшенкуловго түшүндүрүп, анан менин жүрүш-турушум жөнүндө, аткарып жаткан кызматым тууралуу редакциянын администрациясынын пикири жакшы экендигин тигилерге айтып берди.

Андан кийин газета басуучу Алексей Николаевич менен беттештирди. Ал мени басмакананын бир бөлмөсүндө алдына кардон кагаз салынып, башына кагаздан жаздык жазданып уктаганы чын деп түшүнүк жазып берди.

Ал эми басмакананын кароолчусу Турсунбай аке да: бул бала түндө басмаканада жатып уктап, үйүнө таң атканда туруп кеткен, аны эшикти ачып өзүм узаткам,— деп айтты.

Ушул учурда сырттан мага бүктөлгөн кичинекей кагаз киргизип беришти. Ачып карасам Түймөкандын колу экен. Ал: — Анаш, эгер бошонуп чыксаң Нагорная көчөсүнүн № 71-үйүнө кел, биз ушул жердебиз, Бекмурза жезденин үйүнө көчүп келгенбиз — деп, жазыптыр.

Мен тигилер менен беттешип, Эшенкуловдун кабинетинен чыгып келатсам, экзаменден кулаган баягы Бостонов Сопукул бет алдыман чыкса болобу. Эки колу аркасына кишенделип, милиционердин алдында келаткан экен. Кебетеси көзгө суук көрүнүп, көз тиктеши да бузулуп, заматта башкача болуп өзгөрүп калыптыр. Көрсө милиция кызматкерлери аны Кичи-Акжолдон, үйүнөн кармап келишиптир. Үйүн барып текшергенде коңулдан кан болгон анын көйнөгү табылыптыр. Ошол кан көйнөк адам өлтүргөнгө факт болуптур.

Редакция менен басмакананын адамдары 3-август

күнү түндө дежурдук милдет аткарып, басмаканада жат-
каны чын деп түшүнүк каттарды жазып беришкенде
кийин кечки саат төрттөр чамасында (5-августта) маг
үйгө чыгууга уруксат беришти. Чыксам шаардык ички
иштер бөлүмүнүн эшигинде Жаңы-Жолдук туугандар
келип күтүп олтурушкан экен. Алар мени кагазда жа-
зылган Сапаралиев Бекмурза жашаган үйгө апкелишти.
Түймөкан колундагы кызы Гүлнара менен ошолордукунда
экен.

Мени милиция органдары камерага олтургузуп кой-
гондон кийин, ошол кезде Ош мамлекеттик педагогика-
лык институтунда саясий экономикадан сабак берип иш-
теп жаткан жердешибиз Баркы Миңбаев өлтүрүлгөн
Өскөнбайдын сөөгүн Кичи-Акжолго алып кетүүгө транс-
порт уюштуруп, Сапаралиев Бекмурзаны кошуп жөнө-
түптүр. Анан Түймөканды бул жерде сага жалгыз калуу-
га болбойт деп, атайын машина уюштуруп, студент бал-
дардын жардамы менен Сапаралиев Бекмурзанын үйүнө
көчүртүп келиптир.

Баркы Миңбаев кылган мына ушундай жакшылык-
тарын Түймөкандан угуп, ага терең ыраазылыгымды айт-
тым. Чындыгында да Баркы Миңбаев уюштургуч, боору-
кер инсан болчу. Ал өмүрүнүн кийинки мезгилдерин
Өзбекстандын борбору Ташкен шаарында өткөрдү. Ал
жерде партиялык мектепте саясий экономикадан сабак
берип, кийин илимдин кандидаты, доктору, профессор
деген ардактуу наамдардын ээси болууга жетишти. Таш-
кенден пенсияга чыгып келип, Жалал-Абаддагы универ-
ситетте саясий экономикадан окутуучу болуп иштеп жат-
кан кезинде, 1997-жылы дүйнөдөн кайтып кетти. Мур-
дагы ал окуган Абдыкалык орто мектеби Баркы Миң-
баевдин ысмына коюлган.

Ошентип 1955-жылдын ноябрь айында Бостонов Сопу-
кулдун соту болду. Ал сот процессинде Түймөкан күбө ка-
тары катышты. Ошондой эле Унутбектин агасы Калбай
Дооранов, Сопукулдун агасы Бостонов Төлөгөн жана
Өскөнбайдын агасы Турсунбаев Өмүр жана башка алардын
туугандары да сот процессинде катышып олтурушту.

Өскөнбай эмне үчүн өлтүрүлдү? Анын өлүмүнө ким-
дер себепкер болду? Айрым бир фактыларга таянсак
Өскөнбай менен Сопукул онунчу классты бүтүп жаткан-
да бир кызды (аты эсимде жок) сүйүп калышат. Кыз
минтип айтат: экөөңөрдүн кимиңер педагогикалык ин-

ститутка экзамен тапшырып өтүп келсеңер, ошого турмушка чыгам — деп, шарт коет. Ушул жерде бир белгилеп кетчү нерсе: Өскөнбай менен Сопукул бири-бирине бөлө болгон. Башкача айтканда экөөнүн апалары бир тууган эже-сиңди болушкан.

Өскөнбайдын биринчи экзаменди «5»ке тапшырып өтүп кеткенин көрө албаган бөлөсү Сопукул кандайдыр катуу намыстанып калат да, Өскөнбайдын «көзүн тазалоону» ойлоп, үйүнө кетпей эле Ошто белгисиз адамдар менен жүрүп калат. Ошол каргашалуу 3-август күнү Сопукул биздикине келет да, Түкапа, балдар кайда? — деп сурайт. Ал: — балдар үйүндө экзаменге даярданып жатышат дейт. Анан ал: — Сен үйүңө кетпедиң беле? Кайда жүрдүң? — дейт. Анда Сопукул: — айыл чарба техникумуна өтөйүн дедим эле, ал да болбой калды,— деп жооп берет да балдардын үстүнө кирип кетет. Аңгыча эле балдардын жаң-жуң деген катуу дабыштары угулуп калат. Түймөкан менен Кимсанхан экөө киришсе Сопукул менен Өскөнбай урушуп жаткан экен. Экөө аларды ажыратып коюшат. Ошондо Сопукул: мен бүгүн үйгө кетем, Кара-Сууга чейин поездге олтурамын — деп Түймөканга айтып кетет. Дал ошол күнү түндө Өскөнбай өлтүрүлүп олтурбайбы?!

Сот процессинде: 3-август түнү кайда жаттың эле? — деген суроого Сопукул: — Кара-Суу шаарына чейин Оштон поезд менен келип, ошол жердеги чайканада жатып калдым,— деп айтат. Бирок чайканачылар: мындай бала 3-август түнү биздин чайканага түнөгөн эмес, муну тааныбайбыз — деп, жооп беришет сотто.

Дагы бир факты: сот процессинде судья Сопукулдун камакта жатып, бир тууган агасы Бостонов Төлөгөнгө жазган катын окуп берет. Анда мындай деп жазылыптыр: — «аке, баягы мен айткан Кара-Суу шаарындагы чайканачыга барып жолугуп, көңүлүн алып коюңуз».

Бул катты Сопукул бөлкө нандын ичине катып чыгарган экен. Контролдук посттогулар нандын ичинен катты таап алышат.

Үчүнчү факты — жогоруда айтылган Сопукулдун көй-нөгүндөгү кан менен Өскөнбайдын төшөгүнүн канын экспертизага текшерткенде экөө эки башка эмес, бир адамдын каны болуп чыгат. Мына ушул жана башка критерийлерге таянып, негизденип Сот Турсунбаев Өскөнбайды Бостонов Сопукул өлтүргөн деген тыя-

накка келип, аны 10 жыл түрмө жазасына кириптер кылат.

Сопукул түрмөдө он жыл жатып, жазасын өтөп келип, көп жылдар бою Жаңы-Жол кооперациясында иштеп жүрдү. Азыр ал алтымыштан ашып калган кези. Өзү туулуп өскөн Кичи-Акжол айылында жашайт.

Мына, кымбаттуу азис окурманым! Мындан дал 45 жыл мурда, 1955-жылдын 3-августунан 4-августка ооган түнүндө болгон окуянын чындыгын силерге баяндап бердим. Ал жөнүндө жазбай деле койсом болмок. Бирок, кээ бир досторумдун, жолдошторумдун суроолоруна ылайык баштан өткөн окуянын чындыгын окурмандарга айтып берүүгө туура келди. Мүмкүн бул азыркы жаштар үчүн сабак болор.

Өскөнбайдын трагедиялуу өлүмүн ойлоп олтуруп, эгерде мен жогоруда айтып кеткендей экөөнүн ортосундагы каргашалуу сүйүү болбогондо Өскөнбай өлтүрүлмөк да эмес, Сопукул камалмак да эмес, мен да милициянын камерасында олтурмак эмесмин!

Бирок, ойлоп олтурсаң канткен менен да адам баласы бешенесине жазылган тагдырындагысын көрөт тура!? Жыйынтыктап айтканда Өскөнбайдын тагдыры мына ушундайча аяктады. Өскөнбайым деп зар какшап ыйлап, кейип жүрүп, анын бир тууган агасы Турсунбаев Өмүрдүн эки көзү көрбөй азис болуп калгандыгы алардын үй-бүлөсүндөгү экинчи трагедия болду.

Кайран бала, кайран Өскөнбай! 17 жашында, он гүлүңдөн бир гүлүң ачыла элек кырчын курагыңда мыкаачынын колунан ажал таптың! Сенин армандуу өлүмүң жөнүндө азыркы күнгө чейин ойлоно берем! Кыйнала берем! Адам өмүрүн кыйган түк жакшылык көрбөсүн деп каргай берем!... Сенин өлүмүң эске түшкөндө жүлүнүм муздап, жүрөгүм сыздай берет! Сенин тагдырыңды эч кимге бербесин деп Кудайдан тилей берем!...

Экзамен тапшырам деп Ош шаарында,
Жаздыгың куурап калды жаш чагында.
Колдоруң ойночу эле аркы-терки,
Комуздун кубулжуган капкагында.
Сезимин адамдардын бийлөчү элең,
Сен ырдап, комуз чертип жатканыңда.
Өскөнбай, кулак салчы айтканыма,

Өмүрдүн узак жолун баспадыңда!?
Мерт болдуң бир зөөкүрдүн бычагынан,
Мемиреп төшөктө уктап жатканыңда.
Эмне үчүн чечкиндүүлүк кыла албады,
Унутбек уктап жаткан капталыңда?!
Мен келип эшигиңди ачканымда,
Боёлуп жатыптырсың өз каныңа.
Жүрөгүм чыдай албай ооруп турду,
Сен келип Оштон ажал тапканыңа!
Азыр да эстегенде боорум ачыйт,
Ак жерден ажал тапкан тагдырыңа!
Жакшыны, жаманды да ылгабаган,
Бул ажал бирдей тура жаш-карыга.
Жашооң токтоп калды уланбастан,
Жаңы эле он жетиге чыкканыңда!
Өскөнбай, жер үстүндө өмүр сүрбөй,
Өкүнөм жер алдында жатканыңа!!!

30-декабрь, 1999-жыл.
Кербен.

## ШАШЫЛЫШ ЖЫЙЫНТЫК

Мына ошентип Ошто болгон күтүүсүз окуядан соң ал жерде иштегенди жыйыштырып, кайрадан туулган жерге кайтууга туура келди. Ал мындайча болду. Биз Түймөкан экөөбүз үй издеп жүрүп, Оштун жаңы шаарындагы «Пиян-базар» деп аталган аймактан бир еврей улутундагы адамдын эки бөлмөлүү үйүнө туш келдик. Жактырып, квартирант болуп көчүп келдик. Тун кызыбыз Гүлнара 3—4 айлык болуп калган. Түймөкан кызы менен үйдө. Мен болсо баягы эле областтык «Ленин жолу» газетасынын редакциясында убактылуу өнөр жай бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп калдым (мурда бул бөлүмдү Айтмамат Үмөталиев жетектеп, ал Фрунзеге «Кыргызстан пионери» газетасына жооптуу катчы болуп кеткенден бери эч ким иштебей бош турган экен).

Еврей улутундагы адамдын үйүнө квартирант болуп келгенден бери 5—6 күн өтпөй эле кызыбыз Гүлнара ооруп калды. Балдар врачына көрсөтүп рецепт боюнча жазып берген дары-дармектерин аптекадан алып, доктурдун айтканындай дарыларын ичирип, үйдө карап жаттык. Мындай учурда адам баласынын башына ар түрдүү ойлор келет экен.

Бир күнү эртең менен чай ичип олтуруп, Түймөкан мындай деп калды: — Анаш, сен ишиңди жакшы көрсөң, бул жерде калып иштей бер. Мени Жаңы-Жолго үйгө жөнөт.

— Мен түшүнбөй жатам. Эмне дейсиң?

— Чынын айтсам Өскөнбайдын өлүмүнөн кийин мен Ошто жашоодон коркуп калдым. Анын үстүнө кызыбыз ооруп жатат. Түндө аябай жаман түш көрүптүрмүн. Өзүң деле ойлоп көр. Бөлөк эл, бөтөн жерде эмне болот, эмне жок. Гүлнара болсо канча күндөн бери көзүн ачпай жатат — деп көзүнө жаш алып ыйлап жиберди. Эмне дээримди билбей шашып калдым. Түймөкан: — сен калсаң кала бер, мен кетем — деп, туруп алды.

Эңги-деңги ой менен редакцияга келдим. Өзүмө көңүлүм суз, өзгөгө кандай экенин билбейм. Ушул абалым менен түз эле газетанын редактору Мырзалы Аматовичке кирип бардым.

— Кел Анаш, кандай маселе менен? Ал киши менин жүзүмө суроолуу карады.

— Мага бул жерде мындан ары иштөөгө мүмкүн болбой калды. Кетүүгө туура келип жатат,— дедим.

— Эмне болду? Бирөөлөр капа кылдыбы?

— Жок, жөн эле кетким келип жатат.

— Ачык айтпайсыңбы, эмне себептен? Биз сени тарбиялап, партияга өткөрөлү деп жатпайбызбы? Анан күтпөгөн жерден кетемин дегениң кандай? Түшүнбөй жатам сага.

Ошентип редактор мен жөнүндө жакшы пикирде экенин жашырган жок. Мен кетүүнүн максатын турмуш-шартка шылтоолоп туруп алдым.

— Мейли Анаш, жаштык кылып жатасың, кийин өкүнүп калбасаң эле болду. Айтор мага, бизге капачылыгың жокпу?

— Жок агай, Сиздерге терең ыраазымын.

— Андай болсо арызыңды жазып бер.

Ошентип Түймөкан экөөбүз Ош менен коштошуп, туулган жерге — Ак-Сууга келдик. Атам баш болуп, үйдөгүлөр кубануу менен тосуп алышты. Ак-Сууга келерибиз менен кызыбыз Гүлнара ооруусунан сакайып кетти. Эми баягы басмырланган көңүлүбүз көтөрүлүп, сүйүнүп калдык. Үйдө жарым айча болуп, анан атам менен кеңешип, районго барып иштөөнү чечтим. Ошол максатта бирөөнүн атын сурап минип, райондун борбору Малкалдыга келдим. Ал кезде партиянын райкомунун би-

ринчи секретары Кадыркул Абдразаков, райондук кеңештин аткаруу комитетинин төрагасы Матен Сыдыков болчу. Райондук маданият бөлүмүнүн орду бош экен, мени Матеке кабыл алып, ушул бөлүмдүн башчысы болуп иштеп бересиң — деп калды. Райкомдун бюросу каршы чыккан жок. Ошентип 1955-жылдын 5-декабрынан баштап райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп калдым. Чынын айтыш керек. Жетекчилик кызматта биринчи жолу иштөөгө туура келди.

Ал күндөр жалындаган жаштык кездер эле. Мен ишти Абдылда Жоробеков дегенден өткөрүп алдым (ал Ноокен районунан болчу). Маданият үйүнүн директору Чүйлүк Ишен Садыков деген жигит эле. Токмоктогу маданият техникумун бүтүргөн адис экен. Ал эми Кичи-Акжолдук Асаналиев Анаркул деген акын жигит маданият үйүнүн көркөм жетекчиси экен. Ал кезде кинофикация да райондук маданият бөлүмүнө карачу. Анын директору Гена Федоров деген орус жигит болчу.

А дегенде бир аз жүрөксүнүп жүрүп, анан бара-бара иш башкарууга үйрөнүп кеттим. Бирок, ошондо да каламымды таштабай маданий агартуу иштерин чагылдырган макалаларды райондук, областтык газеталарга жазып чыгарып турдум.

1957-жылы райондун борборунда 300 орундук жайкы кино-театр курулуп, пайдаланууга берилди. Дагы бир белгилеп кетчү маанилүү нерсе ошол жылы эл чыгармачылыгынын республикалык биринчи фестивалын өткөрүү жөнүндө Кыргызстан КП Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Совети токтом кабыл алды. Бул кароого карата райондук комсомол комитети менен бирдикте кызуу даярдыктарды көрө баштадык. Ошол кезде комсомолдун райкомунун секретары болуп менин жердешим Тагай Абазбеков иштечү. Мен комсомолдун райкомунун бюро мүчөсү болчумун. Экөөбүз республикалык биринчи фестивалга карата кызуу даярдыктарды көрүп, бюро мүчөлөрү жер-жерлерге барып, элдик таланттардын кароолорун өткөрүп, тандалган өнөрпоздор райондук кароого катышууга мүмкүнчүлүк алышты. Тагай экөөбүз райондук кароодон өткөн 40тан ашык жаштарды областтык кароого алып бардык. Областтык кароодо «Желпиме» деген элдик күүнү аткарган комузчулар ансамблибиз, Тагай Абазбеков аткарган Ы. Тумановдун «Жеңиш»

деген күүсү, мен өзүм аткарган «Акинай», «Айнагүл» деген номерлерибиз жюри тарабынан жактырылып, областтык программага киргизилди.

Ошентип 200дөн ашык жаш таланттар «Жалал-Абад — Фрунзе» поездине олтуруп, борбордо өтүүчү республикалык биринчи фестивалга жөнөдүк. Кайсыл вагонго барсаң да музыканын ыргактары жаңырып, шаңдуу-шаттык каптаган көрүнүштөр өкүм сүрүп, жолмо-жол жаш таланттар ырдашып, поездди шаңга бөлөп баратты. Ооба, ал учурдагы бактылуу күндөр эч качан эстен кетпейт.

1957-жылы 20-майда жаштардын республикалык биринчи фестивалы башталды. Жалал-Абад областынын өнөрпоздору 23-майда мурдагы кыз-келиндер институтунун актовый залында концерт беришти. Биздин райондун комузчулар ансамбли (составы 12 кишиден болчу) «Желпиме» деген элдик күүнү чертип чыктык (ансамблди өзүм жетектеп баргам). Андан кийин Тагай Абазбеков Ыбрай Тумановдун «Жеңиш» күүсүн аткарды. Мен болсо өзүмдүн «Акинай» жана Бектемир Эгинчиевдин «Айнагүлүн» ырдап бердим. Залда дүркүрөгөн кол чабуулар. Жюринин башчысы СССРдин эл артисткасы Сайра Кийизбаева болчу.

Эртеси күнү жарык көргөн «Советская Киргизия» (1957-жыл 24-май) газетасынын биринчи бетинде мен жетектеген комузчулар ансамблинин сүрөтү басылып чыкты. Ал азыр менин альбомумда сакталып жүрөт.

Республикалык элдик таланттардын биринчи фестивалында «Айнагүлдү» мыкты аткаргандыгым үчүн «Фестивалдын лауреаты» деген ардактуу наамга ээ болуу бактысы менин тагдырыма туура келди. Бул мен үчүн гана эмес, районубуз үчүн да чоң сыймык болгон эле.

## АБДЫКАЙЫР КАЗАКБАЕВ КЕЛГЕНДЕ

Мен мурдагы Жаңы-Жол райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жүргөн мезгилде республиканын маданият министри Абдыкайыр Казакбаев, Жалал-Абад областтык маданият башкармасынын начальниги Ибраим Жапаркулов эле. Буга чейин Абдыкайыр Казакбаев Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин идеология бо-

юнча секретары болуп иштеп турган. Ал 1941—45-жылдардагы улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу болчу. Мекенди фашисттик душмандардан коргоо үчүн болгон салгылашта ал бир бутунан ажырап кайткан.

Абдыкайыр Казакбаев көптү билген өтө билимдүү, жогорку маданияттуу, орусча да, кыргызча да так сүйлөгөн, сөзгө чебер, чечен адам болгон. Кара торусунан келген орто бойлуу, чачы тармал, көз оту балбылдап жанган келбеттүү, сымбаттуу сулуу жигит болчу. Борбордук партия комитетинин секретары жана кийин маданият министри болуп турган кездерде республикалык идеологиялык кеңешмелерде, семинарларда ал кишинин докладдар менен чыгып сүйлөгөн сөздөрүн бир эмес бир нече жолу угууга туура келген.

Бир күнү райондук кеңештин төрагасы Матен Сыдыков мени чакырып: — эй бала, Фрунзеден министриң Абдыкайыр Казакбаев келе жатыптыр. Иштериң кандай, ага уят болбойбузбу? — деп, сурап калды.

Бул кабарды угуп, ичимде апкаарып калсам дагы, аны билдирбеске аракет кылып: — Жок, Матаке, уят болбойбуз,— деп жооп бердим.

Ошондон эки-үч күн өтпөй улуу даражалуу мейманыбыз келип калды. Ал кишини областтык маданият башкармасынын начальниги Ибраим Жапаркулов коштоп келди. Меймандар эки бөлмөлүү чакан мейманканага жайгашышты. Меймандар менен райкомдун биринчи секретары Абдыразаков Кадыркул жана Матаке, райкомдун жардамчы секретары, менин кайнагам Мазирбай Эргешбаевдер бирге болушту. Кечки тамактан соң Матаке чакырып: — Анаш, меймандар Сары-Челекти көрүп кетели деп жатышат. Райкомдон кайнагаң Мазирбай Эргешбаев коштоп барат. Ошого алдын-ала даярданып, меймандарды жакшылап алып барып келгиле, биз чарбалык иштер менен болобуз, ушуну сага айтып коёюн,— деди.

— Мейли Матаке, бардыгы Сиз айткандай болот,— деп ишендирдим.

Матакенин айткандарын уюштуруп, эртең мененки жеңил чайдан соң Сары-Челекти көздөй сапарга чыктык. Мазикем Казакбаевдар менен бирге «Вилисте». Мен эки-үч кызматкерлерим менен маданият бөлүмүнүн бортовой машинасындабыз. Буга чейин мен өзүм да Сары-Челекти көрө элек болчумун.

Мына, айтылуу Аркыт сайын өрдөп, калың токойду аралап, улам өр тартып жүрүп олтуруп, арзыган Сары-Челек көлүнө жетип келдик. Биринчи жолу көргөндүктөн бул жаратылышы кооз аймак мага аябай таасир калтыргандыгы эсимде. Ооба, көк менен көрк талашкан көл жээги кимди болсо да суктандырбай койбойт эмеспи?

Биз көлдүн оң жак жээгине жайгашып, дасторкон жайдык. Ал мезгил июнь айы эле. Көлдүн көркүнө чыгып турган учуру экен. Көл шапатасы көңүлдү сергитип, көкүрөктү эргитип, жаратылыштын керемет сулуулугу адам сезимин өзүнө тартып аруулап жаткансыйт. Мен меймандарга кымыз куюп, эзилип бышкан эттен туурап, алардын көңүлдүү олтурушун камсыз кылуунун аракетин көрүп жаттым. Меймандардын чындап жарпы жазылды көрүнөт. Бир кезде Ибрагим Жапаркулович, Абдыкайыр Казакбаевичке минтип айтып калды:

— Абдыкайыр Казакбаевич, бул жигит – Анаш Сооронбаев биздин областыбыздагы эң жаш бөлүм башчылардын бири. Өзүнүн таланты бар. Комуз чертип, ырдайт. Жазган ырлары, очерктери, макалалары областык, республикалык газеталарга чыгып турат. Бөлүм башчысы өзү баштап комузчулар ансамблин уюштуруп, анан жекече номерлерди аткарып, фестивалдын лауреаты болуп келди. Кыскасы баардык жагынан бар, өнөрлүү жигит, — деп мени министрге мактап калса болобу.

— Кыргызда «Өнөрүң болсо өргө чап» деп айтылат эмеспи. Бул сөздө калет жок. Талант ар бир эле адамда боло бербейт. Бул адам баласында сейрек учуроочу касиет. Аны бапестеп, барктап күтүш керек. Талант таптоону сүйөт. Ошого жараша көп окуп, терең билим алып, издене бериш керек. Ансыз ийгилик болбойт. Бул жигитиңди мактап калдың Ибрагим Жапаркулович анда эмесе анын өнөрүн көрбөйлүбү? Кандай дейсиңер? — деп, дасторкондо олтургандарга жылмая карады Абдыкайыр Казакбаевич.

— Туура айттыңыз Абдыкайыр Казакбаевич! Ушундай табийгаттын кооз койнунда ыр билбеген адамдын да ырдагысы келет турбайбы — деп, Мазикем министрди колдоп койду. Ушундай сүрөөндөн соң ырдоого туура келди. Анткени меймандын да көңүлүн алыш керек да. Мен машинанын кабинасынан ала барган комузумду алып келип, кулагын бурап, күүгө келтирип чертип, анан жердешим, төкмө акын Ормонбек Асановдун ырына жазылган

кыргыздын чыгаан обончусу Бектемир Эгинчиевдин «Айнагүлүн» созолонто ырдап кирдим. Ырдап бүткөндөн кийин, Абдыкайыр Казакбаевич: — Ибраим Жапаркулович, бекер мактаган эмес экенсиң. Бул бөлүм башчың мыкты ырдайт турбайбы? Бизге маданият майданына мына ушундай кадрлар керек. Ал эми анын тескерисинче кээ бир райондордо кадрларды жөндөмүнө, талантына карап тандоонун ордуна, искусство менен дегеле иши жок, мурда райкомдун секретары же башка чоңураак кызматта иштеп жүрүп бошоп калгандарды алып келип маданият бөлүмүнө олтургузуп коюшат. Менимче бул туура эмес практика. Бул жигиттин келечеги көрүнүп турат. Жакшы ырдайт экен. Комузду да так чертет экен — деп, сөз учугун бир топко улап барып токтоду.

Мен «Айнагүлдөн» кийин, өзүмдүн «Акинай» жана «Колхоз багында» деген ырларымды ырдап бердим. Олтургандар күлүп-жайнап, Абдыкайыр Казакбаевичтин айткан сөздөрүн кубаттап жатышты.

Көл боюнда көпкө олтурдук. Абдыкайыр Казакбаевич сөзгө өтө устат адам экен. Ар кандай анекдотторду айтып, олтургандардын бүйүрүн кызытып, күлдүрүп олтурду. Ал өзүнүн жөнөкөйлүгү, тамашакөйлүгү, маданияттуулугу менен бизди өзүнө тартып алды. Чыныгы элдик адамдын сапаты ушундай болот тура!

Бир кезде Абдыкайыр Казакбаевич бир бутаны алыс ыргыттырды. Көрсө алар өздөрү менен кошо чып этмесин ала келишкен экен.

— Кана, эмесе ушул бутага ким атып тийгизе алат? — деди министр. Ибраим Жапаркулович баштап, баардыгыбыз атып жатып бутага тийгизе албай койдук. Акыркы кезек министрдин өзүнө келди. Ал бир атканда эле бутаны үзө атты.

— Биз Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде фашисттерди так ушитип атып кыйратканбыз — деп, министр күлүп калды. Биз а кишинин таамай аткыч, чыныгы снайпер болгондугуна таң берип, таазим кылдык. Бу да өзүнчө талант дедим ичимде.

Ошентип, кеч бешимде кайра кайттык. Кабактын дөңүндөгү эски жол менен капчыгайдын оозуна келип, урматтуу министр Абдыкайыр Казакбаевич менен коштоштук. Алар андан ары Караван жана Ала-Бука райондорун көздөй жөнөп кетишти.

Абдыкайыр Казакбаев чындыгында да өзүнүн адам-

герчилиги, кызмат абалы, саясий кредосу жана мамлекеттик ишмердүүлүгү боюнча кыргыз элинин ошол элүүнчү жылдардагы эң көрүнүктүү, элге таанымал, кадырбарктуу, эл, жерин сүйгөн чыныгы патриот уулдарынын бири эле.

Кийин марксизм-ленинизм жана тарых институтунун директору болуп иштеп турган мезгилинде катуу ооруп калып, туура эмес операциядан улам каза болгондугун газеталардан окуп, аябай кайгырдык... Армандуу дүйнө деген ушундай болот тура чиркин!

## ЭКИ РАЙОН КОШУЛГАНДА

1958-жылы сентябрь айында мурдагы Жаңы-Жол жана Караван райондорун кошуу жөнүндө Кыргыз ССР Жогорку Советинин Указы жарыяланып калды. Анда мен райондук «Коммунизм жолу» газетасынын жооптуу катчысы болуп иштеп жүргөм. Газетанын редактору мурда партиянын райондук комитетинин секретары болуп иштеген Мамбеталиев Жамшитбек деген жигит эле. Ал өзү Токтогул районунун Үч-Терек айылынан болчу. Анчамынча ыр жаза коймой, комуз чертип, кызыганда үн созо коймой адаты боло турган. Ошол адам менен бирге иштешип калдым. Кээде ал атыман айтпай «Анатай» деп, «эркелете» сүйлөп калчу.

Бир күнү Караван райондук «Колхоз жолу» газетасынын редакциясынын бухгалтери Мария Крыловна Бреус деген аял биздин редакцияга келип калды. Таанышкандан кийин ал редакторуң кайда деди. Ооруп үйүндө дедим. Анан ал жакында эки районду кошуу жөнүндө Кыргыз ССР Жогорку Советинин Указы чыккандыгына байланыштуу редакциянын кандай инвентарлары бар, ошону каттап кетиш үчүн келгендигин айтты.

1958-жылдын декабрь айында эки райондун — Жаңы-Жол жана Караван райондорунун коммунисттеринин кошмо конференциясы болуп калды. Конференцияны партиянын Жалал-Абад областтык комитетинин ошол учурдагы биринчи секретары Төрөгелди Балтагулов алып барды. Ошентип эки район кошулуп, борбору Караван болуп, районго мурдагы Жаңы-Жол районунун атын берди. Партиянын райкомунун биринчи секретары болуп буга чейин партиянын Жалал-Абад обкомунда секретарь болуп иштеген Кадыркул Шадыбеков, экинчи секретар-

лыгына мурдагы Жаңы-Жол райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп келген Матен Сыдыков, секретары болуп Шарапат Кыдыралиева шайланды. Райондук кеңештин төрагалыгына мурда партиянын Жаңы-Жол райондук комитетинин биринчи секретары болуп иштеп келген Сатар Арзыкулов дайындалды.

Райондук газетанын редакторлугуна мурда партиянын Ала-Бука райондук комитетинин биринчи секретары болуп иштеп келген Назар Жаналиев шайланды.

Мурда эки бет болуп чыккан «Колхоз жолу» газетасы 1959-жылдын 1-январынан тартып төрт бет болуп чыга баштады. Райкомдун бюро мүчөлөрү коммунисттердин кошмо конференциясында редактордун орун басарлыгына Жамшитбек Мамбеталиевдин кандидатурасын макулдашышкан экен. Бирок, анын ордуна мурдагы «Колхоз жолу» газетасынын редактору Ботоев Эргеш редактордун орун басары болуп иштеп калды. Мурда партиянын Жаңы-Жол райкомунда инструктор болуп иштеген Жумабек Келешбаев жооптуу секретарь, мен Керим Орунбаев экөөбүз адабий кызматкер, Ташибеков Аширбек корректор болуп бирге иштеп калдык.

Ал кезде редакция менен басмакана азыркы прокуратура менен сот олтурган эки кабаттуу имарат турган жерде болчу редактор Назар Жаналиев баш болуп жети адам бир бөлмөдө тыгылышып олтурчубуз. Назар аке сүрдүү адам эле. Ал кишини баардыгыбыз сыйлап, ыйбаа кылчубуз. Анын үстүнө ал кезде партиялык талап катуу болчу. Назар аке мындан мурда да райондук газетанын редактору болуп иштегендиктен газетанын ишин жакшы билчү. Ошол жылы биздин «Колхоз жолу» газетасы «Советтик Кыргызстан» (азыр «Кыргыз Туусу») газетасына макталып чыккандыгыбыз менин эсимде.

## ӨЗ КАБАРЧЫЛЫККА ӨТКӨНДӨ

Ошол эле 1958-жылдын аягында Жалал-Абад областтын Ош областына кошту. 1960-жылы 4-июнда мен «Колхоз жолунан» Ош областтык «Ленин жолу» газетасына Жаңы-Жол, Ала-Бука, Чаткал, Таш-Көмүр, Токтогул райондору боюнча өз кабарчысы болуп өттүм. Ал эми областтык «Ленинский путь» газетасынын кабарчысы болуп мурда Фрунзеде республикалык эмгек резервдер коми-

тетинин төрагасы болуп иштеп турган кадыр-барктуу адам Байназаров Нуркул аке иштеп калды. Кыргыз радиосунун кабарчысы Абдылда Токтоназаров болчу (46 жашында 1967-жылы каза болгон). Кийин ал кишинин ордуна Жумабек Келешбаев кабарчы болду. Мен мына ушул адамдар менен бирге өзүмдүн кабарчылык милдетимди бардык мезгилде жоопкерчилик менен аткарууга аракеттендим. Редакциянын кварталдык, жылдык перспективалык иш пландарынын негизинде ар түрдүү жанрдагы макалаларды жазып, газетага тез-тез жарыялап турдум.

Ал кезде Ош областык «Ленин жолу» газетасынын редактору Асылкан Бөрүбаев болчу. Өзү шыңга бойлуу, чачын буурул баскан, чап жаак, адамды сынап тике караган кыраакы адам эле. Бул кызматка А. Бөрүбаев Фрунзеде «Коммунист» журналынын редакторунун орун басары болуп иштеп жаткан жеринен келди. Жүрүш-турушу сак, сүйлөгөн сөздөрү так, сөзмөр жигит болчу. Ал атактуу журналист гана эмес көркөм адабият жагынан да кабардар эле. Ал Яндын «Чынгыз хан» деген романын кыргыз тилине эң мыкты которгон.

Өз кабарчы болуп иштеп жаткан кезимде Бөрүбаев редакцияга келип кетиңиз деп чакырып калды. Барсам ал киши мындай деди: Сизди (ал киши өзүнөн кичүү адамдарды да дайыма «Сиз» деп сүйлөчү) редакциянын аппаратына алалы деп жатабыз. Аппаратты чыңдабасак болбойт. Чакырганыбыздын максаты ошол. Сиз буга кандай дейсиз? — деп, мага сынай көз чаптырды. Мен: «квартира маселесинен кыйналамго» — дедим. Ал жагынан кам санабаңыз. Колуңузга жаңы бүткөн квартиранын ачкычы берилет. Ал эми көчүп келгениңиз үчүн кеткен чыгымды төлөп беребиз, — деди. Андай болсо мен макулмун, — дедим.

Ошентип 1962-жылдын 4-майында мен өз кабарчылыктан редакциянын аппаратына чакыртылып келип, информация бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп калдым. Өзүмдүн ордума калемдешим Калмурат Рыскуловду сунуш кылдым.

Редактор айткандай азыркы Ош мамлекеттик университетинин оң жак капталында жаңы эле курулуп бүткөн 4 кабаттуу корпустун биринчи кабатынан эки бөлмөлүү үйгө ээ болуп, Каравандан көчүп келип жайгашып калдык.

Ошол мезгилде областтык «Ленин жолу» газетасынын

редакциясында көптөгөн кесиптештер, журналисттер менен бирге иштештим. Мисалы редактордун орун басары Артыкбай Ажыбеков, карыя журналист Узак Турсункулов, Шабданбай Абдыраманов, Таш Мияшов, Исраил Сулайманов, Жолчубай Жунусов, Турсунбай Кадырбаев, Тууганбай Касымалиев, Шабы Жумаев, Турду Жыргалбеков, эжеке журналисттер Куручалиева, Сафаргалиева, Аккозиева жана башкалардын аттарын атоого болот.

Асылкан Бөрүбаев менен мамилем жакшы эле болчу. Ал кандай тапшырма берсе, дал өзүндөй аткарууга бардык күчүмдү жумшап, ак пейилим менен эмгектендим. Кыскасы бөлүмдүн ишин аксатканым жок.

Асылкан Бөрүбаев жаңыдан уюшулган областтык айыл-чарба обкомунун идеология боюнча секретары болуп шайланып, анын ордуна мурда орун басары болуп иштеп келген Артыкбай Ажыбеков редактор болуп иштеп калды. Бир күнү Ажыбеков мени чакырып: Анаш, сени Асылкан Бөрүбаевич чакыртып жатат, барып келчи — деп, калды. Барсам: — келиңиз Анаш Сооронбаевич — деп, жайдарыланып жатты.

— Жаңы ордуңуз менен куттуктаймын, Асылкан Бөрүбаевич! — дедим.

— Рахмат! Ал эми Сизди чакыртканымдын себеби: КПСС БКнын чечими менен бардык райондордо газеталар жоюлду. Алыскы Лейлек менен Жаңы-Жол райондорунда гана газеталар сакталып калды. Эми бул эки райондун редакцияларын мыкты, тажрыйбалуу кадрлар менен чыңдашыбыз керек. Обкомдун бюросунда макулдашып, областтык «Ленин жолу» газетасынын редакциясынын аппаратынан эки журналистти: Сизди Жаңы-Жол райондук «Жаңы-турмуш» газетасынын жооптуу секретары кылып, Дүйшөн Жапаровду Лейлек райондук «Алга» газетасынын редакторуна орун басар кылып жөнөтүп жатабыз. Обкомдун бюросу ушундай чечти. Сиз буга макулсузбу, кандай дейсиз? Ал мени кандай деп жооп берер экен деп сынап карап турду.

— Асылкан Бөрүбаевич, Ошко келип иштеп жатканыма толук бир жыл болбой жатып кайра, Жаңы-Жолго барсам эл эмне дейт? Бара албайм. Эгер менин ордум башка бирөөлөргө керек болуп жатса каршылык кылбайм, мен адабий кызматкер болуп деле иштей берем,— дедим.

— Анаш Сооронбаевич! Сиз коммунистсиз. Коммунист партиянын солдаты. Кайда жиберсе Сиз менен биз

жок дей албайбыз. Туурабы? Сиз обкомдун бюросунун чечимине баш ийишиңиз керек жана аны аткарууга милдеттүүсүз. Сөз бүттү. Макулдаштык, бара бериңиз — деп, Асылкан Бөрүбаевич сөзүнүн акырын олуттуу жыйынтыктады.

Бирок, мен унчукпай иштеп жүрө бердим. Асылкан Бөрүбаевич редактор Артыкбай Ажыбековичке үч-төрт жолу телефон чалып, тезинен ишти тапшырып Жаңы-Жолго барсын. Аны жаңы редактору күтүп жатат,— деп айтыптыр. Артыкбай аке кайра-кайра мени чакырып: — Анаш, өзүң эстүү жигитсиң. Асылкан Бөрүбаевич «Сооронбаев кеттиби?»— деп, кайра-кайра сурап жатат. Жаман көрүнүп эмне кыласың. Андан көрө эртеңки келечегиңди ойло, иним. Бар деген жагына бара бер. Өзүңдүн районуң, өзүңдүн элиң эмеспи. Эсенчилик болсо калганын турмуш өзү көрсөтөт. Арызыңды жазып, бухгалтер экөөң кайра мага киргиле,— деп, мени жоошутуп кеп салды. Артыкбай Ажыбекович жылоо сөз, адамгерчиликтүү, аяр жигит болчу. Анын айткан акыл-насаатtарынан кийин областык «Ленин жолу» газетасынын аппараты менен коштошуп, 1963-жылдын 1-апрелинде Жаңы-Жол территориялык өндүрүштүк айыл чарба башкармасынын борбору болуп турган Шамалды-Сай поселогуна келдим (ал кезде Ала-Бука, Жаңы-Жол, Токтогул райондору биригип, Жаңы-Жол территориялык өндүрүштүк айыл чарба башкармасы деп аталчу).

## КЕРБЕНГЕ КӨЧҮП КЕЛГЕНДЕ

Жаңыдан дайындалган редактор Төрөназар Чукуев ушул жерде экен. 1950—52-жылдары Жалал-Абаддагы эки жылдык мугалимдер институтунда студент болуп окуп жүргөн кезимден бери жакшы тааныш болчумун. Менин жакын досум Арзымат Өскөнбаев редактордун орун басары экен. Май айына чейин газета Таш-Көмүрдөгү басмаканадан чыгып турду. Май айында редакцияны Шамалды-Сайдан Караванга көчүрүп келдик.

Ал кезде азыркы Сары-Челек ресторанды жайгашкан жерде эки кабат имарат бар болчу. Алды чайхана, экинчи кабатынан биз орун алдык. Чындыгында журналисттик кадрлардын жоктугунан бир топ кыйналдык. Мурда

райкомдо инструктор, райкомдун секретары, андан кийин райондук кеңештин аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп иштеп келген Шарапат Кыдыралиева менен райкомдо партиялык саясий агартуу кабинетинин башчысы болуп иштеп келген Сулайман Абдылдаевди райком редакцияга адабий кызматкер кылып жөнөттү. Мен редакциянын секретары болгондуктан алар менен көп иштешүүгө туура келди. Албетте ал экөө тең көптү баштарынан өткөргөн, турмушта бардыгын көргөн, бир сөз менен айтканда турмушта башыкөзү кагылган адамдар болчу. Ал жагында талаш жок. Бирок, газетага макала жазуу жагынан экөө тең аябай кыйналышты, мени да кыйнашты. Ошентсе да аларга колумдан келишинче мындай жазыңыздар, андай жазыңыздар деп, билген кеңештеримди берип, жардамдашып жүрдүм.

Редактор Төрөназар Чукуев билим жагынан терең эрудициялуу, саясий деңгээли жогору, жогорку партиялык мектепти бүткөн, куулук-шумдугу жок, дайыма таза кийинип, таза жүргөн маданияттуу, сылык-сыпаа адам болчу. Ал кишинин адабий таланты да бар эле. Очерк, аңгеме, ырларды, фельетондорду жазчу. Кээде олтуруп алып макала жазса, кээде келерки сандын макеттерин өзү түзчү.

Төрөназар Чукуевичти көбүнчө Төкө деп койчубуз. Шакем анда (Шабданкул Казыбеков) бизде корректор болуп иштеп калган. Шакем шайыр, тамашакөй адам эле. Ал киши да ыр жазчу. Кээде экөөбүз көчөдө баратып, айрым бир көрүнүштөрдү алым-сабак ырга айлантып, өзүбүзчө эле Токтогул менен Эшмамбет болуп кетчүбүз. Кээ бир олтуруштарда комуз чертип, Алымкул төкмөнүн обону менен Токтогулдун «Май чач» деген ырын ырдап калар эле кайран киши.

Ал киши менен 20 жылдан ашык бирге иштештим. Кайран Шакем 1985-жылы 5-мартта дүйнөдөн кайтты. Ошондо аза күтүү митингесинде төмөнкү ыр саптарымды окуп коштошкон элем:

Жашынан калем кармаган,
Жамандык ишке барбаган.
Өрнөктүү өскөн жан эле,
Өмүрүн элге арнаган.

* * *

Ашыгып калем кармаган,
Акындык жолду тандаган.
Эл үчүн иштеп далай жыл,
Эмгегин элге арнаган.

* * *

Көңүлү шайыр жан эле,
Көрөнгө талант бар эле.
Олтурган жери Шакемдин,
Оюн, күлкү, шаң эле.

* * *

Мамиле, ишке так эле,
Маанайы жарык жан эле.
Өмүрү өттү дегенге,
Ишенбей турам дагы эле.

* * *

Калың эл менен бирдикте,
Кайгырып мен да турамын.
«Аталап» ыйлайт артында,
Жалгыз кызың Нурайым.

* * *

Ар дайым сыйлап атамдай,
Укчу элем насаат сөзүңдү.
Кайгырсак дагы канчалык,
Шаке таппайбыз эми өзүңдү!..

## РЕДАКТОР БОЛГОНДО

1965-жылы 18-августта мени кайрадан Ош областт «Ленин жолу» газетасына баягыдай эле Жаңы-Жол, А Бука, Чаткал, Таш-Көмүр, Токтогул райондору боюнч кабарчы кылып алышты. Менин областтык газетага шүмө Төкөм каршы чыккан жок, макул болду. Ошен кабарчылык ишиме кайра кириштим. Областтык «Лен жолу» газетасынын редактору мурдагы эле Артык Ажыбеков болчу.

Кабарчылык иш өзүнчө бир кызык. Көпчүлүк учу жол жүрүп, сапарда болосуң. Кыдырып эл көрөсүң, көрөсүң. Жаңы адамдар менен кездешесиң, таанышас

Далай-далай жакшы, жаман окуялардын күбөсү болосуң. Жакшы иштерди көргөндө кубанасың, толкундайсың, эргийсиң. Жаман иштерди көргөндө зээниң кейип, капаланасың. Аларды иликтеп, ылайыгындай териштирип, чындык позициядан газетага жазып жарыялоо — кабарчынын милдети. Мен эң сонун адамгерчиликтүү, жапакеч, ошол эле мезгилде өзүнө таандык принциби бар, мыкты журналист жана коомдук ишмер Артыкбай Ажыбекович менен эки-үч жыл бирге иштештим.

Ал эки жылдан ашыгыраак редакторлук кылып, кезектеги партиялык конференцияда кызматынан бошоп калды. Анын ордуна мурда ушул эле редакцияда орун басар болуп иштеп келген Арзымат Өскөнбаев редактор болуп шайланды. Арзымат экөөбүздүн көңүлүбүз жакын жолдош, дос элек. 1950—52-жылдары Жала-Абаддагы эки жылдык мугалимдер институтунда студент болуп окуп жүргөнүбүздө экөөбүз областтык радио студиядан бир нече жолу комуз чертип, ырдап, концерт берген күндөрүбүз эч качан эстен чыкпайт. Биздин достук мамилебиз мына ушундайча башталган. Бир күнү Арзыматка келсем, ал мага мындай деп кеп салып калды: — Анаш, экөөбүз студенттик мезгилден бери жакшы жолдошпуз, доспуз. Кесибибиз да бир болуп калды. «Ленин жолу», «Ленинчил жаш» газеталарында иштеп арманың деле калган жоктур. Албетте кабарчылык кызыктуу дечи. Бирок, көбүнчө талаалап жүрүп, ысык-суукка кабылган күндөр да көп болот эмеспи. Эгер сага макул келсе редакцияга орун басар болуп кел, экөөбүз бирге иштешип, газетанын ишин оңдойлу. Сен менин бул сунушума кандай дейсиң? Өзүң да ойлонуп көр досум?

Чындыгында Арзыматтын айтканы көңүлүмө төп келип калды. Ошентип, 1968-жылдын 1-январынан тартып, Ош областтык «Ленин жолу» газетасынын өз кабарчылыгынан Жаңы-Жол райондук «Жаңы-турмуш» газетасына өтүп, редактордун орун басары болуп иштеп калдым. Арзымат экөөбүз ынтымактуу, жакшы иштештик.

1969-жылдын аягында Ала-Бука району Жаңы-Жол районунан бөлүнүп, досум Арзымат Өскөнбаев жаңы уюштурулган «Эмгек даңкы» газетасына редактор болуп которулуп кетти. Партиянын Ала-Бука райкомунун биринчи секретарлыгына Ноокаттык Абдибаит Тажибаев, райондук кеңештин аткаруу комитетинин төрагалыгына Кара-Суулук Наби Жапиев келди. Ушул учурда партия-

нын Жаңы-Жол райкомунун биринчи секретары болу иштеп турган Касымов Махмуд Матниязович башка ра йонго которулуп, анын ордуна биринчи секретарь болу Ишенбай Жангазиев келди (ал буга чейин Фрунзеде ре публикалык элдик контролдоо комитетинин орун баса ры болуп иштеп турган эле). Ал келери менен ишти би ринчи тартип маселесинен баштады. Райкомдун пленум дары, ар кандай чогулуштар, кеңешмелер, семинарла жана башка ар түрдүү иш чаралар айтылган мөөнөтүнө кечикпей башталчу болду. Мурда кечигип келгендерд чогулуш жүрүп жаткан учурда деле залга киргизе берчу Эми андай тартипсиздикке жол берилбей калды. Кача гана тыныгуу болгон кезде кечигип келгендерди топто залга киргизип, эл алдына катар тургузуп, «мындан ар минтип кечикпей жүрүңүздөр»— деп, катуу уяткары койчу. Мына ошондон кийин райондо пленум, актив, ке ңешме, чогулуш, семинар болобу, айтор кандай иш чар болсо да чакырылган адамдар чогулуш башталардан жа рым саат мурда келип, залдан орун алып олтура турга болуп калышты.

1970-жылдын 24-апрелинде мени райондук «Жаңы турмуш» газетасынын редакторлугуна бекитти. Ишенба Жангазиев газетанын ишине дайыма көңүл буруп, социа листтик мелдеште артта калгандарды, өздөрүнүн жыл дык план-тапшырмаларын аткарбаган чарбаларды газета га сындап жазгыла деп, көп адамдар катышкан чогулуш тарда жарыя айтып турчу.

Ал киши жетекчи катары жетик адам эле. Элибиз дин улуттук салтын, үрп-адатын жана санжыраны мык ты билчү. Кыргыздын урууларынын келип чыгышы, гео графиялык алкактарга таркалышы, башка кошуна уруу лар менен карым-катнаш, өз ара мамилелери жөнүнд көп айтчу. Ошол мезгилде райкомдо биринчи секретар болуп иштегендердин арасында илимий даражасы бар секретарь жалгыз гана Ишенбай Жангазиев болгон. Ал экономикалык илимдердин кандидаты болчу. Айыл чар басынын экономикасын жакшы билчү. Эл аралап, айыл кыштактарды кыдырып жүргөн кезде карыялар менен көп кездешип, көп сүйлөшөр эле.

И. Жангазиев бир кездерде Тажикстандын Жерге-Та районуна мугалим болуп барып, райкомго секретарь бо луп көтөрүлгөн кезинде ал жакта жашаган улутташтары быздын эртеңки келечеги жөнүндө да камкордуктарды көрүп, алардын уул-кыздарынын Кыргызстанга келип

окуп билим алышына колдон келишинче жардамдарды көрсөткөндүгү тууралуу да дасторкон үстүндө олтурганда айтып эскерип калар эле. Бир сөз менен айтканда Ишенбай Жангазиев кыргыз элинин чыныгы патриот жетекчилеринин биринен болгон.

Ишенбай Жангазиев районго жетекчи болуп келери менен Майлы-Сай—Ак-Суу жолун куруу ишине астейдил киришип, бул боюнча атайын штаб түзүп, штабдын жетекчилигине ошол мезгилде райондук элдик контролдоо комитетинин төрагасы болуп иштеп турган партиянын райкомунун бюро мүчөсү Акжол Кадыровду, орун басарлыгына Ак-Суу айыл кеңешинин төрагасы Жузупбек Суранбаевди бекитти.

Ак-Суу жолун куруу иши 1969-жылдын 9-ноябрында башталды. Жол курулушунда иштегендерди күндөлүк тамак-аш менен камсыз кылуу жагын Ак-Суунун жалпы эли көтөргөн. Жергиликтүү эл жол курууччуларга нан, каттама, эт, май, сүт, айран жана башка азык-түлүктөрдү байма-бай алып келип камсыз кылып турушкан. Алар тарабынан ондогон кой, эчки, кара малдар ысык тамак үчүн союлуп, үзгүлтүксүз жеткирилип турган. Кыскасы жол курулушуна өз салымын кошпогон бир да үй-бүлө калган эмес. Ал эми жол курулушунун жүрүшү боюнча райондук «Жаңы-турмуш» газетасынын бетине макалалар, репортаждар жазылып, алдыңкы жумушчулардын сүрөттөрү менен кошо газетага жарыялап турганбыз.

Майлы-Сай — Ак-Суу автомобиль жолу 50 жумушчу күндүн ичинде курулуп бүткөрүлүп, 1969-жылдын 20-декабрында жолду пайдаланууга берүүгө арналган салтанаттуу азем Ак-Сууга түшө бериштеги Арпа-Мойнок деп аталган жерде өткөрүлгөн. Бул күн Ак-Суулуктар үчүн өзүнчө эле чоң майрамга айланды. Салтанаттуу аземге партиянын Ош обкомунун биринчи секретары Султан Ибраимов жана эл депутаттарынын областтык аткаруу комитетинин төрагасы Темирбек Кошоевдер баш болгон жол курулушуна тийешеси бар областтык, райондук мекеме-ишканалардын жетекчилери келишти.

Райкомдун биринчи секретары И. Жангазиев салтанаттуу чогулушту ачып, сөздү С. Ибраимовго берди. Ал мындай деди: — Кымбаттуу Ак-Суулук туугандар! Бүгүн сиздердин айылыңыздарда адам кубанарлык чоң майрам, зор окуя болуп олтурат. Жол маселеси жөнүндө бизге, республиканын жогорку жетекчилерине далай жолу арыз менен

кайрылып келгенсиздер. Мына эми ошол арзууңуздар турмушка ашып, Ак-Суу менен райондун борбору Караванды байланыштырган автомобиль жолу курулуп бүтүп, пайдаланууга берилип жатат. Албетте мындай чоң маселени ишке ашырууда өзүнүн зор уюштуруучулук жөндөмүн көрсөткөн районуңардын жетекчиси Ишенбай Жангазиевге обкомдун бюросунун атынан чоң ыраазычылыгыбызды билдирип, рахматыбызды айтабыз! Бул жаңы бүткөн жолуңар бактылуу сапарлардын жолу болсун! Бардыгыңыздарды жол курулушунун ийгиликтүү бүтүшү менен чын дилимден куттуктаймын! Ушул жолуңар байсалдуу жол болсун! Андан кийин С. Ибраимов менен И. Жангазиев кызуу кол чабуулардын алдында Майлы-Сай — Ак-Суу автомобиль жолунун ачылышына арналган кызыл тасманы кыркышты. Андан ары куттуктоо сөздөр уланып жатты. Жол курулушуна мыкты катышкан адамдардын аты аталып, аларга баалуу сыйлыктар тапшырылып, Ак-Суулуктардын райондук жана областтык жетекчилерге терең ыраазылыктары билдирилди. Жол курулушуна арналган азем аяктап, маңдайында «Караван — Ак-Суу» деген жазуусу бар биринчи автобус алгачкы рейске чыгып, биринчи жүргүнчүлөрдү олтургузуп, райондун борбору Караванды көздөй биринчи сапарга чыкты.

Бул салтанаттуу аземдин экинчи бөлүгү Арстаналы Осмонбеков атындагы орто мектепте улантылды. С. Ибраимов, Т. Кошоев, И. Жангазиев, «Жаңы-Жол» совхозунун ошол кездеги директору К. Козубековдор баш болгон республикадан, областтан, райондон келишкен меймандар үчүн ал жерде атайын сый тамак уюштурулуп, Ак-Суулуктардын ак дилден жайылган ак дасторконунан даам сызышып, оюн-тамашага батышып, сый-урматтарды көрүп кайтышты.

Ак-Сууда өткөн ошол күнкү салтанаттуу митинг жөнүндөгү репортажды өзүм жазып, катышкан адамдардын сүрөттөрү менен кошо «Жаңы-Турмуш» газетасынын биринчи бетине жарыялаганым ушул бүгүн да менин көз алдымда турат.

Күндөрдүн биринде И. Жангазиев мени өзүнө чакырып, мындай деди: — Анаш, мен Фрунзедеги «Интуристтин» жетекчилери менен сүйлөшүп, райондон 90 адамды үч мөөнөт менен чет мамлекеттерге туристтик саякатка жиберип, эс алдырууга макулдаштым. Сен чет мамлекеттерде болгонсуңбу?

— Жок Ишенбай Жангазиевич! Фрунзеден ары өтө элекмин,— дедим.

— Барууну каалайсыңбы?

— Сиз уруксаат берсеңиз эл катары саякаттап эл көрүп, жер көрүп, эс алып келүүгө эмне үчүн болбосун?

— Анда уруксат, үч топтун бирине кошулуп барып саякаттап кел,— деп уруксат берди.

Биз 1970-жылдын 10-ноябрында 35 адам атайын автобус менен Каравандан Фрунзени көздөй жөнөп кеттик. Биздин топко ошол кездеги Ульянов атындагы колхоздун төрагасы Кубат Өмүралиев жетекчилик кылып, боордош Болгарияда эс алып кайттык. Бул тууралуу көлөмдүү жол очерки жазылып, газетага басылган.

И. Жангазиев районго жетекчилик кылган эки жарым жылдын ичинде районду алдыңкы катардагы райондорго теңеп койгондугун калыстык үчүн айтууга тийишпис. Райондун экономикасы көтөрүлүп, социалдык маданий жактан зор өсүштөргө ээ болду.

И. Жангазиев орусча да, кыргызча да так жана сабаттуу сүйлөчү. Анын чечендигинде айла жок эле. Ар бир сөздү так, таамай, таасирдүү сүйлөр эле. Элдерди дайыма ынтымакка чакырып: «төртөөң төп болсоң төбөңдөгү жылдыз жерге түшөт, алтооң ала болсоң алдыңдагы насибеңди алдырасың» — деп, макалдатып сүйлөчү.

Ал райондун тарыхында биринчи асфальт заводун курдуруп, райондун борбору Каравандын көчөлөрүн өзү башында туруп, асфальттаткандыгы көз алдыбызда турат. Кожо-Ата суусуна көпүрө курдуруп, Караван — Кожо-Ата, Караван — Кара-Суу, Караван — Пача-Ата, Караван — Кара-Төбө багыттары боюнча автобусттук рейстерди ачтырган.

## КАЙРАДАН БӨЛҮМ БАШЧЫ

1973-жылдын май айынын биринчи жарымында райондук газеталардын 20га жакын редакторлору Алма-Ата шаарына ВПШнын (Жогорку партиялык мектептин) алдындагы бир айлык курсуна барып окуп калдык. Алма-Атаны биринчи көрүшүм. Бош убактыларыбызда Көк-Дөбөсүнө чыгып, Медеосуна (жасалма муз айдыңы) барып, кино-театрларына кирип, каалаганча көңүл ачканыбыз азыр да менин көз алдымда. Ал учур эстен чыккыс

ажайып күндөр эле. Биз Ала-Бука райондук «Эмгек даңкы» газетасынын редактору, жакшы көргөн досум Арзымат Өскөнбаев экөөбүз бир ай бою бир бөлмөдө жатып, кайда барып сейилдебейли, дайыма ажырабай бирге жүрдүк.

Бир айлык курсту бүтүп, үйгө келсем, эл айткандай «мааледе дуу-дуу кеп».

— Сен бир нерсени уктуңбу?— деди Түймөкан кечки тамакта олтурган кезде.

— Жок, ал кандай кабар экен?

— Сени редакторлуктан бошотуп, ордуңа Ысак Жумабеков редактор болот экен деп жатышат,— деди ал.

— Айта беришет да, андай болууга мүмкүн эмес,— деп Түймөканды сооротуп койдум.

Кабинетте иштеп олтурсам телефон шыңгырап калды.

— Анаш Сооронбаевич, сизди Эркин Эргешович өзүнө чакырып жатат, тез келип кетиңиз,— деди райкомдун секретаршасы.

Кирсем Эркин Эргешович өзү эле экен. Сизди чакырганымдын себеби, башка кызматка которолу деп жатабыз,— деди. Кесибиңиз педагог турбайбы? Ошондуктан сизди райондун борборундагы орус-кыргыз аралаш чоң мектепке (Таш-Төбө орто мектебине) завуч кылып жиберели деп жатабыз. Буга кандай дейсиз?— деди.

— Эркин Эргешович! Менин кесибим педагог болгону менен бир жыл да бул кесипте иштеген эмесмин. Азыркы учурдагы педагогикалык системаны жакшы билбейм. Завуч болуп иштей албайм,— дедим.

— Анда директорлукту берели,— деди.

— Жок, директорлук да колдон келбейт.

— Анда эмесе райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп иштейсиз. Мурда да Жаңы-Жол районунда маданият бөлүмүн башкарган экенсиз го?

— Маданият бөлүмүндө Эргеш Давлетов иштеп жатпайбы?

— Именно ал иштей албай жатат. Сизге бир саат убакыт берем. Үйгө барып жеңем менен макулдашып келип, мага жыйынтыгын билдириңиз,— деди Эркин Эргешович. Башка сөз жок, бара бериңиз.

— Кабинеттен чыксам коридордо Ысак Жумабеков олтурган экен. Ал мени колтугуман алып: — Анаш, айтчы, Эркин Эргешович эмне деди?— деп биринчи кабатка чейин мени колтугуман коштоп түштү. Мен өзүм ичиме

сыр катпаган ачык адам болгондуктан болгонун ага жашырбай айттым.

— Ысак, болор иш болуптур. Аракетиңди сого бер,— дедим.

— Ушундай болдубу? — деди чебелектеп.

— Ооба, ушундай чечилди.

Анан ал Эркин Эргешовичке киргени үстүңкү кабатка чыгып кетти.

Ошентип мен редакторлукту Ысак Жумабековго тапшырып, райондук маданият бөлүмүнүн ишин Эргеш Давлетовдон өткөрүп алдым. Ал мурдагы Пача-Ата орто мектебине өз кесиби боюнча мугалим болуп кетти.

1974-жылдын 1-майы — майрам күнү эле. Үйгө келген меймандар менен бир аз майрамдык кылып, аларды узатып жаткан учурда телефон шыңгырап калды. Алсам, маданият үйүнүн директору Рысбек Тасмаев экен. Ал мага мындай деди:

— Бий аянтында ичип мас болгондор көбөйүп кетти. Чатак болуп, мушташ чыгып кетпесин деп бийди токтотуп, музыкалык инструменттерди жыйнаштырып складка киргизип кетсем складдын кулпусун сууруп, инструменттерди алып чыгышып кетиптир. Аларды кайрадан топтоп складга киргизип кеттим. Ушуну сизге айтып коёюн деп телефон чалганмын,— деди.

— Мейли, ырас кылыпсың,— дедим. Андан көп убакыт өтпөй дагы телефон шыңгырап калды.

— Бул ким? Анаш Сооронбаевсиңби? Мен Алиевмин. Майрам күнү жаштар үчүн шарт түзбөй кайда жүрөсүңөр? Алар менин үйүмө арызданып келишиптир. Директоруң музыкалык инструменттерди жыйнап кетип, бийлетпей коюптур. Бул өзү эмне дегендик?

— Эркин Эргешович! Алар ичип мас болуп алышыптыр. Тартипсиздик кылып складдын кулпусун бузуп, инструменттерди алып чыгып кетишиптир. Сиз эмне хулигандарды колдойсузбу?— деп, айтып жибериптирмин. Бул сөз Эркин Эргешовичке өтө катуу тийсе керек. Ал тарс жарылып кетти!

— Эмне дейсиң? Чык бери! Сени менен парктын эшигинде сүйлөшөмүн — деп, кескин сөз айтып трубканы коюп койду. Мен Эркин Эргешовичтин бул мамилесине таң калдым. Мурда «Сиз» деп мамиле кылып келген болсо эми «сенге» өтүп жатат. Эмне кылсам? Барсамбы же барбай эле койсомбу? Бир топко чейин эки анжы ойдо бо-

луп, эмнеси болсо да барып көрөйүн. Барбай коюп, дагы балээге калбайын, «тобокел» — деп, кийинип үйдөн чыктым. Айлана караңгы, түн.

Парктын эшигине жаңы эле келип жеткенимде ары жактан (азыркы Аксы Маданият үйү жактан) Эркин Эргешович машинасы менен зыр этип келип токтоду. Өзү эле жалгыз экен. Машинадан ыргып түшүп мага көздөй басып келип: — Эмне жаштарга шартты силер түзбөй мен түзөмбү? Силер үйүңөрдө жыргап отургула? Жаштар кайда барып көңүл ачышат?— деп, мени өмгөктөй баштады.

Экөөбүз ошентип акыйлашып турганда биздин жаныбызга комсомолдун райкомунун биринчи секретары Роза Айтбаева шашып жетип келди. Эркин Эргешович эми мени коё салып, ага көздөй: — комсомол кайда жүрөт? Эмне иш кылып жатат? Күндүз талаада иштеп чарчап келген жаштар бий бийлеп көңүл ачса болбойбу? Бийди силер уюштурбай, мен уюштурамбы?

Аңгыча ары жактан маданият үйүнүн директору Рысбек Тасмаев келип калды. Эркин Эргешович Розаны калтырып, ага карай:

— Эй, сени ким директор кылган маданият үйүнө? Эмне үчүн жаштарга бий уюштуруп бербейсиң? Алар менин үйүмө чейин барып тынчымды алып жатышат.

Үчөөбүздү урушуп жаткан учурда райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги Абзалов шашып жетип келди.

— Саламатсызбы Эркин Эргешович! Эмне, тынчтыкпы?

— Ооба, майрамда силер үчүн тынччылык! Силердин ишти биз аткарат экенбиз да жолдош начальник! Эмне үчүн милиция тартип бузгандарды карабайт? Эмне үчүн арак ичкен мастарды камабайсыңар? Райкомдун секретарынын кыла турган башка иши жок дейсиңерби? Ар бириңер өз милдетиңерди жакшылап аткарбайсыңарбы?

Көрсө Эркин Эргешович мени менен сүйлөшкөндөн кийин тигил үчөөн да парктын алдында «жолугушууга» чакырып жиберген экен. Ушинтип Эркин Эргешович төртөөбүздү чоң көчөнүн боюнда урушуп жаткан учурда парктагы жайкы кинотеатрдын акыркы сеансынан тараган адамдар алды-артыбыздан бизди карап өтүп жатышты.

Бул болгон окуяны эртеси күнү кошунам Жусуп Темирбаевге (ал ошол кезде райондук эл соту болуп турган,

Эркин Эргешович менен мамилеси жакшы болчу) айтсам ал: Анаш аке, кирип кечирим сурап коюңуз, антпесеңиз болбойт — деп, кеңеш берди.

Майрамдын эртеси күнү райкомго келип, секретаршасына: Эркин Эргешович мени кабыл алар бекен, сурап көрчү — дедим. Өзү эле экен. Кире берсин — дептир. Кирип барсам Эркин Эргешович «Ленинский путь» газетасын бетине кармап окуп олтурган экен.

— Саламатсызбы, Эркин Эргешович! Кечээги болгон окуялар үчүн сизден кечирим сурайын деп келдим. Сизге туура эмес мамиле кылгандыгым үчүн кечирип коюңуз,— дедим.

Ал окуп олтурган газетасын стол үстүнө таштай коюп:

Эч нерсе эмес, турмушта мындай окуялар боло берет. Силер да мени кечирип койгула — деп, кадимкисиндей карсылдап сүйлөп, жазылып колун берди. Ошентип кайра эле жарашып алдык.

Ал киши мына ушундай ичине кек сактабаган айкөл адам эле. Иштин бир кызыкчылыгы үчүн адамдын жүзүнө карабай катуу айткан менен анын артынан кууган эмес. Ал Жаңы-Жолдон кийин Сузак райкомунда биринчи секретарь, андан кийин Талас областты уюштурулганда Талас областтык аткаруу комитетинин төрагасы, андан соң айыл-чарба профсоюздарынын Ош областтык комитетинин төрагасы, өмүрүнүн акыркы жылдарында Жалал-Абад областтык жаратылышты коргоо коомунун төрагасы болуп иштеп туруп, 1999-жылы жүрөк оорусунун айынан дүйнөдөн кайтты.

Эркин Эргешович Алиев чындыгында да өз элин, жерин сүйгөн чыныгы патриот жигиттерден эле. Жаңы-Жолдо райкомдун биринчи секретары болуп иштеп жүргөн кезинде Аркытта, Пача-Атада Өзбекстандын үч пионер лагери бар болчу. Келечекте Базар-Коргон районундагы Арстанбаптын кейпин кийип калбасын деп лагерлерди көчүрүп, келечек үчүн эң туура иш кылгандыгын ушул кезге чейин аксылыктар айтып, эскерип жүрүшөт.

## ЖУРНАЛИСТ — ДООР ЖАРЧЫСЫ

Негизги ойду айтуудан мурда, мен редакторлук кылган мурдагы «Жаңы турмуш», азыркы «Аксы турмушу» газетасынын кыскача тарыхына токтоло кетейин.

Мен редактор болуп иштеп турган мезгилде райондук газетанын качан, кандайча болуп чыккандыгын иликтеп, республикалык Архив башкармасына атайын кат менен кайрылдым. Мына ошондо менин жиберген катыма райондук газета биринчи жолу «Колхоз жолу» деген ат менен мурдагы Кыргызстан КП(б) Кызыл-Жар райкомунун жана аткаруу комитетинин органы болуп 1936-жылдан баштап чыга баштагандыгы жана анын биринчи редактору болуп САГУну бүтүрүп келген Кулчороев Рыскул иштегендиги жөнүндөгү маалыматты алдым.

Ал кезде Кызыл-Жар районунун аймагына азыркы Аксы, Ала-Бука, Чаткал райондорунун территориясы кирап, газета ошол аймактарга таратылган. 1940-жылы Кызыл-Жар району жоюлуп, анын ордуна Караван, Таш-Көмүр, Ала-Бука, Чаткал райондору уюштурулат. «Колхоз жолу» гезити Кыргызстан КП(б) Караван райкомунун жана эмгекчилер депутаттарынын райондук Советинин органы болуп чыгуусун улантат.

1943-жылы Таш-Көмүр шаардык статуска ээ болуп, анын ордуна Жаңы-Жол району уюштурулат.

1958-жылдын аягында Жаңы-Жол району менен Караван району биригип, мурда эки гана бет болуп чыгып келген «Колхоз жолу» гезити 4 беттүү болуп чыга баштайт.

1962-жылы май айынан тартып, Ала-Бука, Жаңы-Жол, Токтогул райондорунун редакциялары биригип, «Жаңы турмуш» деген ат менен Жаңы-Жол өндүрүштүк-территориялык башкармасынын жана парткомунун органы болуп Таш-Көмүр шаардык басмаканасынан басылып чыгып турган. Ал эми редакция Шамалды-Сай шаарчасында жайгашкан эле.

1963-жылдын 1-январынан тартып «Жаңы турмуш» газетасы партиянын Жаңы-Жол райкомунун жана эл депутаттарынын райондук Советинин органы болуп Карвандагы басмаканадан чыгуусун улантат.

1990-жылдын аягында «Жаңы турмуш» гезити «Аксы турмушу» деген ат менен алмашылат.

1992-жылдын февраль айында Аксы, Ала-Бука, Чаткал райондорунун редакциялары бириктирилип, газета регионалдык «Аксы жаңырыгы» деген ат менен Ала-Бука районунун басмаканасынан жарык көрүп, аталган үч райондун элдерине таркатылып турулат.

1993-жылдын апрель айынан тартып райондук газе-

талар кайрадан калыбына келтирилип; азыркы «Аксы турмушу» газетасы өз жашоосун улантып келе жатат.

Менин өмүрүмдүн көпчүлүгү журналисттик иш менен өттү. Бул мезгилде башымдан өткөрдүм көптү. Албетте журналист болуу сыймыктуу. Бирок, ал татаал жана жоопту кесип. Биз иштеген коммунисттик коомдун мезгилинде басма сөзгө коюлган талап өзгөчө эле. «Газета — бүткүл элдик трибуна»— деп аталчу. Ал кезде сын жана өзүн-өзү сындоо принциби катуу коюла турган. Газета бетине жарыяланган объективдүү сындан сөзсүз жыйынтык чыгарылчу. Сын материалдар партиянын райкомдорунун бюролорунда жана аткаруу комитетинин кеңешмелеринде атайын каралып, күнөөлүү адамдар партиялык жана административдик жазаларга тартылар эле.

Мен райондук «Жаңы турмуш» (азыр «Аксы турмушу») газетасында редактор болуп иштеп турган мезгилде (24-апрель 1970-жылдан 27-июнь 1973-жылга чейин) бирге иштешкен калемдештерим жөнүндө азыноолак эскере кетсем ашыктык кылбас деп ойлойм. Ушул үч жылдын ичинде мурдагы партиялык, советтик кызматкер болуп иштеп келген Абдылда Жороев, кесиби боюнча педагог Арстанбек Оролбаев, журналист Абдыкерим Мырзаевдер менин орун басарларым болуп иштешти. Акын, фольклор жыйноочу Калмурат Рыскулов а дегенде айылчарба бөлүмүнүн башчысы, кийин жооптуу катчы болуп турду. Бир нече китептин автору, адабиятчы, сынчы Мамен Арстанбеков бөлүм башчы, педагог Токтосун Давлетов жана Сузактык Артыкмат Бегимкуловдор адабий кызматкерлер эле.

Ал кезде атайын журналисттик билими бар кадрлар өтө сейрек болчу. Ошондуктан тубаса шыгы бар жаштарды тарбиялап өстүрүүгө туура келген. Ошондойлордун бири айылдык кесипчилик окуу жайын бүтүп, мурдагы «Жаңы-Жол» совхозунда механизатор болуп иштеп жүргөн айылдык кабарчы Жаналы Нурманбетов болгон. Аны трактору менен жер айдап жүргөн жеринен совхоздун бөлүм башчысынан суранып, газетага корректор кылып алып келүүгө туура келди. Анын ар жагында угуту бар жигит экен. Тез эле ишинен өзүн көрсөтүп, адабий кызматкер, андан кийин айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, жооптуу секретарь болуп иштеп жүрүп, Кыргызстан мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүн сырттан окуп бүтүрүп, кийин Ноокат районунда редак-

тор болуп иштеп жүрдү. Ал азыр борборубуз Бишкек шаарында жашап, «Кут билим» газетасынын редакторунун орун басары болуп эмгектенип жатат. Ошол эле мезгилдин өзүндө Жаналы Нурмамбетов «Позиция» газетасын уюштуруп, анын редакторлук милдетин да кошо аткарып жаткандыгы өз кесибин жан-дили менен берилип сүйгөн эрудициялуу журналист экендигин далилдеп турбайбы.

Ушундай сапаттагы дагы бир, эки жигит жөнүндө айткым келет. Авлетимдик Ырысалы Жанчаров Ош мамлекеттик педагогикалык институтун жаңы эле бүтүп, райондук маданият үйүндө иштеп жүргөн. Күндөрдүн бирinde ал редакцияда иштөөнү каалагандыгын билдирип мага кайрылып калды. Анын үстүнө ыр жазып жүргөн шыктуу жигит экен. Анын өтүнүчүн канааттандырып, адабий кызматкер кылып кабыл алдым. Кадр тандоодо жаңылган эмес экемин. Кийин Ырысалы редакциянын айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, жооптуу секретарь, редактордун орун басары, андан кийин Алай жана Баткен райондук газеталарынын редактору болуп иштеп, өзүн эң мыкты журналист, уюштургуч, жетекчи катары көрсөтө алды. Ырысалы Ташкендеги жогорку партиялык мектебинин журналистика бөлүмүн бүтүрүп келип, мурдагы Ош областтык «Ленин жолу» газетасынын редакторунун орун басары, партиянын Ош областтык комитетинде басма сөз боюнча инструктору, кийин Жалал-Абад областы бөлүнгөн кезде жаңыдан уюштурулган «Акыйкат жарчысы» газетасынын редактору болуп эмгектенди.

Күндөрдүн биринде менин кабинетиме эшик кагып, бир жаш жигит кирип келди. — Кайдан жигит?— десем; — Кызыл-Жардан келдим агай, онунчу классты жаңы гана бүттүм, өзүм Кызыл-Туулук болом, атым Садыралы, фамилиям Абдыкеримов ата-энем жок, эжемдин колунда тарбия көрдүм. Редакцияда иш болсо иштейин деген ниетим менен келдим эле,— деди. Сыртынан өтө жоош жана жупуну көрүнгөн бул жигиттин турмуштук ал-жайын зээн коюп угуп, кандайдыр ага колумдан келип турганда жакшылык кылайын деген жыйынтыкка келип, ошол замат арызын жаздырып, редакцияга бир айлык сыноо менен корректор кылып кызматка алууга туура келди. Ал жигит да сындан жакшы өттү. Бир топ жылдар бою редакцияда жемиштүү эмгектенип, редакциянын жооптуу секретарлыгына көтөрүлдү. Акыркы мезгилде

Жалал-Абад областтык «Акыйкат» газетасында редактордун орун басары болуп иштеди. Садыралы эки китептин автору, бул күндө Кыргызстан жазуучулар Союзунун мүчөсү. Ал мага жолуккан сайын өткөн ошол күндөрүн эскерип: «Анаш аке, сиздин мага кылган жакшылыгыңызды өмүр бою унутпаймын» — деп, дайыма өзүнүн ыраазылык сөздөрүн айтып калат.

Мен 14 жыл, башкача айтканда 1976—90-жылдары райондук «Жаңы турмуш» газетасынын редакциясынын партиялык жана журналисттер уюмдарын жетектеп турдум (ал жылдары газетанын редакторлору болуп Ы. Жумабеков, Ж. Самудинов, Ж. Бекиловдор иштешкен). Ушул жылдары редакцияга журналисттик жогорку билимдери бар бир топ жаш кадрлар келип кошулгандыгын белгилеп кетким келет. Аларга мисал катары Абдылдабек Нурсейитовду (азыр ал «Аксы турмушу» газетасынын редактору), Алымжан Молорбаевди (азыр ал Ош областтык телекөрсөтүүсүндө башкы редактор), анын жубайы Бү-байша Балтабаеваны, Абдымомун Калбаевди (азыр ал Жалал-Абад областтык телекөрсөтүүсүнүн кабарчысы), Папан Дүйшөмбаевди, Сайкал Ааматбековproperties, Сыдык Тойчиевдерди кошууга болот. Ал эми Сатыбай Каратаев болсо айылдык кабарчылыктан редакцияга адабий кызматкер болуп кабыл алынган болчу. Журналисттик ишти кан-жаны менен сүйгөн бул жигит да Кыргызстан мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүн сырттан окуп бүтүрүп, бул кезде Таш-Көмүр шаарында «Таш-Көмүр жарчысы» газетасында редакторлук кылат. Мурдагы китепкана кызматкери Чомой Арзыматов да айылдык кабарчылыктан редакцияга келип, пенсияга чыкканга чейин редакцияда бөлүм башчы, адабий кызматкер болуп иштеди.

Профессионал журналист болушпаса да адабий кызматкерлер Аскар Кабаев (ал өзү Чүйлүк болчу) менен Рысбай Сагынбаевдер атайын жогорку билими бар журналисттерден кем калышпай иштеп келишкендиги биздин эсибизде.

Ошол баштапкы партиялык жана журналисттик уюмдарды жетектеп турган кезимде Жоробек Бекилов, Абдылдабек Нурсейитов, Алымжан Молорбаев, Абдымомун Калбаев, Жаналы Нурмамбетов сыяктуу жаш журналисттерди партиянын катарына жана Кыргызстан журналисттер Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алып, алардын келе-

чеги үчүн азбы-көппү камкордук көрүп, өзүмдүн акыл-кеңештеримди айтып, туура жолго үндөп, өз убагында таалим-тарбия берген күндөрүм азыр да көз алдыма элестеп турат.

Ал эми Кыргызстан мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүнө кирүүнү каалаган бир топ жаштарга өз колум менен сунуш, жолдомо жазып берген учурларымды эстебей кое албаймын. Ошолордон бир мисал келтире кетейин. Азыркы учурда Кыргыз мамлекеттик теле-радио корпорациясынын чыгаан кызматкерлеринин бири, «Республиканын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген ардактуу нааамдын ээси, улуттук теле-көрсөтүүсүнүн «Адилет» автордук программасынын башкы редактору Нышанбек Кочкоровго редакциянын баштапкы журналисттер уюмунун атынан мүнөздөмө жазып, Кыргызстан мамлекеттик университетинин журналисттика факультетине кирүүгө жолдомо жазып берип, аны ак жолго аттандырып, ак батамды берип, алыскы жолго узаткан да мен элем. Мына бүгүнкү күнү ал калкыбызга кадырман теле-журналист катары таанылып, журналисттик вазийпасын ак дили менен аткарып жаткандыгына жалпы кыргыз журтчулугу күбө.

Ошондой эле айылдык кабарчы Ботобеков Уран Малгалды айылындагы мурдагы Ленинчил жаш орто мектебинде окуп жүргөн кезинде редакцияга өзүнүн жазган ырларын, макалаларын жиберип, биз менен болгон байланышын бекемдеп жүрдү. Ага өзүмдүн кеп-кеңештеримди берип, жазган макала, ырларын байма-бай газетага жарыялап турдум. Ал онунчу классты бүтөөрү менен мага келип: «жезде, мен да журналист болууну чечтим, университеттин наамына жолдомо жазып бериңиз» деп айтып калды. Анын да талабын орундатып, журналисттер уюмунун мүнөздөмөсүн, сунушун жазып, печатты басып, колуна карматтым. Уран да университетти ийгиликтүү аяктап, мыкты журналист болуп чыкты. А дегенде «Кут билим» газетасында, андан кийин Кыргыз республикасынын Украинадагы элчилигинде иштеди. Азыркы учурда президенттик аппаратта жемиштүү эмгектенип жатат.

Мен редактор болуп иштеп турган мезгилде райондогу ыр, аңгеме, очерк жазган жаш талапкерлер менен иштешүүгө такай көңүл буруп келгенимди «Жаңы турмуш» газетасынын ошол мезгилдерде чыккан сандарынын өзү-

эле далилдеп турат десем мактангандык эмес. Ар ай сайын бир, кээде эки жолу «Адабият» бетин уюштуруп, ага жаңыдан жазып жүргөн жаш таланттардын ырларын, аңгемелерин, очерктерин, сатиралык, юмордук чыгармаларын жарыялап турчубуз. Кийин (1976—90-жылдары) мен редакциянын айыл чарба бөлүмүнүн башчысы жана жергиликтүү радио уктуруунун редактору болуп турган кезимде да ошол мурдагы салтты улантып, редакцияга түшкөн адабий чыгармаларды ылгап, иргеп, талапка төп келгендерин өзүнчө «Адабият бетине» жарыялап, ал эми сындан өтпөй калгандарына баяндама берип, авторлоруна кат жүзүндө жооп жазып жөнөтүп турчумун. Ал кезде жер-жерлерде кабарчылар постору иштечү. Айылдык кабарчылар менен жолугушууларды, семинарларды өткөрүп турчубуз. Ал эми каттар менен иштөөгө жоопкерчилик менен мамиле жасачубуз.

Ал эми райондук «Жаңы турмуш» газетасын өз убагында басып чыгарып, аны элге жеткирүүдө райондук басмакананын аткарган иштери зор болгон. Мен редактор болуп иштеген жылдары басмакананын директору Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Арстанбек Сыдыков болчу. Ал кезде Арстанбек акеден башка бир дагы атайын полиграфиялык адистиги бар кадр жок эле. Мырзалиева Кайриниса, Ботоева Зыйнат жана Назаралиева Айымбү сыяктуу арип терүүчүлөр гана болгон. Абалды эске алып, Осмонбеков Төрөбек деген жигитти баш кылып, Авлетимдин алты кызын: Батырбекова Сабыркүл, Балтаева Ашыр, Орозалиева Шарима, Абдылдаева Азима, Жапарова Райма, Кулманбетова Бүалима, Розилова Өктөмдөрдү Фрунзедеги басмакана кадрларын даярдап чыгаруучу полиграфиялык окуу жайына атайын жолдомо берип окууга жөнөткөнүм эсимде. Алардын бардыгы тең окуусун ийгиликтүү бүтүрүп келишип, басмаканада өз кесиптери боюнча иштешип, «Жаңы турмуш» газетасынын ар бир санын басып чыгарууда ар кимиси өздөрүнүн жекече салымдарын кошкондуктарын айтып кетүү калыстык болор. Алардын ичинен айрыкча линотипистка Абдылдаева Азима, бет түзүүчү Кулманбетова Бүалима, газета басуучу Розилова Өктөмдөр өз кесиптеринин чыныгы устаттарынан болушуп, ушул азыркы күндө да басмаканада эмгектенип жатышат. Бирок, мурда жумасына газета 3 жолу чыгып келген болсо, азыр айына 2 номер араң чыгып жаткандыгы өкүндүрбөй койбойт.

Албетте фотосүрөттөрсүз газета кооз жана көрктүү чыкпайт. Ошол фотосүрөттөр аркылуу газетанын окумдуулугу, татымдуулугу камсыз кылынат эмеспи. Мен редактор болуп иштеген жылдары Алишер Сапаралиев, Оңолбек Мазирбаевдер, ал эми кийинчерээк Өскөнбек Санкулов (азыр ал областтык ички иштер башкармасында иштейт), менин иним Багышбек Үчкемпиров, Виктор Михайлюк, Капарбек Сөлпиев (кийин ал жооптуу секретарь да болуп иштеди), Артык Кожобековдор фото кабарчы болуп иштешкендигин жакшы билем.

Дагы бир белгилеп кетчү нерсе — редакцияда көп эле машинисткалар эмгектеништи. Бирок, алардын ичинен Собурбекова Мейликан жана Кошалиева Үрбү өзгөчө айырмаланып турат десем туура болор. Үрбү машинистка болуп иштеп жүрүп, бухгалтериялык кесипти да өздөштүрүп, эки бирдей кызматты эп келиштире аткарып, өзүнүн зиректигин, тырышчаактыгын, бышыктыгын көрсөткөндүгү менен эсте калды.

Ал кезде республикада беш манжа менен санагандай аз гана борбордук газеталар чыкчу. Ал эми азырчы? Азыр 500дөн ашык ар кандай басма сөз жана башка информация каражаттары жарык көрүүдө. Алардын көпчүлүгү оппозициялык көз караштагы жана жеке менчик газеталар болуп эсептелет.

Тилекке каршы көпчүлүк басма сөз беттеринде турмушта болгон чындык окуяларды көбүртүп-жабыртып, ойдон чыгарылган жалган ушак-айыңдарды кошуп, апыртма баяндоолор менен опсуз ой жорууларды жарыялап, элдин башын айлантып жаткандыгы менен келишүүгө болбойт. Журналист — доор жарчысы. Ал болгон чындыкты гана жазып элге пропагандалоого милдеттүү болууга тийиш. Бирок, мен жогоруда учкай белгилеп кеткендей азыркы мезгилде чыгып жаткан көпчүлүк басылмалар туура эмес позицияга түшүп алышып, коомду каалагандай каралап жатышкандыгы өкүндүрбөй койбойт. Ошондуктан турмушта жана саясатта болгон бул же тигил окуяны газетага жарыялоодо ар бир журналист жеңил ойлуулукка алдырбай, дайыма сабырдуу, объективдүү болуусу шарт. Акыйкат үчүн күрөшкөн журналист гана эл ишеничине ээ болуп, доор жарчысы боло алат.

Биздин Жалал-Абад областында чыныгы калемгерлиги менен калкка таанылып, кара кылды как жарган

калыстыгы менен коомдун мүдөөсү үчүн өз өмүрүн арнап, өзгөлөргө өрнөк болгон журналисттерибиз ондоп саналат. Алардын айрымдарынын аттарын атап кетсек ашыктык кылбас.

Мен ири алдыда Ноокендик журналист, Улуу Ата Мекендик согуштун каарманы, Москвада өткөн Жеңиш парадынын катышуучусу, отставкадагы гвардиячы капитан Сатымкул Садыков жөнүндө азыноолак сөз учугун чубап кетүүнү эп көрүп турам. Ал экөөбүз алгачкы жолу таанышып, жазып келе жатканыбызга жарым кылым мезгил өттү.

Сатымкул аке 1941—45-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштан аман-эсен элине кайтып келип, өзү туулуп өскөн айылында пахтачылык бригадасында учетчик болуп иштеп жүргөн кезинен райондук, областтык, республикалык газеталарга ак алтын айдыңынан орусча, кыргызча кабарлар, макалалар жазып жүрүп, СССР Журналисттер Союзуна биринчилерден болуп кабыл алынган. Кийин ал көп жылдар бою ошол кездеги атактуу Карл Маркс атындагы колхоздун парткомунун жана башкармасынын органы болуп чыгуучу «Ленин жолу» деген көп нускалуу газетанын редактору, областык «Ленинский путь» жана «Ленин йули» газеталарынын өз кабарчысы болуп узак жылдар бою үзүрлүү иштеп келди.

Журналист Сатымкул Садыков советтик доор мезгилинде Кыргызстан КП Борбордук Комитетине айыл чарбачылдыгы боюнча пландарды аткарууда дайыма жалган эсептерди берип, партияны көз боемочулук менен алдап келген Ноокен районунун айрым ашынган чарба жетекчилерин жана райкомдун секретарларын «Советтик Кыргызстан» газетасына сындап жазганы үчүн аны бир эмес, эки жолу партиянын катарынан чыгарышкан кезде ал Москвада КПСС Борбордук Комитетинин кабыл алуусунда болуп, кайра партиянын катарында калтырылган. Ал эми ал сындап жазган райондун жана чарбалардын жетекчилери мамлекеттик пландарды аткарууда кошуп жазууга жол берип келишкендиктери үчүн кызматтарынан бошотулуп, партиянын катарынан чыгарылып, сот жообуна тартылышкан. Артынан уюштурулган куугунтуктарга, жалган жалааларга, дooмaттарга карабай журналист Сатымкул Садыков кабарчылык кыраакылыгын күчөтүп, ошол мезгилде өз кызмат абалдарынан пайдаланып, коомдук мүлккө көз артып, суук колун салган жегич, ичкич,

паракорлордун бетин ачып, аларга каршы күрөшүн бир мүнөткө да токтоткон эмес. Азыр Сатыкем 80 жашка жакындап калса дагы ошол калыбынан тайбай, областтык, республикалык газеталарга үзбөй кабар, макалаларды жазып, калемгерликтин кажыбас үлгүсүн көрсөтүп келет. Эгер «Баатыр журналист» деген наам болсо, ага мен эң биринчи Сатымкул Садыковду сунуш кылат элем! Бирок, тилекке каршы Сатыкемин журналисттик көп жылдык эмгеги өз мезгилинде татыктуу баасын ала албай калганына өкүнөм!

Ушундай эле Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары, маркумдар Жумабек Келешбаев (Аксы району) менен Мамырбек Бекмуратов (Ала-Бука району) да өз доорунун көрүнүктүү, таанымал, чыгаан журналисттеринен болушкандыгын, алардын арбактары ыраазы болсун үчүн айта кетүүнү парзым деп эсептеймин. Экөө тең мен урматтап, сыйлаган калемгерлер эле. Экөө тең республикалык, областтык басма сөздөргө, Кыргыз ТАГга кыргызча жана орусча макалаларды үзбөй жазып, оперативдүүлүк жагынан алдыларына эч кимди салган эмес. Бул журналист агаларымдын арбактарына башымды ийип таазим кылам!

Ал эми Базар-Коргондук Молдалы Арапбаев менден бир топ жаш кичүү болсо да көңүлүбүз төп келишкен жакын жолдош элек. Ал а дегенде райондук газетада иштеп, андан соң Ош областтык «Ленин жолу» жана «Советтик Кыргызстан» газеталарында көп жылдар бою өз кабарчы болуп иштеп, калеми төшөлүп, элге таанылып калган кезде «ак кан» оорусунун азабынан каза таап, кырктын ар жак, бер жагында эле бул жарыктык менен кош айтышып кете берди, кайран досум! Анын акындык дарамети да бар эле. Өз окурмандарына «Мендеги тилек» (1971-жыл) деген ырлар жыйнагын мурас катары калтырып кетти.

«Республикага эмгек сиңирген журналист» деген алгачкы ардак наамдын ээси, Сузактык журналист Абылкасым Малаев жөнүндө да жакшы ой, пикирлерди айтууга болот. Алай жана Араван райондорунда узак жылдар бою редактор болуп иштеп, өзүн жетик журналист катары көрсөтө алды. Азыр ал пенсияда экендигине карабастан 3—4 жыл бою чыкпай токтоп калган «Көк-Арт нуру» газетасын кайрадан жарыкка чыгарып, Сузактык окурмандардын терең алкышына арзыды. Азыр ал редактор-

логон бул газета Жалал-Абад областында чыгуучу бардык райондук, шаардык газеталарга үлгү болуучу эң мыкты басма сөз болуп калды.

Областтык «Акыйкат» газетасынын мурдагы редактору Бакыт Орунбеков да республикага таанымал таланттуу журналисттердин бири. Ал редактор болуп турган мезгилде «Акыйкат» газетасы баардык областтык газеталардын алдыңкысы деп табылып, 2000-жылы Президенттик сыйлыкка татыктуу болгондугу бул жаш журналисттин чыныгы чыгармачылык ишмердиги менен тыгыз байланыштуу. Азыр Бакыт Орунбеков Жалал-Абаддан чыгуучу «Фергана» аттуу коомдук саясий газетага редакторлук кылууда.

Журналист — бул доор жарчысы! Ошондуктан коомдо, турмушта, саясатта болгон окуяны газетага жарыялоодо ар бир журналист калпыстыкка алдырбай, дайыма сабырдуу, объективдүү болуусу талап кылынат. Чыныгы акыйкат үчүн күрөшкөн журналист гана эл ишеничине, эл сыйына ээ боло алат.

## АКЫРКЫ СӨЗ

Мен өмүрүмдө журналисттик кесипти аркалап жүрүп, көптөгөн жакшы, адамгерчиликтүү, акылман инсандар менен жолугушуп, алардын пайдалуу кеңештерин, нускалуу сөздөрүн уккан кездерим аз болгон жок.

Кызмат абалдарым боюнча эки жолу (1970—1973-жж) ошол кезде партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы болуп иштеп турган Султан Ибраимовдун жекече кабыл алуусунда болгон күндөрүм эч качан эсимден кетпейт. Ал кишинин жөнөкөйлүгү, кичипейилдүүлүгү, маданияттуулугу, айкөлдүгү, адамга жасаган мамилеси, жалпы эле инсандык сапаттары артыкча эле.

Бир топ жылдар бою партиянын Жалал-Абад жана Ош обкомдорун жетектеген Төрөгелди Балтагулов, Жалал-Абад обкомунун секретары, бир катар райондордун райкомунун секретары болуп иштеген Кадыркул Шадыбеков, партиянын Токтогул, Кара-Суу райкомдорунун, Нарын обкомунун секретары болуп иштеп, жалпы кыргыз элине өзүнүн ишмер жетекчилиги менен таанылган: Матен Сыдыков, партиянын райкомдорунун секретарлары болуп иштешкен Малик Эргешов, Абдылда Акпара-

лиев, Вагинур Талипов, Махмуд Матниязович Касымов, Ишенбай Жангазиев, Виктор Дмитриевич Линский, Эркин Алиев, отуз миңчи башкармалар: Субанкул Мавлянов, Тажибай Шатманов, Масалбек Шатманов, партиялык жана чарбалык жетекчи кызматтарда көрүнүктүү иш жүргүзүшкөн: Жүзүпбек Сүйөров, Кадыркул Шеркулов, Чолпонкул Байчабаев, Жүзүпбек Суранбаев, Батыркул Мусабаев, Садыралы Добулбеков жана башка элге эмгеги менен таанылган адамдар менен кээде сапарлаш, кээде насиптеш болуп, алар жөнүндө газета беттерине макала, очерк, ыр, поэма жазып, алардын ак эмгектерин калайык калкка өз мезгилинде даңазалагандыгым үчүн мен өзүмдү бактылуу сеземин. Алардын көпчүлүгүнүн көздөрү өтүп кетти. Бирок, алар жөнүндө менин жазган макалаларым, очерктерим басма сөз беттеринде өчпөй тургандыгы менен сыймыктанууга акым бар!

Биз өткөн совет доорунун көп эле жакшылыктарын көрдүк. Лениндик улуттук саясатынын негизинде мурда көчмөн турмуш менен күн кечирип келген кыргыз эли маданият, адабият, социалдык жана экономикалык жактан өстү, өнүктү. Өткөн доорду караманча жамандай бербей, анын жакшылык жактарын да эстен чыгарбай жүргөнүбүз абзел.

Мына ошентип тарых дөңгөлөгү айланып жүрүп олтуруп, 73 жыл бою жашап келген социализм коому жоюлуп, 1991-жылдын 31-августунан тартып өз алдынча эгемендүү мамлекет болуп жашап келатабыз.

Албетте улуттук эркиндиктен улуу эч нерсе жок. Бирок, демократияга жамынып алып, кээ бир оппозициячыл депутаттардын, ашынган «укук коргоочулардын» антидемократиялык, баш-аламан, бөлүп жаргыч иштерди жүргүзүп жатышкандыгы менен мындан ары келишүүгө болбойт. Ошондуктан өлкөнүн ички тартибин чыңдоо максатында укук коргоо органдарынын ишин учурдун талабына ылайык кайра куруу талабы келип чыгып олтурат. Демек, биз куралы деген демократиялык коом жөнөкөйлөштүрүп, эл сөзү менен айтканда теңиринен тескери кеткен «Телибай тентектердин» заманы эмес. Чектен чыккан ээнбаштардын тизгинин тартып коюуга мезгил жетти го деп ойлоймун.

Эми Кудай берген эгемендүүлүктүн Туусун бийик көтөрүү үчүн эмне кылуу керек? Эң биринчиден кыргыздын улуттук мамлекеттик тилинин кадыр-баркын түп

тамырынан жаңы деңгээлге көтөрүү, ал максатта кыргыз тилин балдар бакчаларында, мектептерде, лицейлерде, жогорку жана орто окуу жайларында, министрликтер менен ведомстволордо, ири мекеме-ишканаларда, өнөр жай ишканаларында окутуп үйрөтүүнү үзгүлтүксүз колго алуу, ар кандай деңгээлдеги чогулуштар, жолугушуулар, кеңешмелер, семинарлар, брифингдер, чет мамлекеттерден келген өкүлчүлүктөр менен сүйлөшүүлөр, кош палатанын сессиялары, мажилистери мамлекеттик тилде жүргүзүлүп, жаштар, өспүрүмдөр арасында патриоттук тарбияны кескин жакшыртып, улуттук сыймыкты бийик көтөрүү керек. Улуттук тилге жана улуттук таалим-тарбияга карата менин жекече көз карашым мына ушундай.

Эми сөз акырында өзүмүн үй-бүлөм жөнүндө айта кетейин. Өмүрлүк жубайым Түймөкан экөөбүз 1953-жылы март айында баш кошконбуз. Турмуш курганыбызга быйыл элүү жыл толот. Экөөбүз бул жылдардын аралыгында жети уул-кыздуу болуп, аларды тарбиялап өстүрдүк.

Улуу кызыбыз Гүлнара Кыргыз Улуттук университетинин чет тилдер факультетин бүтүргөн. Көп жылдар бою Таш-Көмүр шаарынын мектептеринде мугалим болуп иштеп, англис тилин окутуп келди. Андан кийин Жалал-Абад шаарындагы кыргыз-түрк лицейинде үзүрлүү иштеди. Англияга барып, кесиптик квалификациясын жогорулатып келди. Азыр ал Бишкекте жашап, эмгектенип жатат.

Андан кийинки кызыбыз Динара Кыргыз Мамлекеттик медицина институтунан тиш доктурлук кесибин үйрөнүп чыккан. Бир топ жылдан бери Таш-Көмүр шаарында стоматолог болуп иштейт.

Ал эми Бактыбек болсо Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтун бүтүргөн. Бул күндөрү ал үй-бүлөсү менен Жалал-Абад шаарында жашап жана эмгектенүүдө.

Клара Майлуу-Суудагы кулинариялык окуу жайын бүткөн. Айгүл кызыбыз Бишкектеги орус тили институтун (азыр ал гуманитардык университет) бүтүргөн. Кызыл-Жар айыл өкмөтүндөгү Токтогул атындагы орто мектепте орус тилинен сабак берет. Ал эми Шайырбек Омскидеги ветеринариялык академиясынын бешинчи курсунда окуп жатып, ден-соолугуна байланыштуу окуусун уланта албай калды. Мыктыбек болсо үй жумушунда.

Түймөкан райондук кинофикацияда иштеп жүрүп, 1987-жылы пенсияга чыккан. Балдарыбыздан, кыздары-

быздан 16 неберелерибиз бар. Мен аларга чоң ата, таята болгондугум үчүн терең сыймыктанамын. Балдарыма, кыздарыма, күйөө балдарыма, келиндериме, неберелериме Кудайдан узун өмүр тилеп, алардын баардыгына бакыт-таалай, бак-дөөлөт каалаймын! Турмуштарында жамандык көрүшпөй, ар дайым аманчылыкта өмүр сүрүүлөрүн Теңиримден тилейм!

Мен жогоруда башымдан өткөн окуялардын айрымдарын гана кыскача баяндап өттүм. Алар балдарыма, неберелериме, туугандарыма сабак болсун дедим. Айтып эстеп жүрүшсүн дедим.

Акырында айтарым: жашоо улана берет экен. Мезгил өз өкүмүн сүрүп, заман өзгөрүп, доор алмаша берет экен. Убакыт учкан куштай зымырап, адам өмүрү улгайып, түбөлүккө коштошо турган акыркы сапары жакындай берет экен.

Мына, Кудай өмүр берген экен, биз да жетимиштен ашып, сексенди көздөй кадам таштап баратабыз. Артыма карай кылчайып карасам, өмүрдүн далай белестерин басып өткөн күндөрүм көзгө элестейт. Көптөгөн жолдош, досторду күттүм. Өкүнүчтүү жери алардын көбүнүн бул дүйнөдөн көзү өтүп кетти. Ошол чыгармачыл журналист досторумдун кээде кыял-жоруктарын эстеп, терең ойго батам! Алардын сүйкүм элестерине башымды ийип, таазим кылам!

Ошентип советтик доордо туулуп өсүп, советтик доордо кызмат кылган замандаштарымдын, калемдештеримдин катары жыл өткөн сайын суюлуп барат. Аларды сагынып көргүм келет. Чер жазып, сырдашкым келет. Жаш кездегимдей обон созуп, ырдашкым келет. Бирок, айла канча? Мурдагыдай бири-бирибизди көрүшпөй калдык. Ошентип, жүрөктү ачыштырып, таттуу күндөр, шаттуу күндөр артта калды!...

Дагы бир эскере кетчү нерсе — эгемендикке ээ болдук деп кубансак, анын кейиштүү жактары да көп экен! Өлкөдө тартипсиздик, баш-аламандык, ууру-кескилик, адам өлтүрүү, зордук-зомбулук көбөйүп, адамдар ач көздүүлүккө берилип, жалган сүйлөп бирин-бири алдап, ушак айтып, ыймансыз болуп кетти. Баягы биздин убакта туура жүрүп, туура иштеп, туура сүйлөгөн адамдар кайда?

Азыр кимге жолугуп, ким менен сүйлөшпөгүн, баардыгы эле саясаттан кеп салып, бийлик башындагыларды жамандашат. Бирөөнү сындагандан мурда өзүбүздүн

ким экендигибизди да унутпашыбыз керек. Эгемендик ар бирибизге чексиз укук берди деп эле, мыйзамдарга баш ийбей каалагандарыбызды жасай берсек эртең эмне болот? Мына ушундай жагымсыз көрүнүштөр мени көп ойлондуруп, көп кейитет. Ушундай жаман жоруктарга барып, бирөөлөргө кыянатчылык кылган, өз колундагыга топук кылбай, кызмат абалынан пайдаланып, ашыкча дүйнө жыйнаган адепсиз адамдарды көргөнүмдө, көңүлүм ооруп, жүрөгүм сыздайт. Азыр ким амалга жетишсиз эле, коомдун, элдин кызыкчылыгынан мурда өз камын ойлоп, жеп, ичкенге тап коёт. Адамдарда боорукерлик, кайрымдуулук, куйүмдүүлүк калбай баратат.

Албетте кыйынчылыктар жок эмес. Бирок, ал убактылуу. Бара-бара оңолуп чыңдалып кетебиз. Азырынча сабыр кылып туралы.

Менин пикиримче, кедейчиликтен чыгуу үчүн, биринчиден чымыркanып эмгектенишибиз керек. Экинчиден элди бөлүп жарууга түрдүү айла-амал издеп жан талашып жаткан ээн баш «саясатчылардын» айтканына кирбей, республикабызда жашап жаткан 5 миллион элдин эртеңки келечегин ойлоп, алардын ынтымагын, бирим-дигин, улуттардын ортосундагы достук мамилени бардык жагынан чыңдашыбыз керек. Үчүнчүдөн өлкөнүн ичинде өнөр жайын өнүктүрүп, сыртка алып чыгуучу экспорттук продукциялардын санын, сапатын арттыруу керек. Төртүнчүдөн дыйкандардын эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында аларды зарыл керектүү болгон ар түрдүү айыл чарба машиналары менен камсыз кылуунун кечиктирилгис чараларын турмушка ашыруу зарыл. Мына ошондо гана биз өлкөбүздү кыйынчылыктан куткарып кете алабыз.

Мына ушундай сунуштарымды айтуу менен өз оюмду жыйынтыктап, төмөнкү ыр саптары менен эскерүүмдүн аягына чекит коймокчумун.

Карылык билинбестен келет экен,
Мойнуңа укуругун илет экен.
Баарысын жашы жетип улгайганда,
Башынан өткөргөндөр билет экен.

Келемин жаш кезимден ырлар жазып,
Элимдин өнөр менен көөнүн ачып.

Ыр ырдап, обон созуп, күү чыгарып,
Чертемин комузумду шаңкылдатып.

Жакуттай жаркылдаган жаштык өттү,
Жаралып бул дүйнөдөн көрдүм көптү.
Ак иштеп кыйындыктан баш тартпаган,
Алмаздай курчтук кезим кайда кетти?!

Жаштык кез өзүнчө эле майрам экен,
Көңүлдү көкөлөткөн сайран экен.
Ойлосоң оюң жетип, кол жетпеген,
Карылык айтып жеткис арман экен.

Агылып далай-далай жылдар өттү,
Көңүлүм кээде толкуп, кээде чөктү.
Эскерип айтып жүрөр замандаштар,
Элиме кызмат кылдым азбы-көппү?!
Айтылды баштан өткөн армандарым,
(Камтууга мүмкүн эмес анын баарын).
Кемчилик кетип калса эскерүүмдөн,
Суранам кечирип кой окурманым?!...

Эгерде: сунуш, суроо, ой-пикириңиздер болсо, төмөнкү дарекке кат жазыңыздар: Жалал-Абад облусу, Аксы району, Кербен айылы, Алдосов көчөсү, № 32. Үйдүн телефону: 22-2-44.

*20-февраль, 2002-жыл.*

## АКЫНДАР АКЫНДЫ КУТТУКТАШАТ

МОЛДАЛЫ АРАПБАЕВ

### МЕНДЕГИ БИР ОЙ

*(Талантташ курбум Анашка)*

Алга карай бир баскан,
Акылдашып ыр жазган.
Алдыңкы болуп экөө тең,
Атагы чыккан кыргыздан.

Жусуп менен Жоомарттай,
Жолдоштукту так баалай.
Өмүр бою дос болуп,
Өргө чыксак талыкпай...
Өргө чыгып баратып,
Өзөк кургап, кан катып.
Чаңкасак да чалыкпай,
Колду бекем кармашып

Күдөр үзбөй дайым биз,
Кайрат берип, мага Сиз.
Жолду ыкчам арбытсак,
Калса артта далай из...

Далай жолу кеңешсек,
Дал чокуга бир жетсек!
Дүйнө жүзүн ал жерден,
Даана көрүп эргисек!..

Эргип комуз күүлөсөк...
Элди эмгекке үндөсөк!

Көрүп чындык турмушту,
Көркөмдөсөк, түрдөсөк!..

Таза абада сергисек,
Толкун сырын тең сезсек.
Татаал кээ бир иштерди,
Талкууласак, бир чечсек?!

*Июль, 1954-жыл.*

ТАГАЙ АБАЗБЕКОВ

## КУТТУУ БОЛСУН МЕДАЛЫҢ!

*(Республикалык биринчи фестивалдын лауреаты Сооронбаев Анашка)*

Кубанып айткан саламым,
Куттуу болсун медалың!
Көргөндөрдүн көздөрүн,
Көкүрөккө кададың.

Комузу бар бетинде,
Кыягы бар четинде.
Лауреат деген ат,
Дайым болот эсимде.

Чебер ойноп колдоруң,
Чертип комуз толгодуң.
«Айнагүлдү» аткарып,
Лауреат болгонуң.

Фестивалда сайрадың,
Лауреат кайраным.
Ээси болуп уланткын,
Искусство майданын!

*2-октябрь, 1957-жыл.*

ЫРЫЗАЛЫ ЖАНЧАРОВ

## АКЫНГА АК ЖОЛ КААЛАЙБЫЗ!

Чоң сапар жолго чыгуу, учу кыйырсыз,
Түйшүккө максаттарды чиркештирген.
Изденүү канаттары сөздөн бүткөн,
Жөнөкөй тагын тандап тиркештирген.
Мол болсун акын ага түшүмүңүз,
Үйүрүн алп ойлордун укуруктап.
Имерип сапка тизиң чөгөлөсүн,
Мөлтүрөп Каравандын алмасындай,
Сапаттуу кызыл-тазыл мөмөлөсүн!

Ал Сизге чек болбосун,
Бул каалоо тек болбосун!

*9-февраль, 1975-жыл.*

ШАБДАНКУЛ КАЗЫБЕКОВ

## ТАРТУУ КЫЛДЫҢ «ТОО ЖЕЛИН»

Көп жазып ырларды,
Көп жерде ырдалды.
«Акын» аталып Анаш,
Көп эле сыналды.

Өткөрүп көп убакыт,
Жаштык кез — кырдаалды.
Сандан сапатка айланып,
Ырдан ырлар ылганды.
«Тоо желим» аталып,
Анаштын жыйнагы.
Азыр аз да болсо саз,
Элине тартуу кылганы.

Ачылсын ак жолуң,
Калемдеш иним Анаш!
Татыктуу ырлар менен,
Талыкпай алга бас!

*9-февраль, 1975-жыл.*

АСКАР КАБАЕВ

## АРДАКТУУ АНАШ АКЕМЕ

Бирге иштедик Анаке,
Бир тууғандай жан аке.
Элүү жашка толупсуз,
Куттуу болсун маараке!

Китеп жаздың, ыр жаздың,
Кишилер менен сырдаштың,
Кечелерде, тойлордо,
Комуз чертип ырдаштың.

Акын ага Анаке,
Айкөлдүгүң бар аке!
Үзүр таап эмгектен,
Үйүңө толсун береке!
«Менин ырым»[1], «Тоо жели»[2]
Эң алгачкы эмгеги.
Ачыла элек али көп,
Анакемдин кендери.

Аман болсун башыңыз,
Агын суудай ташыңыз!
Жүзүңүздөн нур жанып,
Жүзгө чыксын жашыңыз!

*Май, 1980-жыл.*

ТАШ МИЯШЕВ

## АКЫН АНАШ СООРОНБАЕВ 50 ЖАШТА

Биз акындар ыр, сөзгө март келебиз,
Жыйындарда, тойлордо шарт келебиз.
Элге арнап ыр жазып күндөп-түндөп,
Элүү жашка андыктан бат келебиз.

Бирок, акын мүнөзү бала сымак,
А пейили айдыңдуу талаа сымак.

---

[1] «Менин ырым» ырлар жыйнагы, 1978-жылы «Мектеп» басмасынан жарык көргөн.

[2] «Тоо жели» ырлар жыйнагы, 1974-жылы «Кыргызстан» басмасынан басылып чыккан.

Адалдыкка жык толгон ой-санаасы,
Кийген менен кара тон, кара тумак.

Жандай көрүп өз элин, өскөн жерин,
Олокон тоо, ак дайра, эскен желин.
Жазат акын сулуунун сулуулугун,
Жаза бербейт алардын кез келгенин.

Ылгай билет мурдараак караны, акты,
Ырларына батырат талаа, бакты.
Эл ортону элүүгө чыкса дагы,
Ысык келет акындын махабаты.

Өжөр болот акындар, токтоо болот,
Өжөрлөнсө аларды соттоо болбойт.
Анткени алар күрөшөт чындык үчүн,
Ачык сүйлөйт, кат жазбайт топ-тоголок!

Анаш акын ошондой чынчыл акын,
Ал андыктан айлына, элге жакын.
Бозбу тоонун боз жогдор бүркүтүндөй
Боюн түзөп күүлөөдө кош канатын.

Атка, тонго теңейт эл ырдын баркын,
Анаш досум бул ырым сага тартуум!
Элүү жашка дагы элүү кошулганча,
Эргий берсин чаалыкпай кош канатың!

*20-декабрь, 1980-жыл.*

КАЛМУРАТ РЫСКУЛОВ

## АНАШ ДОСТУН КЕЛБЕТИ

*(Акындын 50 жылдыгына)*

Элдин ырын жат кылып,
Чыбык минчү ат кылып.
Ашуусуна элүүнүн,
Анаш да чыкты каткырып!

Жакшылар менен бир басып,
Таланттар менен сырдашып.
Бой бербей белгисиздикке,
Жалкоолук менен чырдашып.

Озунган бекер турбастан,
Озууга курбу, курдаштан.
Пайдасын ойлоп коомдун,
Кабардан баштап ыр жазган.

Акындар менен айтышып,
Күүчүлөр менен чертишип.
Үн кошуп обончуларга,
Артисттер менен ээрчишип.

Койкондоп комуз күүлөгөн,
Ырдаса булбул үндөнгөн.
Жакындай албай алсыздар,
Анаштан чоочуп сүрдөнгөн.

Сынасам дагы Анаш ким?
Сырдаана, танбайт аны эч ким.
Партиянын жарчысы,
Журналисти Советтин.

Жегичтер тайып жолунан,
Жилиги түшүп колунан.
Ууру, ушакчы кыйраган,
Анаштын фельетонунан,

Ырдасам дагы Анаш ким?
Ыгы жок дебейт аны эч ким.
Ыр жазган айлын сүрөттөп,
Ырчысы биздин Советтин.

Ачыла элек сырлары,
Ар түркүн түстүү кырлары.
Күрүлдөп ичте кайнаган,
Анаштын,
Кардында жатат ырлары.

Поэзия келбети,
Аалыдай акын теңдеши.
Жамгырдай ырды жаадырган,
Анаш, Темикемдин жердеши!
Сейрек чыккан кыргыздан,

Кылычын хандын сындырган.
«Сынган кылыч» автору
Анаш Төлөгөндүн жердеши.

Жалкоону эч ким жалгабас,
Эмгекчилди каргабас.
Элүүгө чыктың Анаш дос,
Эргигин, дагы алга бас!

*Декабрь, 1980-жыл.*

МАКЕНБАЙ ТАГАЕВ

## ЗАМАНДАШЫМ АНАШКА

Улам курчуп калемиңдин учтары,
Андан учту талантыңдын куштары.
Мээнет кылдың жер зергери дыйкандай,
Купулуңа толбой «түшүм» баштагы.

Бирден терип жарашыктуу тамганы,
Кынаптадың кыш сыяктуу сен аны.
Кыялданып ой учугун уладың,
Арбый берди жазганыңдын салмагы.

Жан-дүйнөңө уялатып жакшылык,
Поэзия жалын-чоктуу от жакты.
Оболотту обонуңду картайбас,
Калк таанытар такты талбас канатты.

Көркөм сөздөн гүл өстүрдүң соолубас
Суукка да, аптапка да чыдамдуу.
Чыгармачыл өнөрканаң кору мол,
Чыгат ырлар таскактары арымдуу.

Бозбу-Ата уюткулуу жер беле,
Шыктууларга ичи толгон кен беле.
Темптүү акын Темикемдин чыйырын,
Уланта бер өзүңө-өзүң дем бере!

*Декабрь, 1980-жыл.*

АБУБАКАР АЧАКАНОВ
Чечен акыны. Хасавюрт шаары

## АНАШ ДОСУМА

*(Анаш Сооронбаевга арнайм)*

Жерге күндөй, деңиз зарыл өзөнгө,
Акыл керек эл бийлеген көсөмгө.
Дайым керек бейкут турмуш ааламга,
Сага окшогон достор зарыл бүт элге.

Ала-Тоодо дил эргиткен жерлер бар,
Сага окшогон анык достор, эрлер бар.
Өмүрлүккө сени дос деп тандадым,
Бул ырымды дилден сага арнадым.

Ыр жазбасам чыдабады сабырым,
Өз элиңе көтөрүлдү кадырың.
Сага ыраазы кары, жашты карачы,
Жакшылыкка болдуң жакшы арачы.

Элге жаккан, элди сүйгөн акынсың,
Ыр сaптарың дагы-дагы арбысын!
Гүлдөп турган бакка окшойт сырларың,
Дил эргитет жазган ар бир ырларың.

Сен мынчалык боорукерсиң кишиге,
Адамдыгың арбын экен ишиңде.
Тоо булактай таза экен жүрөгүң,
Ашсын ишке асыл оюң, тилегиң.

Ак эмгегиң жашай берет элиңде,
Анаш досум көтөрө бер демилге!
Көңүлүңдө көктөм болсун, жаз болсун,
Турмушуңда кайгы-капа аз болсун.

Улгайдым деп кейибеңиз, өтүнөм,
Ырларыңыз кетпейт менин эсимен.
Унутулбас из калтырып артыңа,
Кызмат кылдың талыкпастан калкыңа.

Ырларыңды окуп жүрөт элибиз,
Сендей доско даяр биздин төрүбүз.

Ачык болсун, куунак болсун көңүлүң,
Анаш досум узак болсун өмүрүң!

*Чеченстан. Хасавюрт шаары.*
*18-сентябрь, 1988-жыл.*

АБЫЛКАСЫМ МАЛАЕВ

## АРАВАНДАН — КАРАВАНГА

*(Жакшы көргөн акын агам Анаш Сооронбаевга)*

Миң тогуз жүз токсонунчу,
Жаңы жылды тосолучу.
Кубанычтуу майрам менен,
Куттукташып коёлучу.
Кайра куруу дем, күч берип,
Калктын камын ойлойлучу.
Атуулдук парыз өтөп,
Аман-эсен бололучу!
Кандай милдет жүктөнбөйлү,
Кай жакта иштеп жүрбөйлү.
Каттагандан сурап билип,
Кабарлашып жүрөлү.

Жолукканда кучак жайып,
Саламдашып жүрөлү!
Калк үчүн иштеп талыкпай,
Кайгысыз өмүр сүрөлү!

Элибиз сүйүп барктасын,
Эч качан оомат качпасын.
Жакшынын бири Сиз деймин,
Жамандан Кудай сактасын!

Ошондуктан Сизге арнап,
Открытка кат жаздым.
Консун деп куштай туваруна,
Кош колдоп туруп атказдым.

Алдыда басар жолуңуз,
Ар дайым шайдоот болуңуз.
Аткарылсын Анаке,
Асыл максат оюңуз!



8—2109

Абылкасымдын саламын,
Кабыл алып коюңуз.

*1-январь, 1990-жыл.*

ОҢОЛБЕК СОУРБАЕВ

## АНАШ СООРОНБАЕВГЕ

Адамдар бар акылдан жок, эстен жок,
Адамдар бар уяттан жок, беттен жок.
Бирок анын бирине да окшошуп —
Биздин Анаш жаман болуп кеткен жок!

Жаштайынан журналист да, акын да,
Жаштайынан дыйкан болду акылга.
Бирок айылын чаңып алыс кетпеди,
Берсе берди Анаш гана асыл баа!
Кээ бирөөнүн кемсинтпейли өнөрүн,
Көкөлөттү поэзия өнөгүн.
Ким кандайча баа берери өз эрки,
Мен Анашты чоң таланттай көрөмүн!

Бир сөзүндө калпыс айткан жалган жок,
Жардам сурап чоң, тууганга барган жок.
Анаш ырды өмүр бою чанбады,
Ыр Анашты өмүр бою чанган жок...

Заман кыйын, чыкпай турат китеби,
Эгер чыкса кыштай болмок үчээли.
Куттук айтам маарекелик тоюна,
Куттук айтып турган кезде бүт эли!

*Кызыл-Жар. 1990-жыл.*

АБДЫМОМУН КАЛБАЕВ

## АРЫБАСТАН ЖҮЗГӨ ЧЫК

*(Акын Анаш Сооронбаевге)*

Алтымышка чыктыңбы акын, чыкпадың,
Мезгил үнүн уктуңбу акын, укпадың.
Сүйүп алып ыр дүйнөсүн бир гана,
Бүт күчүңдү, өмүрүңдү жумшадың.

Жакшы сөздү, жакшы сапты бапестеп,
Көп ырларды окуп жүрдүң жат эстеп.
Акырында жан дүйнөңдү, өзүңдү,
Ээлеп алды поэзия этектеп.

Кээ күндөрдө кечип таштап баарынан,
Кеткиң келди калемиңди көтөрүп.
Балаң, жарың эске келип кайрадан,
Жатканыңды сездиң турмуш өткөрүп.

Жүрөк сезип болор-болбос нерсени,
Акын адам аяр болот турбайбы.
Тез таарынып, кайра күлүп балача,
Назик сезим байкап койгон кылдайды.

Көп адамдар байкабастан өзүңдү,
Болбос ишти жасагын деп өтүндү.
Капа кылып, көңүлүңдү чөгөрүп,
Канча жолу ыңдын отун өчүрдү.

Бирок, талант жөн койбоду ишиңе,
Күндө кирип лира кызы түшүңө.
Кайра кармап калемиңди колго алып,
Күч кошулду денедеги күчүңө.

Ошентсе да алты китеп жараттың,
Кээде окуйсуң айрым түндөр таң атып.
Алтымышка чыгып калган экенсиң,
Поэзия дүйнөсүндө баратып.

Эми Сизге кубат берсин Кудайым,
Данын жыйың шумдук болду буудайың!
Жетимишке жигит бойдон жетиңиз,
Дем, күч берип, талыбагын ылайым!

Сексен жашта селкилерге ыр жазың,
Раймалы агайыңыздай сырдашың.
Олтурушту тилейм Сизге агатай,
Бегимайдай бир кыз менен сырдашып.

Токсон жашта тоо жаратып ырлардан,
Тобу менен малыңды айдап кырлардан.

Акын ага арыбастан жүзгө чык,
Алла-таалам берип Сизге чын жардам!

*Май, 1990-жыл.*

МЫРЗАШ СҮЙӨРКУЛОВ

## І. АКЫН АГАМ АНАШКА

Аңкып жаткан Аркыт жыты ырында,
Аздектеймин ар бир сабын чынында.
Аксы элинде акын болуп төрөлгөн,
Анаш агам алтымыштын кырында.

Ойлору анын өткүн болуп чачылат,
Ойлор... Ойлор... Анан чайыттай ачылат.
Ошол ойлор тизмектелип шурудай,
Ошол саптар китеп болуп басылат.

Акын иргейт сөз перисин, музасын,
Андай күндө жазып кайра сызасың.
Анан барып ажайып кооз ыр болот,
Аз көрбөсөң ашыгыңдай туясың.

Акын агам бул дөөлөттөн куру эмес,
Айткандарым ашыгы жок, чын элес.
Алды жакта күтүп турат окурман,
Жакшы акындан жаман ырды тилебес.

Жылдар өттү учкан куштай билинбей,
Жашадыңыз жакшы акындын бириндей,
Дагы-дагы жакшы саптар жаратың,
Аркыт менен Сары-Челектин гүлүндөй.

Кыялыңыз көл-шар болуп кетсе деп,
Кылым өмүр Сизге насип этсе деп.
Көөнүмдөгү ак ниетим ыр болуп,
Тилек кылам Сизге барып жетсе деп.

*Май, 1990-жыл.*

II. 70 ЖАШЫҢ КУТ БОЛСУН.

Жетимиш жаш кут болсун Анаш аке,
Отузду кошсок жуп болсун Анаш аке!
Үйүңүзгө бакыт жык толсун Анаш аке,
Ушул тилек куп болсун Анаш аке.

Аңкып жаткан ар кыл гүлдөн тердиңиз,
Аксы элине ырдан белек бердиңиз.
Эл алдында жарык болуп жүзүңүз,
Эмгек менен жетимишке келдиңиз.

Бейпил атып өмүрдөгү таңыңыз,
Белес, кырда жол жоргону салыңыз.
Артка таштап сексен менен токсонду,
Анаш аке жүзгө чыгып барыңыз.
Ала-Тоодой жүзү ачык чалкайган,
Ар убакта нурун чачып балкайган.
Ак дил менен чыгып барып жүз жашка,
Акын болуң ак сакалы жайкалган!

*Июнь, 2000-жыл.*

ЫСАК БАРПИЕВ
Республиканын эмгек сиңирген артисти

**КУТ БОЛСУН ЖАШЫҢ АЛТЫМЫШ!**

*(Анаш Сооронбаевдин тоюндагы куттуктоо)*

Топтоло калып жалпыбыз,
Той өткөрүү салтыбыз.
Тойдун көркү тамаша,
Той өтүлбөйт жарчысыз.
Оюн-күлкү болбосо,
Олтурган элим жалпы суз.
Той деген токчулуктун белгиси,
Той берип келген калкыбыз,
Азыркы тойго себепчи,
Айтылуу акын, жазуучу,
Журналист Анаш жарчыбыз.
Урматтап ушул адамды,
Уюшуп келдик жалпыбыз.
Кана эмесе оомийин,
Кут болсун жашың алтымыш!
Улана берсин алтымыш,

Акын ага арыбастан жүзгө чык,
Алла-таалам берип Сизге чын жардам!

*Май, 1990-жыл.*

МЫРЗАШ СҮЙӨРКУЛОВ

## I. АКЫН АГАМ АНАШКА

Аңкып жаткан Аркыт жыты ырында,
Аздектеймин ар бир сабын чынында.
Аксы элинде акын болуп төрөлгөн,
Анаш агам алтымыштын кырында.

Ойлору анын өткүн болуп чачылат,
Ойлор... Ойлор... Анан чайыттай ачылат.
Ошол ойлор тизмектелип шурудай,
Ошол саптар китеп болуп басылат.

Акын иргейт сөз перисин, музасын,
Андай күндө жазып кайра сызасың.
Анан барып ажайып кооз ыр болот,
Аз көрбөсөң ашыгындай туясың.

Акын агам бул дөөлөттөн куру эмес,
Айткандарым ашыгы жок, чын элес.
Алды жакта күтүп турат окурман,
Жакшы акындан жаман ырды тилебес.

Жылдар өттү учкан куштай билинбей,
Жашадыңыз жакшы акындын бириндей,
Дагы-дагы жакшы саптар жаратың,
Аркыт менен Сары-Челектин гүлүндөй.

Кыялыңыз көл-шар болуп кетсе деп,
Кылым өмүр Сизге насип этсе деп.
Көөнүмдөгү ак ниетим ыр болуп,
Тилек кылам Сизге барып жетсе деп.

*Май, 1990-жыл.*

## II. 70 ЖАШЫҢ КУТ БОЛСУН.

Жетимиш жаш кут болсун Анаш аке,
Отузду кошсок жуп болсун Анаш аке!
Үйүңүзгө бакыт жык толсун Анаш аке,
Ушул тилек куп болсун Анаш аке.

Аңкып жаткан ар кыл гүлдөн тердиңиз,
Аксы элине ырдан белек бердиңиз.
Эл алдында жарык болуп жүзүңүз,
Эмгек менен жетимишке келдиңиз.

Бейпил атып өмүрдөгү таңыңыз,
Белес, кырда жол жоргону салыңыз.
Артка таштап сексен менен токсонду,
Анаш аке жүзгө чыгып барыңыз.
Ала-Тоодой жүзү ачык чалкайган,
Ар убакта нурун чачып балкайган.
Ак дил менен чыгып барып жүз жашка,
Акын болуң ак сакалы жайкалган!

*Июнь, 2000-жыл.*

ЫСАК БАРПИЕВ
Республиканын эмгек сиңирген артисти

## КУТ БОЛСУН ЖАШЫҢ АЛТЫМЫШ!

*(Анаш Соронбаевдин тоюндагы куттуктоо)*

Топтоло калып жалпыбыз,
Той өткөрүү салтыбыз.
Тойдун көркү тамаша,
Той өтүлбөйт жарчысыз.
Оюн-күлкү болбосо,
Олтурган элим жалпы суз.
Той деген токчулуктун белгиси,
Той берип келген калкыбыз,
Азыркы тойго себепчи,
Айтылуу акын, жазуучу,
Журналист Анаш жарчыбыз.
Урматтап ушул адамды,
Уюшуп келдик жалпыбыз.
Кана эмесе оомийин,
Кут болсун жашың алтымыш!
Улана берсин алтымыш,

Узара берсин жашыңыз!
Бозойдой болуп жүрүңүз,
Боз тарткан менен чачыңыз.
Аман болсун эл менен,
Алмадай алтын башыңыз!
Калкыңда далай сырлар бар,
Кармалбай жүргөн ырлар бар,
Кагазга кадап жазыңыз!

Акындын кени эл экен,
Акынга эли бел экен,
Эл менен бирге басыңыз!
Кеп-сөздүн чагып маңызын,
Кемибесин багыңыз!
Кемпирдей көрбө жеңемди,
Кемпир да болсо жарыңыз.
Кемсинтпестен жетелеп,
Келиндей күтүп алыңыз!
Өзүңүз сүйгөн журналист,
Өмүр бою кылган иш.
Мурдунан тынган кээ бирөө,
Бул ишти айтчу майда иш.
Мындай дейбиз анда биз:
Раматылык ак таңдай,
Райкан маркум айткандай:
«Курулат чоң иш майдадан,
Байкабайт аны майда адам».
Так ошондой Анаке,
Акынсыз тынбай сайраган.
Өттү деп кайран жаш чагым,
Өгөйлөп санаа тартпагын.
Турмушка бышкан убагың,
Түзүгүн ырдын жаз дагын.
Майдасына урунбай,
Маанилүүсүн баштагын.
Элибиз элден кем эмес,
Жерибиз кооз миң элес,
Жаратам десең күчүң бар,
Жаратылыш дастанын.
Үй тирилик деген бар,
Жеңеме жеке таштабай,
Эсиңе ал ошол жактарын.
Көңүл ачсаң күндүз бас,
Күүгүмдө асти баспагын.

Азыркы жаштар аябайт,
Алдагы чачтын аппагын.

Шайырлык биздин жаатыбыз,
Акынга акын катары,
Айтууга бар акыбыз.
Азбастан ушул алтымыш,
Арбый берсин жашыңыз.
Желип-жортуп оолукпай,
Жетимиш деген жерине,
Жайыраак эле барыңыз!
Сексен деген секи бар,
Серептеп байкап алыңыз!
Ал жерде кемпир кем дешет,
Жеңемди ала барыңыз!
Кол кармашып токсондун,
Тоосуна чалгын чалыңыз.
Андан ары айталбайм.
«Ак молдо» менен дос элең,
Аздык кылар алыңыз.
Ал үчүн чың ден соолук,
Бекем болсун жаныңыз!

*Ноябрь, 1990-жыл.*

СУУСАРБЕК КАРАБЕКОВ

## УСТАТЫМ

*(Акын Анаш Сооронбаевге)*

Сөзүмдүн айтсам кыскасын,
Иргеген сөздүн нускасын.
Көзүмдү ачкан биринчи,
Көк майсан талант устатым.

Көздүүнүн көзү жукпасын,
Көргөндө сизди уктасын.
Жазганы жашыл жай-кышы,
Көк шибер талант устатым.

Болсун деп бир аз туз татым,
Өзүмдү кыйла кыстадым.

Кызыктуу ырды көп жазган,
Кырчындай жапжаш устатым.

Боз балдар жүрөт ыр жазып,
Билебиз сиздей чыкпасын.
Ырына жашташ карыбас,
Боз улан бойдон устатым!

*Таш-Көмүр шаары.*
*24-июнь, 1994-жыл.*

ТУРДУМАТ КОЖОГЕЛДИЕВ

## АРЫЛА БЕРСИН ШЫГЫҢЫЗ

*(Калемдешим Анаш Сооронбаевге)*

Жазуунун улап сапарын,
Жашыбыз бирге катарым.
Жазганың жагып калкыңа,
Жайылды элге атагың.
Жалпыга болду белгилүү,
Жаңыны жазып ачарың.

Жыйнадың сөздүн берметин,
Келтирип ырдын келбетин,
Талапкер ачып окуса,
Тамшантып аны дегдеттиң.
Көркөмдөп сайма-гүл тигип,
Көрсөтүп жайык жер бетин.

Асман, жердин арасын,
Ар дайым күүгө чаласың.
Ак эмгек, чындык күч менен,
Ар убак элди баалайдың.
Жыпарын төгүп ырыңдын,
Жыттуусун бизге каалайдың!

Кумармын сенин сөзүңө,
Курдашмын курбу өзүңө.
Курдаштык жайым ушунда,
Козголуп койдум эзиле.
Өткөндү эстеп бүгүн мен,
Өпкөлөп турам кичине!

Айтыла берсин ырыңыз,
Артыла берсин шыгыңыз.
Арыбай иштеп жаза бер,
Ачыла берсин дагы да,
Акындык терең сырыңыз!

*Таш-Көмүр шаары.*
*22-июнь, 1994-жыл.*

ЖАЙЛООБАЙ ЭРГЕШБАЕВ

## АК ДИЛ АКЫНГА

*(Анаш Сооронбаевге)*

Ак-Суунун айлын аралап,
Балалыгын өткөргөн.
Курагында жигиттик,
Ак, караны көп көргөн.

Билсин деп дайым байырлап,
Турмуш сырын көптөрдөн.
Жаш, карыдан үйрөнүп,
Журт аралап көп көргөн.

Тузун татып аймактын,
Дили менен сырдашып.
Сыйын билген ардактын,
Жаш, кары менен ырдашып.

Эл үчүн эмгек өтөгөн,
Мактоого татыр ичи кең.
Туруктуу ак дил бул адам,
Турмушту туура түшүнгөн.

*Таш-Көмүр шаары.*
*20-июнь, 1994-жыл.*

ДАЙЫРБЕК РЫСПАЕВ БАКЫ УУЛУ

## ЫРЫҢ ТУРСУН ТАҢ КАЛТЫРЫП КЫЛЫМДЫ

*(Акын Анаш Сооронбаевга арнаймын)*

Кимдер билбейт Сооронбаев Анашты,
Жазгандарын көпчүлүк эл баалашты.

Эки тизгин, бир чылбырды ал кармап,
Канат күүлөп алга карай баратты.

Көрбөгөмүн өзүн мурда акынды,
Китептери ал акынды таанытты.
Ырларынын ар бир сабы өрүш жол,
Окуганда алга карай талпынтты.

Ушул акын өткөрдү өз кечесин,
Көп эл келди сыйлап анын бейнесин,
Толкуп-ташып ыр окуду Анакем,
Чыпылдаган терлер басып чекесин.

Эми Анаке кабыл алгын ырымды,
Ыр аркылуу Сизге айтаар сырымды.
Чарчаба да, чаалыкпа да, жаза бер,
Ырың турсун таң калтырып кылымды!

Эми айтайын өзүңүзгө бир аз кеп,
Болсун Сиздин соолугуңуз дайым бек!
Ушул ырды аз да болсо арнаган,
Тармал чачтуу Бакы уулу Дайырбек!

*Таш-Көмүр шаары.*
*20-июнь, 1994-жыл.*

ДАЙЫРБЕК МОЛДОБАЕВ

## БОЗБУ АТАНЫН ТУЯГЫ

*(Акын агам Анашка)*

Кыргыздын Ак-Суу көркөмү,
Суусу мүрөк, таза аба.
Бейиштен бүткөн сыяктуу,
Баркына жетип бааласа.
Агабыз Анаш өскөн жер,
Эл, журтуна жараша.

Оргуштаткан оттуу сөз,
Талантан чыккан булагың.
Алтымышка чыксаң да,
Отузда сымал курагың.
Комуздун кылын боздотуп,
Жаңылттың тоонун уларын!

Кымбаттуу элдин алдында,
Кечеңиз өтүп жатпайбы.
Ар бир сөзүң бааланып,
Акыйкат менен мактадды.
Мааниси күчтүү ырларың,
Көңүлгө бекем жатталды.

Келиштирип ыр жазам,
Келгенде сөздүн кыябы.
Ыр дүйнөсүн аралап,
Акындын учсун кыялы.
Ар дайым аман болуңуз,
Бозбу-Атанын туягы!

*Таш-Көмүр шаары.*
*24-июнь, 1994-жыл.*

ТАБЫЛДЫ КАДЫРКУЛОВ

## АКСЫНЫ ДАҢАЗАЛАЙ БЕРИҢИЗ

*(Акын, устатым Анаш Сооронбаевге)*

Алп турмуштун азабы көп жолунда,
Ар дайыма шаңдуу басып өткөн күн.
Мезгил коштоп мээнет менен Анакем,
Мээримине бөлөндү го көптөрдүн!

Ырларында ачык асман, жылдыз бар,
Ышкы отун алоолонткон «бир кыз бар».
Ыйы, муңу көп анчейин байкалбайт,
Ыргактары, уйкаштыгы келген пар!

Он беш жаштан ага Сизге суктандым,
Омоктуу ой, сыныңызды укканмын.
Бара-бара мүнөзүбүз келишип,
Бассам-турсам устатымдай тутканмын...

Көп жаратып дагы ырдын каймагын,
Көкөлөтүп көңүл, сезим байрагын.
Эми Анаке байланышып туралы,
Эске салып өткөн өмүр жылдарын.

Бала чактан Сизге өзүм жакынмын,
Балким дурус, балким орто акынмын.

Туудай тутуп баркыңызды көтөрүп,
Тузуңузду мен актоого татырмын!

Анаш аке туура жолго ээрчиттиң,
Азбы-көппү таалим алып телчиктим.
Оюм түз Сизге деген, ырыңыздан,
Окуңчу бир келип турат эшитким!

*31-январь, 1999-жыл.*

ӨМҮРЗАК ЖУМАБЕКОВ

## ЖЕТИМИШ ЖАШЫҢ КУТ БОЛСУН!

*(Акын агам Анаш Сооронбаевге)*

Алты китеп жазган менин Анакем,
Акындыгы мактаганча бар экен.
Жүзү жарык, пейли кенен, колу март,
Жүргөн жери оюн, күлкү, шаң экен.

Анаш акем жоро, жолдош арттырып,
Ак дилинен каалаганы жакшылык.
Жаш чагынан келе жатат ыр жазып,
Барган сайын акындыгы артылып.

Анаш акем акын жана комузчу,
Ырын ырдап, чебер чертет комузду.
Козголбогон сезимдер да козголот,
Кошуп койсо коңур үндүү добушту.

Желип-жортуп жетимишке келдиңиз,
Далай-далай тоскоолдорду жеңдиңиз.
Бул турмушта жакшы менен жаманды,
Башыңыздан кечирдиңиз, көрдүңүз.

Ырдаганда комуз чертип, шаңкылдап,
Уккандардын көңүл чери жазылат.
Аксы элинин сыймыктанар акыны,
Арабызда жүрө бергин жаркылдап!

*Таш-Көмүр шаары.*
*Май, 2000-жыл.*

МАМАТКАСЫМ СТАМКУЛОВ

## АКЫН СООРОНБАЕВ АНАШКА

*(70 жылдыгына арнаймын)*

Баа деп ыйлап бул дүйнөгө келгениң,
Баалай билип ыры менен эмгегин.
Жетимишке жетип келди бир акын,
Жемишин жеп, суусун ичип жергемин.

Анаш дешип атың билет баарысы,
Аксы тургай атпай кыргыз элдериң
Жашап жаткан жер соорусу Кербениң,
Жашоого шык, жанга кубат бергенин.

Жыйынтыгын билсек болот өзүңдөн,
Журналисттик өтөп келген эмгегиң.
Жетимиш жыл жашап өткөн өмүрдө,
Жалган эмес элге кызмат бергениң.

Сен акынсың, мен да акын ээрчишкен,
Сен деп билем ыр жазууга телчиткен.
Поэзия тили менен сүйлөшүп,
Поэзия көчөсүндө ээрчиткен.

Арманым жок чокусуна чыгалсам,
Алпинистей аска-зоону кемсинткен.
Жетимиш жаш кутман курак кут болсун,
Баскан жолуң бак таалайга туш болсун!

Жүзүң жарык кыргыз элдин алдында,
Жүзгө чыккын жаш аягы жуп болсун!
Токсонуңда тоодой бийик ыр жазып,
Жүз жашыңда каалаганың бүт болсун!

*9-февраль, 2000-жыл.*

## МАЗМУНУ

Автордун өмүр баяны . . . 3
Балалык күндөр . . . 5
Мени ФЗОго айдаганда . . . 30
Комузумдан айрылып, кордук көрдүм кайгырып . . . 40
Максатка умтулуу . . . 43
Табышалиев менен таанышканда . . . 50
Ошто болгон окуя . . . 57
Шашылыш жыйынтык . . . 67
Абдыкайыр Казакбаев келгенде . . . 70
Эки район кошулганда . . . 74
Өз кабарчылыкка өткөндө . . . 75
Кербенге көчүп келгенде . . . 78
Редактор болгондо . . . 80
Кайрадан бөлүм башчы . . . 85
Журналист — доор жарчысы . . . 89
Акыркы сөз . . . 99
Акындар акынды куттукташат . . . 105

*Адабий-көркөм басылыш*

**Сооронбаев Анаш**

**БАШЫМДАН ӨТКӨН ОКУЯЛАР**

Басманын башкы редактору *Ишимканов К. К.*
Редактору *Карамолдоева С. К.*
Сүрөт редактору *Васильев И. Г.*
Тех. редактору *Курбанбаева М.*
Корректору *Сакелова Р.*

80с   T8.



Акын, жазуучу, журналист. Эмгек ардагери. Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү.